# Шарлоттанын желеси



## Э. Б. Уайт

*Сүрөттөрүн тарткан*
*Гарт Уильямс*

# Шарлоттанын желеси

## Э.Б. Уайт

*Сүрөттөрүн тарткан Гарт Уильямс*

инв. N 3010
ИР 3274

УДК 821.111 (73)
ББК 84.7
У 12

**Уайт Э. Б.**
У 12 **Шарлоттанын желеси** /*Которгон Н. Карыбекова.* – Б.: Салам, 2014. – 192 б.

ISBN 978-9967-27-508-9

«Шарлоттанын желеси» – жаш жеткинчектер үчүн тарбиялык мааниси бар, жарым фантастикалуу, гуманисттик чыгарма.

Чыгарманын баш каармaны кичинекей жөргөмүш Шарлоттанын табигый жөндөмү аркылуу башкалардын өмүрүн сактап калуу үчүн өз өмүрүн аябай, жанын үрөгөн ак ниет образды көрүүгө болот. Ошондой эле тестиер кыздын, балдардын, алардын ата-энесинин жана торопойдун, келемиштин, каздардын, койлордун ж.б. жаныбарлардын киши кейиптенген образдары терең ойго салып, сезимдин тереңинен орун алат.

Китеп жеткинчектерге жана өспүрүмдөргө арналат.

У 4703040100-14

УДК 821.111 (73)
ББК 84.7

Charlotte's Web
Copyright © 1952, renewed 1980 by E.B. White
Illustrations copyright © renewed 1980 by Estate of Garth Williams
Басылма Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги тарабынан каржыланган.
Сатыкка эмес .

© «Салам» басма үйү, 2014

# Мазмуну


*Кейт ДиКамиллонун кириш сөзү* ........................ *v*

*I. Эртең мененки тамакка чейин*........................1

*II. Уилбур*........................8

*III. Качуу*........................13

*IV. Жалгыздык*........................25

*V. Шарлотта*........................33

*VI. Жайкы күндөр*........................43

*VII. Суук кабар*........................50

*VIII. Үйдөгү кеп*........................54

*IX. Уилбурдун мактанычы*........................57

*X. Жарылуу*........................69

*XI. Керемет*........................80

*XII. Чогулуш*........................88

*XIII. Зор ийгиликтер*........................94

*XIV. Дарыгер Дориан*........................106

*XV. Кара чегирткелер*........................114

*XVI. Жарманке*........................119

*XVII. Таяке*........................130

*XVIII. Салкын кеч*........................137

*XIX. Жумуртка баштыкчасы*........................143

*XX. Салтанаттуу көз ирмем*........................154

*XXI. Акыркы күн*........................163

*XXII. Сыдырым жел*........................172

# *Кейт ДиКамиллонун кириш сөзү*

Ал кезде мен китепти мукабасына карап, тандаган кичинекей кыз элем. Ал эми «Шарлоттанын желесин» көргөндө кыжырым келе берчү.

Китепте баарынан мурда торопой кыйналса, кыз деле торопойго кошулуп азап тарта берет. Окуянын өзөгүн кой, каз, жөргөмүш, торопой, элпек кыз түзүшүп, окурманды да өздөрү менен кошо бушайманга салат.

Күндөр айга, айлар жылга айланып, убакыт зымырап өтө берди. Мен болсо Купер атындагы мемориалдык китепканадан баягы китептин сыртындагы муңайым жүздүү торопойдун сүрөтүн көрүп алып, айланчыктап кете албай турдум. Мен дагы бир жолу кылчайып, көзүмдү жумарым менен, оюмдан торопой да, анын кыйынчылыктары да жок болду.

Ошентип, «Шарлоттанын желеси» колума абдан кеч тийди. Уилбур, Шарлотта жана Ферн менен таанышкан кезде мен отуз бир жашка чыккам. Анда дагы жазуу сабагынан берген мугалим мажбурлабаса, балким, бул эмне китеп экенин ошол бойдон билбей калмакмын. Мугалимим бул китепти аңгеме баян сабагында үлгү катары алып, китептин башындагы биринчи сүйлөмдү («Атакем балтаны алып, кайда баратат?») ушунчалык берилип, кырааты менен окугандыктан, мага зор таасир калтырган. Келечекте жа-

зуучу болом деген адам сөзсүз «Шарлоттанын желесин» окуудан башташ керек деген ал мугалимимдин баса белгилеп айткан сөзү бар.

Китеп жазуу ниети, албетте, менде да бар болчу.

Ошентип, ичим уйгу-туйгу болуп, бир жагынан ошол маалга дейре окубаганыма уялып, ызалансам, экинчи жагынан тынчсыздануу менен «Балтадан азап чеккен торопой!» деген сүйлөмдөн улам окуянын аягы жакшы бүтөрүнөн күмөн санап туруп «Шарлоттанын желесин» колума алдым.

Тыйындын эки тарабы сыяктуу, бул китептеги окуялар турмуштун ачуу чындыгына дал келип, жакшы менен жаман айкалыштырыла сүрөттөлгөн.

Менин көңүлүмдү өзүнө бурган дагы бир нерсе – окуялардын ортосундагы байланыш. Кабыл алууга мүмкүн болбой турган нерселер, жазуучунун чебер калеминин жардамы менен соңунда окурмандын жүрөгүнүн түпкүрүндө жагымдуу маанай калтырат.

«Мен бардык эле китептеримде өзүмдүн жашоого болгон сүйүүмдү чагылдырууга аракет кылам», – деп Э. Б. Уайттын айтканы бар.

Жазуучу малканадан баштап, жайыт, саз, жарманке, көлмө, ашканага чейин, ийине келтире сүрөттөп, окурмандын ичин элжиретип, жылуу сезимге бөлөйт. Ал өзүнүн негизги каармандары торопой, кой, каз жана жөргөмүшкө да өзгөчө, аяр мамиле кылат. Ал жааңды, ат жабдыктарын, айры,

жаз, күз мезгилдерин, жөргөмүштүн желесин, ат тишти, каруселди өтө кылдат сүрөттөйт.

«Шарлоттанын желесиндеги» ар бир сөз салмактуу жазуучунун бул дүйнөдөгү адамдарга, мезгилдерге, жаныбарларга, жөргөмүш сымалдарга болгон сүйүүсүн чагылдырылат. Чыгармадагы ар бир сөз ийгиликти, кыйынчылыкты, кереметти, башка түшкөн кырсыкты, атак-даңкты жана кайгыны туура кабыл алууга үйрөтөт.

Жашоону сүйгөн адам гана булардын бардыгын өзүндөй кабыл алат.

Күз келип, күндөр кыскарып, суук түшө баштады. Бактагы сары түс жамынган жалбырактар, сыдырым жел жүрсө эле, жерге биринин артынан бири күбүлүп түшүп атты.

Исанын туулган күнү майрамы менен кошо кар да жаайт. Кыш мезгилине тиешелүү коздукка суктанып, рахаттанчу мезгил келет...

Кыш да өтүп, кайрадан күндөр узарып, жайыттагы көлмөлөр эрий баштайт. Таранчылар жазгы ырын созуп, бакалар чардап, сыдырым жел сого баштайт. Бул көрүнүштөр, дабыштар, жыттар, кереметтүү дүйнө, баа жеткис күндөрдүн баары сеники, Уилбур, сенин жыргал жашооң үчүн...

Бул Шалоттанын Уилбурга берген убадасынан үзүндү.

Ошондой эле бул Э. Б. Уайттын окурмандарга берген убадасы, үмүтү; тиричилик өз нугу менен өтө берет, жашоо уланат. Турмушта бирде ажайып,

кооз, таң калтырган нерселерге күбө болсоң, кээде жан кейиткен, жүрөк ооруткан учурга дуушар болосуң. Ошол себептен, канчалык жүрөгүң таза, акылың тунук болуп, акыл калчап иш кылсаң жана жашоону баалай билсең, бардыгы жайында болот.

Мен китепканада китептин сыртындагы Уилбурдун сүрөтүн карап алып, айланчыктап кете албай турган балалыгыма кайра кайткым келет.

– Кана, бул китеп эмне жөнүндө экен? Алдыгы сыртында торопойдун сүрөтү бар китепти айтып атам, – демекмин.

– Билбейм. Бул китептен мен корком, – деген жооп болмок.

Анда мен: – Эмнеге? – деп сурамакмын.

– Окуянын аягы кандай болуп бүтөрүнөн корком.

– Аягы жакшы бүтөт. Ишенип кой, – демекмин.

– Чын элеби?

– Чын айтам.

Бирок кичине кыз бул сөзгө ишенеби же ишенбейби айта албайм. Жалгыз гана ал кыз китептеги сөздөргө жана аруу сезимдерге муктаж экендигинен күмөнүм жок.

Баарыбыз эле мындай жылуу сөздөргө жана сезимдерге суусап турганыбызды тана албайбыз.

# I. Эртең мененки тамакка чейин

Атакем балтаны алып, кайда баратат? – деди Ферн. Ал апасына эртең мененки тамакты даярдоого кол кабыш кылып жаткан.

– Малканага, – деди Арабл айым. – Түндө торопойлор туулган.

– Балтаны эмне кылат? – деди сегиз жашар Ферн. Ал апасына суроонун аркасынан суроо жаадырып атты.

– Билесиңби, Ферн, – деди апасы, – бир торопой ара туулуп, абалы өтө начар экен. Мал болбой турган болуп калды окшойт. Ошондуктан атакең андан кутулууну чечти.

– Кутулуу дегениңиз кандай? Демек, ара туулгандыктан атакем аны сойгону жатат дебейсизби? – деп Ферн кыйкырды.

Арабл айым каймактын идишин үстөлгө коюп атып:

– Ферн, кыйкырбачы, – деди. – Атаңдыкы туура. Торопой баары бир өлүп калышы мүмкүн.

Ферн жолдо турган отургучту түртүп жиберип, сыртка чуркап чыкты. Айлана жаз жыттанып,



чөптөр ным тартып турду. Атасына жеткенче, Ферндин бут кийими көлчүлдөп, суу болуп кетти.

– Атаке, суранам, торопойду өлтүрбөңүзчү! – деп Ферн боздоп ыйлап атты. – Бул адилетсиздик.

Арабл мырза токтоп калды.

– Ферн, – деди атасы акырын. – Сен өзүңдү кармаганды үйрөнүшүң керек.

– Торопойду өлтүргөн атканыңызды көрүп туруп, өзүмдү кантип кармамак элем?

Ферндин жашы жүзүнөн салаалап куюлуп, шолоктоп ыйлап атты. Бир маалда ал атасынын колуна жармашып, балтасын жулуп алуута аракет кылды.

– Ферн, – деди Арабл мырза, – мен сага караганда мал баккан эмне экенин жакшы билем. Ара

туулган торопой көп түйшүк жаратат. Эми үйгө бар, бара гой!

– Бул адилетсиздик! – деп Ферн бакырып атты. – Торопой кичинекей болуп туулуп калганы үчүн күнөөлүү эмес. Эгерде мен ара төрөлгөн болсом, мени да ушинтип өлтүрүп коймок белеңиз?

Арабл мырза жылмайганга мажбур болду.

– Жок, анткен болбойт, – деди атасы мээримдүү. – Ара төрөлгөн бала башка, мал таптакыр башка нерсе. Аларды салыштыруу мүмкүн эмес.

– Эмне айырмасы бар? – деди Ферн, балтаны коё бербей. – Сиздики баары бир туура эмес!

Бир маалда Арабл мырзанын өңү өзгөрө түштү да:

– Болуптур, – деди ал. – Сен үйгө бара бер. Кичинекейди болсо мен өзүм ала барам. Эми аны ымыркай баладай кылып, бөтөлкө менен сүт берип багасың. Ошондо торопой баккан оңой эмес экенин түшүнөрсүң.

Жарым сааттан кийин Арабл мырза колтугуна картон кутуну кысып, эшиктен кирип келди. Ал маалда Ферн үстүнкү кабатта бут кийимин алмаштырып аткан. Дасторкон жайылып, үйдүн ичи кофе, чочконун куурулган сүр эти, кургай элек шыбак жана ыш жыттанып турган.

– Кутуну Ферндин отургучунун үстүнө коюп кой, – деди Арабл айым.

Атасы кутуну отургучка коюп, колун жууп, сүлгү менен кургатып атканда, Ферн тепкич менен ылдый түштү. Ыйлай бергенден, көздөрү шишип, кызарганы

дагы эле тарай элек болчу. Ферн отургучка отурайын дегенде, кутуга жан киргенсип кыймылдап, ичинен бир нерсе тырмалаңдап жаткандай болду. Ферн атасын бир жалт карап алды да, кутунун капкагын алып, ичиндеги аны тиктеп турган, жаңы эле төрөлгөн, кулагынан күн көрүнгөн, аппак торопойду көрдү.

– Бул сенин торопоюң, – деди Арабл мырза. – Ал жаңы эле бир өлүмдөн калды. Бул күнөөм үчүн Кудайым өзү кечирсин!

Ферн торопойдон көзүн албай, суктанып карап турду.

– Ай-ий, карагылачы, – деп Ферн шыбырады. – Сонун торопой экен!

Ал кутунун оозун жаап, кубанычы койнуна батпай, жүгүрүп барып, алгач атасын, анан апасын өптү. Кайра чуркап келип, кутунун оозун ачып, торопойду алды да, бооруна бекем кысып-кысып алды. Ошол маалда бөлмөгө бир колуна пневматикалык мылтык, экинчисине жыгач канжар көтөрүп, Ферндин он жашар агасы Эвери кирип келди.

– Бул жерде эмне болуп атат? – деди ал. – Ферндин колундагы эмне?

– Ферн эртең мененки тамакка конок чакырып коюптур, – деди атасы. – Эвери, барып, колубетиңди жууп кел.

– Канакей, көрсөтчү, – деди Эвери, торопойго мылтыгын кезеп. – Ушул тырбыйган немени торопой деп атасыңарбы? Торопой эмей эле, мунуңар ак келемиш го!



– Жуунуп кел да, алдыңдагы тамагыңды ич, – деди апасы. – Жарым сааттын ичинде мектептин автобусу келет.

– Атаке, мага деле торопой энчилеп бериңизчи, – деди Эвери.

– Торопойду эрте тургандарга гана берем, – деди Арабл мырза. – Ферн таң атпай туруп, адилеттик үчүн күрөшүп атып, торопойлуу болуп калды. Бечара өтө эле кичинекей болгондуктан, аны азырынча торопой деп айтуу кыйын. Көрдүңбү, эрте тургандын пайдасы кандай? Кана эмесе келгиле, тамак ичели!



Бирок Ферн торопойго сүт берип тойгузмайынча, кекиртегинен тамак өтпөй турду. Аны байкаган апасы эски бөтөлкөнүн оозуна упчу кийгизип, сүт даярдап берди.

– Ме, муну менен торопоюңа сүт бер, – деди апасы Ферге бөтөлкөнү сунуп.

Ферн тизелеп, торопойду кучактап отурду да, бөтөлкөнү оозуна алып барды. Торопой араң жан

болгону менен, упчуну дароо соруп, сүттү чолпулдатып иче баштады.

Сыртта күрүлдөп мектеп автобусунун добушу чыкты.

– Чурка! – деди апасы, торопойду Ферндин колунан алып. Ферн колуна майга бышкан нан кармаган бойдон шаша-буша сыртка жөнөдү. Эвери болсо бир колуна мылтыгын, экинчисине нан кармап, жолдун аркы өйүзүнө өттү да, автобуска отурду.

Ферн жолду катар терезени карап, торопойлуу болгонуна жетине албай, ичинен кудуңдап, эч кимге көңүл бурган жок. Мектепке жеткенче оюнун баары торопоюна кандай ат коюш болду. Сабакта отурганда да:

– Анын атын Уилбур койсом кандай болот? – деп ичинен ойлонуп атканда:

– Ферн, Пенсильвания штатынын борборун атачы, – деди мугалим.

– Уилбур, – деди Ферн суроону түшүнүп-түшүнбөй.

Классташтары Ферндиi шылдыңдап, туш тараптан кыраан-каткы күлө башташканда гана Ферн уялганынан кызарып кетти.

# II. Уилбур

Ферн Уилбурду жанынан да артык көрүп, тынбай сылап, эркелетип, тамак берип, коюнуна алып жатып жүрдү. Күн сайын эртең менен эрте, көзүн ачары менен торопоюна сүт жылытып, бөтөлкөсүн көтөрүп чуркачу болду. Окуудан кийин автобустун эшигинен түшө калып эле, ашканага чуркап, торопоюнун сүтүн даярдай баштачу. Кайра күүгүм киргенде, анан жатар маалда да унутпай сүт даярдачу. Ал эми Ферн мектепке кеткенде, Уилбурга сүт берген апасынын милдети болчу. Уилбурдун эң сүйгөн тамагы сүт болгондуктан, Ферн даярдап атканда, торопой бөтөлкөдөн көзүн албай күтүп турчу. Балким, ал кичинекей торопой үчүн эң бактылуу көз ирмем болсо керек.

Беш күндөй Уилбурду ашканадагы мештин түбүндөгү картон кутуда багышты. Бир аптага жетип-жетпей апасы торопойду отунканага чыгарып койду. Эки аптадан кийин торопой эшикти өзү түртүп чыга баштады. Ал кезде күн жылып, алма гүлдөй баштаган. Атасы Уилбур чыгып кетпесин деп, алма бакты айланта тосмо жасап, алдына жыгач жашикке саман төшөп, каалаган учурда кирип-чыга тургандай кылып эшик жасап койду.

– Түндө тоңуп калбайбы? – деди Ферн.

– Жок, – деди атасы. – Байкап турсаң, эмне кылар экен.



Ферн бөтөлкөнү кармап, алма бактын түбүнө чөгөлөп отурары менен, Уилбур жанталашып чуркап келди да, сүттү бир тамчы калтырбай ичип, Ферńге ыраазычылык билдиргенсип, коркулдап койду да, кайра жашикти көздөй жөнөдү. Ферн кызыгып, карап турду. Уилбур саманды тумшугу менен челип, ичине сүңгүп кирип алды. Ферн торопойдун бул жоругуна кубанып, түндө үшүбөй жылуу жатарына көзү жетип, санаасы тынчый түштү.

Уилбур күнүгө Ферńди ээрчип чыгып, автобус келгенче жанында тура бергенди адатка айлантып алды. Ферн автобустун терезесинен кол булгалап, бурулуп кеткенче, торопой кетпей, карап тура берчү. Ферн мектептен келгенче, Уилбур короодо камалып туруп, ал келери менен кайда барса, анын көлөкөсүндөй



ээрчип жүрө берчү. Кэзде Ферн үйгө кирсе, артынан кирип, бирок үстүнкү кабатка чыгып кетсе, кайра түшкөнчө кетпей, ылдый жакта турчу. Ферн куурчагын оюнчук коляскасына салып, торопоюн ээрчитип чыкчу. Кэзде торопою көпкө басып, чарчап калса, аны коляскадагы куурчагынын жанына жаткырып, сүйрөп алчу. Торопою аябай чарчаган күндөрү куурчактын жуурканынын астына кирип, кирпиктерин кайкалатып, уктап калчу. Албетте

минтип сейилдеген торопойго абдан жакчу. Ал тургай, Ферн куурчак менен торопоюн ойготуп албайын деп, аярлап, жай сүйрөп келчү.

Күн жылыганда, Ферн менен Эвери экөө сууга түшкөнү барышты. Алардын артынан адаттагыдай эле Уилбур ээрчип алды. Сууга кирип кеткен Ферндин артынан барып, ичиркенип, артка качты. Балдар суугa түшүп, бири-бирине суу чачышканча, Уилбур жээктеги жылуу баткакта ооналактап, жыргап жатты.

Ушундай бактылуу күндөр, бейпил түндөр зуулдап өтүп атты.

Фермерлердин айтымында, Уилбур жазында туулган, «жазгы торопой» болчу. Туура беш аптадан кийин Арабл мырза торопойду сата турган мезгил келгенин айтты. Бул саам атасы Ферндин көз жашына да карабай, айтканынан кайткан жок. Анткени Уилбурдун курсагы барган сайын чоңоюп, сүткө ыраазы болбой, кошумча тамак жей баштаган. Уилбурдун бир тууғандарын Арабл мырза бордобой туруп эле, эчак эле соодалап ийген.

– Ферн, Уилбурду эми коё беришиң керек, – деди атасы. – Кичирээк кезинде жакшы эле эрмектедиң. Эми ал чоңойду. Аны сатышыбыз керек.

– Закермандарга чалып көрсөң, – деди апасы көзүнө жаш толгон кызын карап. – Ушул тапта Гомер таякең эки чочкону семиртип атат. Эгер Уилбурду таякеңе сатсак, каалаган учурда барып турасың.

– Уилбурду канчага сатсам болот? – деди Ферн.

– Эми ал ара туулуп, башка торопойлордон кичирээк болгондуктан, Гомерге барып, алты долларга сатам деп көр. Эмне дээр экен, байкайлы, – деди атасы.

Бир чечимге келгенден кийин, Ферн таякесининин үйүнө чалды. Телефонду Эдит тайжеңеси алып, малканада жүргөн Гомерди үнүнүн бардыгынча кыйкырып чакыра баштады. Торопойду болгону алты долларга баалап атышканын угуп, Гомер буйдалбастан макул болду.

Эртеси Уилбурду алма бакчадан жетелеп чыгып, Закермандардын кепесинин ичиндеги кык төшөлгөн чочкоканага киргизишти.

# III. Качуу

Кепенин ичи эски болгону менен, бир топ кенен болчу. Анын ичи чөп, кык, аттын тери, уй аралаш жыттанчу. Мындан тышкары, кепенин ичинен жемдин, ат жабдыгынын, майдын, суу өтүктүн жана жаңы аркандын жыты да келип турчу. Ал эми мышыкка балыктын башын бергенде, кепенин ичи балык эле жыттанып калчу. Бирок бастырмада малга бергенге, үймөк-үймөк чөп жыйналгандыктан, анын жыты басымдуулук кылчу. Жалпы жонунан, Уилбурга ал жер тынч жана жылуу-жумшак сезилди.

Кышкысын кепенин ичи жылуу болсун деп, эшиктерди жаап, ал эми жайкысын тескерисинче, шамалдап салкындасын деп, эшиктерин чоң ачып салышчу. Кепенин үстүнкү кабатында минген аттарды кармоочу жер, уйларды байлаган мамы, алдынкы кабатта кой короо, жанында Уилбур жаткан чочкокана бар болчу. Бардык эле сарайлар сыяктуу ал жерден бары-жоктун баарын табууга мүмкүн эле. Үймөктүн арасынан шаты, тегирмендин ташы, айры, ат тиш, чалгы, чөп чапкан машине, кар күрөгөн күрөк, балта, сүт саалган чака, бош

мүшөктөрдөн баштап, дат баскан капканга чейин табууга болор эле. Мындай кепелерде көбүнчө чабалекейлер уя салып, балдар ойногонду жакшы көрүшөт. Мына ушунун баары Ферндин таякеси Гомер Л. Закерман мырзага тиешелүү болчу.

Уилбурдун жаңы жайы уйкананын так алдында, кепенин алдынкы кабатында жайгашкан. Гомер мырза чочколор жылууну сүйөрүн жакшы билгендиктен, чочкокана түштүк тарапта, ичине кык төшөлүп, жылуу-жумшак болчу.



Ферн малканага келип, бурчта жаткан эски отургучту таап, кой короо менен чочкокананын ортосуна коюп алган. Ошентип, ал жерге отуруп, эртеден-кечке унчукпай ойлонуп, малдын дабышын тыңшап, карап отура бергенди адатка айлантып алды. Ферндин элпек, жайдары мүнөзүн байкаган койлор, каздар, деги эле кепедеги малдын баары ага үйүр алып алышты. Гомер таякеси торопойду сыртка чыгар-

ганга жана чочкокананын ичине киргенге уруксат бербей, бирок отургучка отуруп алып, каалашынча карай бергенге каршы эмес болчу. Ошентип, Ферн Уилбурдун жанында отурганына ыраазы болсо, Уилбур аны ээрчип сейилдеп, суута түшө албагандан кийин, жок дегенде Ферндин тосмонун сыртында отурганын көрүп, канист кылгандай сезилчү.



Убакыт өтүп, көз ачып-жумганча, Уилбур эки айга толду. Жай келип, июнь айынын аптаптуу күндөрү башталган кезде Уилбур короого чыгып кетти. Ошол күнү Ферн келе албай калган эле. Уилбур күнгө бир аз кактанып, ойлонуп турду. Ал өзүн бул дүйнөдө жападан жалгыз калгандай сезип кетти.

– Бул жерде алаксый турган эч нерсе жок, – деп Уилбур ойлонду. Акырдын жанына шашпай басып келип, ичин шимшилеп жыттап атып, болгону картөшкөнүн узун бир кабыгын таап жеди да, аркасын тосмонун жыгачына кашый баштады. Андан да жадап, кепеге кайра кирип, үйүлгөн кыктын үстүнө чыкты. Анын жер челгенге да көңүлү чаппай турду. Анткени күн сайын бир жерден жылбай соксоюп тура бергенден да, жаткандан да тажап калган эле.

– Жашым эки айга жете электе эле, жашоодон ушунчалык тажап калдымбы? – деди да, кайра сыртты көздөй жөнөдү. – Болгону сыртка чыгып, кайра ичкери кирүүгө гана мүмкүн. Ушинтип кирип-чыгып жүрө берет экенмин да, – деп Уилбур наалып койду.

– Жаңылышасың, дос-дос-досум, – деген ары жактан каркылдаган үн чыкты.

Уилбур кылчайып, тосмонун артында турган казды көрдү.

– Ушундай кир-кир-кир кепеде калууңдун зарылчылыгы жок, – деп каз какылдады. Ал пулемётко окшоп, абдан тез сүйлөгөндүктөн, ар бир сөздү үч жолудан кайталап атты. – Көрдүңбү, алдыгы тосмонун жыгачынын бирөө ажырап турат. Аны-аны-аны жакшы-жакшылап түртүп көрсөң.

– Эмне дейсиң? Какылдабай, жакшылап айтчы,– деди Уилбур.

– Ан-ан-анда кайра кайталайм, – деди каз. – Чыгып сейилдеп келбейсиңби деп атам. Сыртты карачы, айлана кандай кооз!

– Тосмонун жыгачы ажырап турат дейсиңби?

– Ооба-ооба-ооба!

Уилбур тосмонун жанына барса, каздын айткандары туура болуп чыкты. Ал башын ылдый кылып, көзүн жумду да, күчүнүн бардыгынча тактайды түртө баштады. Тосмонун жыгачы суурулуп, бир мүнөткө жетпей Уилбур тешиктен кыпчылып өтүп, сырттагы жайкалган көк шибердин үстүндө турду.

– Ии, эркиндикке чыккан кандай экен? – деп каз каркылдады.

– Сонун! – деди Уилбур. – Мага эркиндик көбүрөөк жагат, – көптөн бери камалып көнө түшкөндүктөн, тосмосуз жерде өзүн кызыктай сезип атты. Ага аалам менен анын ортосунда чек калбагандай туюлду.

– Эми каяка барсам болот?

– Ка-ка-каалаган жагыңа! Кааласаң, жемиш бакчага кирип, жер челсең болот, кааласаң, огородго барып, чамгыр казсаң болот. Жерден каалаган нерсеңди таба аласың. Чөпкө кирип оттоп, дан издеп көр!

– Сулу-сулу-сулу изде! Каалашыңча чурка! Так секирип ойно, шыйрактарыңды тарбаңдатып бийле! Жемиш бакчанын ары жагында токой-токой-токой бар! Жаш кезде дүйнөнүн өзү керемет!

– Баары түшүнүктүү! – деп Уилбур чаңырган бойдон асманга дейре секирди. Кайра жерге оонап, кайра туруп, бир-эки кадам шилтеп, катып калгансып, ордунан жылбай турду да, аңкыган жаздын жытын

искеп алып, бакчаны көздөй чуркады. Алма бактын алдындагы көлөкөнүн алдына келип, тумшугу менен жер челе баштады. Анын кубанычы коюнуна батпай, өзүн абдан бактылуу сезип турду. Анын бакчада жүргөнүн байкашканча, бир далай жерди челип, казып жиберди. Уилбурду ашкананын терезесинен эң биринчи Закерман айым көрүп калды.

– Гомер! Торопой чыгып кетиптир! Лэрви! Торопой качып кетти! Гомер! Лэрви! Торопой чыгып кетиптир деп атам! Ал алма бактын түбүндө жүрөт! – деп Закерман айым үнүнүн бардыгынча кыйкырды.

– Балээнин баары эми башталды, – деди Уилбур ичинен.

Ызы-чууну уккан каз:

– Эми карматпай, кач-кач-кача гөр! Ылдыйды карай чурка! Токойду көздөй кач-кач-кач! Токойдон сени кыйын болсо-болсо-болсо, кармап алышсын!

Чуру-чууну уккан кокер-спаниель дөбөт кепеден чыгып, антаңдап торопойду артынан кубалап жөнөдү. Кыйкырык-сүрөөндү уккан Закерман мырза да бастырманын алдында оңдоп жаткан машинелерин таштап, чыга калды. Ал тургай талаада спаржа отоп, жалданып иштеген жумушчу Лэрви да баарын таштап коюп, чуркап жөнөдү. Баары жабыла Уилбурдун артынан кубалап жөнөштү. Уилбур болсо айласы куруп, каяка чуркарын билбей турду. Токой жакты караса, жетпечүдөй, өтө алыс көрүндү. Бир жагынан, токойдун ичине өмүрү кирип көрбөгөндүктөн чочулап да турду.

– Лэрви, алдынан тосуп, кепени көздөй айда, – деп Закерман кыйкырды. – Өтө шашкалактап, чочутуп алба! Мен чакага жем салып келейин.

Уилбур качканы тууралуу кабар малдын арасына желдей тарады. Малдын бирөө качса, ар дайым башкалардын кызыгуусун жараткан бул мыйзам ченемдүү көрүнүш болчу. Каз коңшусу уйга Уилбурдун качканы тууралуу каркылдап жеткирсе, аз өтпөй уйлардын баары ал жаңылыктан кабардар болду. Уйлардын бирөөсү жанындагы койго айтып, ал кабар койлордун арасына бир заматта тарады. Козулар болсо, апалары айтып атканда, кулактары чалып калды. Аттар болсо, каздын каркылдаганын угуп, кулактарын тикчийтип тыңшап калышты. Аз өтпөй бул жаңылык аттардын баарына жетти.

– Уилбур качыптыр. Эми ал эркиндикте, – деп малдын баары досунун камалбай эркин жүргөнүн угуп, жетине албай толкунданып, уу-дуу болуп атышты.

Уилбур болсо, кайда качарын билбей, айласы түгөндү. Артынан фермадагылардын бири калбай кубалап келаткандай сезилди.

– Эркиндик дегени ушул болсо, кепеде камалып турганым артык, – деген ой кетти.

Бир жагынан кокер-спаниель, экинчи жагынан Лэрви тороп, Закерман айым огородго киргизбей алдынан тосуп, Закерман мырза болсо жем салган чаканы көтөрүп, торопойду утурлай басты.



– Өмүрүмдө мынчалык коркунучтуу абалга кептелип көргөн эмесмин. Ферн бүгүн эмнеге келбей калды экен? – деди да, Уилбур ызаланып, ыйлап жиберди.

Муну көргөн каз жетекчиликти өз колуна алып, буйрук бере баштады.

– Уилбур, бир жерде тура бербе! Ары-бери буйтап, качканга аракет кыл! Мени көздөй чурка! Ары жакка кач! Токойду көздөй чурка! Буйта, кач!

Кокер-спаниель аз жерден Уилбурду шыйрактан аларда, торопой буйтап, секирип качып кеткенге үлгүрдү. Лэрви болсо кучактап жыгылайын дегенде, Уилбур бутунун ортосунан өтүп кетсе, торопойдун ордуна Лэрви спаниелди кучактаган бойдон калды. Ачуусу келген Закерман айым Лэрвини кыйкырып уруша баштады. Каз болсо дале торопойго дем-күч берип:

– Азаматсың! Азамат! Чамда! Алга! – деп кыйкырып атты.

– Ылдыйды көздөй чурка! – деп уйлар мөөрөсө,

– Бери, мен тарапка чурка! – деп каз каркылдайт.

– Өйдө адыр жакка чурка! – деп койлор маараса,

– Буйтап туруп, жылт кой! – деп каз кайрадан каркылдайт.

– Так секирип жүгүр! – деп ары жактан короз койкондойт.



– Лэрви келатат! – деп уйлар эскертсе,

– Иттен абайла! – деп койлор коштойт.

– Мени жакшылап ук! Мени гана тыңда! – деди каз какап-чакап.

Мындайды күтпөгөн Уилбур башы айланып, коркконунан эмне кыларын билбей калды. Чындыгында, ал минтип баарынын көңүл чордонунда, буту үзүлгөнчө чуркаганды душманына да каалабайт болчу. Ал досторунун кеңешин угууну каалаганы менен, бир эле маалда алардын айтканынын баарын аткарып, бирде адырга чыгып кайра түшүп, буйтап, жылт берип качып кетүү мүмкүн эмес эле. Чуркап баратканда, ызасына муунуп, көзү жашка толуп тургандыктан, айланасы мунарык тартып, эч нерсе көрүнбөй калды. Ушундан улам Уилбурдун али жаш, көңүлү жумшак экенин байкоого болот эле. Ал учурда Ферн тезирээк келип, колуна алып, сооротсо деп эңседи. Ошол маалда башын көтөрүп, маңдайында жугундунун чакасын көтөрүп, Закерман мырза турганын көрүп, жеңилдей түштү. Уилбурдун тумшугуна дароо жылуу сүттүн, картошканын кабыгынын, улпактын, куурулган «Келлогг» сортундагы жүгөрүнүн, Закермандардын эртең мененки тамагынан калган куймактын сонун жыты келип турду.

– Канакей, торопоюм, – деди Закерман мырза чаканы каккылап. – Бери кел, келегой!

Уилбур чыдай албай, чаканы көздөй кадам шилтеди.

– Жок-жок-жок! – деп каз тынчсызданып карылдап ийди. – Уилбур, тузакка түшөсүң! Бул эски амалдардын бири! Ал сени кайра камап коёт. Тамакка алданба!

Тилекке каршы, Уилбур тамакка табити тартып тургандыктан, каздын сөзү кулагынын сыртынан кетти. Эрки жетпей чаканы көздөй дагы бир кадам таштады.

– Кана, торопоюм! Жүрөгой! Жүрү! – деди Закерман мырза мээримдүү үн менен. Ал торопой жакты кылчайып карабастан, түз эле кепени көздөй басты.

– Кап-кап-ка-ап! Кандай өкүнүчтүү! Аттиң-ай! – деп каз ары жакта кыйкырып жатты.

Уилбур эч нерсеге көңүл бурбастан, чаканын артынан ээрчип кете берди.

– Өкүнүп каласың! – деп, каз торопойду ынандырууга аракет кылды. – Эркиндигиңди ушинтип бир чака жугундуга алмаштырасыңбы?

Уилбурга баары бир болгондой түр менен, каздын айткандарын уккан да жок.

Закерман кепенин оозуна келди да, тосмодон ашып түшүп, чакадагы жугундуну акырга куйду да, торопой оңой өтсүн деп, суурулган тактайды биротоло жулуп салды.

– Кеч болуп кала электе артка кайт! Кайт артка! – деп каз дагы эле кыйкырып жатты.

Уилбур каздын сөзүн тыңдабастан, акырдагы жугундуну жанталашып ичип, куймакты жыргап чай-

нап атты. Ичинен өз үйүнө кайтканына сүйүнүп турду.

Уилбур тамагын жеп атканда, Лэрви балка алып келип, суурулган тактайды кайра ордуна кагып салды. Анан Лэрви менен Закерман мырза тосмого жөлөнүп, торопойго суктанып карап турушту. Закерман чыбык менен Уилбурдун жонунан сылап атканда, Лэрви:

– Мурдагыдан бир топ эле чоңоюп калды, – деди.

– Айтты-айтпады дебе, бул торопойлордун алды болот, – деди Закерман аны коштоп.

Уилбур кожоюндардын мактаганын угуп, кардына да сүт кирип, ичи жылый түштү. Жонун кашыган чыбыктан магдырап, уйкусу келип баратты.

Ал күн Уилбур үчүн эң оор күндөрдүн бири болгондуктан, сааттын жебеси араң төрткө жетсе да, торопой кирпигинен тартса жыгылчудай болуп турду.

– Сыртка жалгыз чыкканга али эрте экен, – деп ичинен өзүнчө бүтүм чыгарып койду да, көзү жумула баштады.

# IV. Жалгыздык

Эртеси күн бүркөлүп, жамгыр жаады. Кепенин үстүнөн тамчы тынбай тыпылдап тамып турду. Эшиктин алдына жааган жамгыр ийри-буйру арыкчалар менен, коко тикен жана амарант баскан аянтчаны көздөй шылдырап агып жатты. Ашкананын терезесине урунуп жааган жаан суу аккычтан жыбылжып куюлуп атты. Шалбаадагы жонунан суу өткөн койлор жол менен чубалып, ээрчишип келип, бастырманын астына кирип кетишти.

Ал күнү Уилбурдун максаты ишке ашпай калды. Ал кайрадан короого чыгып, тумшугу менен челип, жаңы чуңкур казууну көздөп аткан. Албетте, торопойдун андан башка да пландары бар болчу. Бирок жалпы жонунан алганда, анын эң негизги планы:

Саат таңкы алты жарымда тартылган сүт, нандын сырты, улпак, майга бышкан нандын калдыктары, үстүнө зараң кыямы шыбалган пирог, картөшкөнүн кабыгы, мейиз аралашкан кремдин калдыгы, кичине майдаланган буудай аралаш жугундуну саат жетиге чейин ичип бүттү.

Жетиден сегизге чейин акырдын алдында жашаган келемиш менен бир аз өткөн-кеткенди талкуулоо.

Келемиш мырза тууралуу айта кетсек, аты Темплтон. Өзү эч кимге жакшылык кылбаган, соргок келемиш болчу. Аны менен баарлашуу кызыктуу болбосо да, сүйлөшө турган башка эч ким болбогондуктан, торопойдун башка айласы жок эле.

Саат сегизден тогузга чейин Уилбур магдырап, күнөстөп уктоону самаган.

Тогуздан он бирге чейин чуңкур казып, ылайдын ичинен жегенге бир нерсе болсо табууну көздөгөн.

Саат он бирден он экиге чейин тактайга конгон чымындарды, бедеге конгон аарыларды, асманда сызып учуп жүргөн чабалекейлерди карап отурмак.

Он экиде кайрадан түшкү тамакка берилген улпакты, жылуу сууну, тууралган алманы, этке куюлган катыкты, сабиздин кабыгын, эттин калдыгын, ачып кеткен жүгөрү боткону жана чийки кабыктарды түгөтө жеш керек болчу. Түшкү тамакты саат бирге чейин жеп бүтүп, курсагын кампайтып алып, саат экиге чейин уктамак.

Саат экиден үчкө чейин тосмого кашынмак.

Үчтөн төрткө чейин бир орундан жылбай туруп, жашоонун маңызы тууралуу ой жүгүртүп, Ферндн күтмөк.

Төрттө тамактануу убактысы келип калмак. Кайра тартылган сүт, дан, *Лэрви* калтырып койгон май сүйкөлгөн нандын калдыгы, кара өрүктүн кабыгы, ар кайсы тамактын түптөрү, куурулган картөшкө, майдаланган мармелад, бышкан алманын тиштендиси, креми менен тактайга түшкөн бир кесим торт.

Ушундай пландарды түзүп атып, Уилбурдун көзү илинип кеткен. Эртең менен саат алтыда турса, сыртта дыбырап жаан жаай баштаптыр. Аба ырайынын бузулганын көрүп, анын көңүлү дароо чөгө түштү.

– Бүгүнкү күнгө сонун план түзүп койгондо, карабайсыңбы, жаан жаап калганын, – деди торопой.

Уилбур маанайы чөгүп кепенин ичинде бир аз турду да, эшик тарапка барып, тумшугун сыртка чыгарары менен үстүнөн жаан тамчылап, суу боло түштү. Сыртта күн бүркөк, суук, жердин баары ным болуп, акырдын ичине бир элидей суу толуп калды. Темплтондун аты да, жыты да чыкпай жерге житип кеткендей, эч жерде караанды көрүнбөйт.

– Темплтон, сен кайдасың? – деп Уилбур аны чакырып атты.

Келемиштен жооп болгон жок. Бир маалда торопой үчүн бул дүйнө абдан кызыксыз, өзүн жападан жалгыз сезип кетти.

– Окшош күндөр эле өтүп жатат, – деп торопой үшкүрүп койду. – Ушул убакка чейин чыныгы дос да күтө алган жокмун. Жаандын токтой турган түрү жок. Аба ырайы мындай болсо, Ферн келмек беле. Анын келбеси анык! – деди да, Уилбур шолоктоп экинчи ирет ыйлады.

Саат алты жарымда Уилбур чаканын калдыраганын угуп, ары жакта жаандын алдында жугундуну аралаштырып жаткан Лэрвини көрдү.

– Келегой, торопоюм! – деди ал.

Торопой ордунан козголгон да жок. Лэрви чакадагы жугундуну акырга көңтөрүп куйду да, ичинде калгандарын бир сыйра кырып түшүрүп, ары көздөй басып кетти. Ал торопойдун абалы дурус эмес экенин байкады.

Чындыгында, ал учурда торопой тамак эмес, жылуу мамиле, мээрим тартуулап, кубаныч менен кайгысын тең бөлүшүп, чогуу ойногон дос күтүүнү самап турган. Бир аздан кийин кой кепенин бурчунда бир ордунан козголбой, тынч отурган казга акырын басып келип:

– Жүрү, ойнойбуз, – деп суранды.

– Жо-жо-жок, – деди каз, – ме-ме-мен жумуртка басып жатам. Алдымда азыр сегиз жумуртка бар. Аларга жылуу-жылуу-жылуулук керек. Ме-ме-мен ордумдан туруп, аларды таштап кете албайм. Оюн-оюн-оюнкараактын бири эмесмин. Өзгөчө жумуртка басып жатканда, эч жакка жыла албайм. Жумурткадан каздын бала-бала-балапандары чегилип чыгарына саналуу эле күн калды.

– Жумурткадан чыйырчыктын балапандары чыгат экен деп атса, – деп Уилбур какшыктап койду.

Каздан пайда чыкпаганда, Уилбур козунун жанына барып, аны сөзгө тартууга аракет кылды.

– Мени менен ойнойсуңбу?

– Жок, ойной албайм, – деди козу. – Биринчиден, мен тосмодон нары ашып түшө албайм. Анткени

али кичинекеймин. Экинчиден, мени торопойлор таптакыр кызыктырбайт. Алар менин жашоомдо эч кандай орун ээлебейт. Мен үчүн алар жокко эсе десем да болот.



– Эмне дейсиң? Жокко эсе деп айтууга кантип дитиң барды! – деп Уилбурдун кыжыры кайнай түштү. – Дүйнөдө бош орунга теңей турган нерсе барбы? Жок деген бардык нерсенин чеги да. Ал орунда бир нерсе болгондон кийин, кантип аны бош деп айтууга болот? Кичинекей нерсе болсо да, анын өз орду бар эмеспи. Эгерде бош нерсенин ичинде эч нерсе жок болсо, мына ошондон өткөн жок нерсе болбойт!

– Болду эми, катуу кетпе! – деди козу. – Бар, өзүң менен өзүң ойной бер, тардыгым жок. Мен болсо чочколор менен ойнобойм деп айтпадымбы.

Уилбурдун маанайы андан бетер чөгүп, дыбырап жааган жаандын дабышын тыңшап жатып калды. Бир маалда тактай менен ылдый түшүп келаткан келемишти көрдү.

– Темплтон, мени менен ойнойсуңбу? – деди Уилбур.

– Ойнойсуңбу дейсиңби? – деп келемиш торопойдун суроосун кайталады. – Ойногон дегенди кандай түшүнсө болот?

– Албы, – деди Уилбур, – көңүлүбүздү көтөрүп, секирип, чуркап келебиз.

– Мен өмүрүмдө антип көргөн жан эмесмин. Чуркабай, көңүл ачпай койсо, эмне болот экен? – деди келемиш мырза үңүрөйүп. – Андан көрө бир нерсе кемирип жеп, аңдып, анан уяма култ этип кирип кеткеним жакшы эмеспи. Чуркагандан көрө, жакшылап тамак жеп албаймынбы. Азыр кепеңе кирем да, сен жебей койгон жугундуга тоюп жыргайм. Аны тоё жеп алууга сенин мээң жетпесе керек. Туура айтамбы?

Сөзүнүн аягына чыкпай, Темплтон жылт коюп дубалдын түбү менен чуркап барып, эшиктен кепе-



ге чейин казган тешикке кирип жок болду. Темплтондун бардык нерсени тез баамдап, өзүнө ылайыкташтырып жасап алган сапаты бар болчу. Бул туннель сымал жол да анын чебердигинен, тапкычтыгынан жана амалкөйлүгүнөн кабар берип турчу. Аталган туннель менен ал эч кимге көрүнбөй, кепенин оозунан короодогу акырга чейин жетип алчу. Бул сыяктуу туннелдер Закермандардын фермасынын бардык жеринен өтүп, келемиш каалаган жерине эч кимдин көзүнө илинбестен жеткенге мүмкүнчүлүк түзүп алган. Келемиш көбүнчө күндүз уктап, күүгүм кирери менен жортуулга чыкчу.

Уилбур келемиштин тешикке кирип кеткенин бир көргөн, анан көз ачып-жумганча короодогу жыгач акырдан чыгып турган тумшугун байкап калды. Темплтон акырдын кырынан моюнун созуп жатканын көрүп, Уилбур чыдабай кетти. Ансыз деле жаанчыл, бүркөк күн бир жагынан анын маанайын түшүргөнү аз келгенсип, эми башка бирөө анын тамагына кол салып жатканы жанына батып кетти. Темплтон шүмүрөйүп суу болгонун көрүп, табалаган да жок. Бир жагынан, эч ким теңине албай, жалгыздык жанына батып, ызаланып турса, экинчи жагынан, курсагы куруллдап, карды ачып турганын сезип, Уилбур баарынан түңүлүп, чөптүн үстүнө кулады да, өксүп ыйлай баштады.

Түш оогондо Лэрви Закерман мырзага барып:

– Торопойдун абалы начар көрүнөт. Бүгүн эртең менен жугундуну искеген да жок, – деди.

– Ага анда эки кашык күкүрт жана крахмалдан бир аз берип коюш керек, – деди Закерман.

Лэрви кепеге келип, Уилбурду моюнунан кармап, оозуна күч менен дары куюп баштаганда, торопой эмне болуп жатканын түшүнбөй калды.

Бул күн Уилбур үчүн эң оор күндөрдүн бири болду. Мындан ары да жалгыз өмүр сүрө турган болсо, аны көтөрө аларына күмөн болуп турду.

Ошентип, күүгүм да кирди. Караңгыда койлордун кепшегенинен, үстүндө уйларды аркандаган чынжырлардын шалдыраганынан башка эч нерсе угулбай, кепенин ичи көзгө сайса көрүнгүс караңгы эле. Бир маалда нары жактан ичке, назик бир үндү угуп, Уилбур кулак түрүп, таң калып туруп калды. Себеби бул үндү Уилбур мурда бир да жолу уккан эмес болчу.

– Уилбур, сен чыныгы дос күтүүнү каалап аттың беле? – деди белгисиз үн. – Кел, экөөбүз дос болобуз. Бүгүн кечке мен сага байкоо жүргүздүм. Сен чындап эле, менин купулума толуп турасың.

– Мен сени көрө албай жатам! – деп Уилбур ордунан так секирип турду. – Сен каяктасың? Сен кимсиң?

– Мен жаныңдамын, – деди жагымдуу үн. – Азыр уктай бер. Эртең менен көрүшөбүз.

# V. Шарлотта

Уилбурга түн ушунчалык узун сезилип, таң атпай жатты. Анын бир жагынан, курсагы куруллап, экинчи жагынан, башына түрдүү ойлор келип, түйшөлүп, ооналактап чыкты.

Түн ичинде он жолу ойгонуп, караңгыны тиктеп, саат канча болгонун биле албай, сырттагы дабыштарды тыңшап атты. Уилбурга ары жакта түнү бою бирөө кыбырап жүргөнсүп, шыртылдаган дабыштар угулуп турду.

Уилбур биринчи ойгонгонунда, ага дан салынган үкөктү Темплтондун кемирип жатканы угулду. Келемиш тиштери менен карчылдатып, жыгачты болушунча тешкенге аракет кылып жаткан.

– Оңбогон келемиш! – деди Уилбур ичинен. – Түнү бою тынчтык бербей, өзү да уйку көрбөй, колуна тийген нерсенин баарын кемирип, кырчып, зыян келтиргенден башканы билбейт. Башка жаныбарлардай болуп, тынч уктай бербейби!

Экинчи жолу ойгонгондо, каз да оодарылып, өзүнчө каркылдап атканын укту.

– Саат канча болду? – деп торопой каздан сурады.

– Он бир жарым бол-бол-болуп калса керек, – деди каз. – Сен эмне уктабай жатасың, Уилбур?

– Башым чыңалып, ой толуп кетти, – деди Уилбур.

– Ошондой де, – деди каз. – Менин андай оорум жок. Менин башымда бир да ой жок, бирок байлыктын баары курсагымдын алдында. Кыйын болсоң, сегиз жумуртканы басып чыгарып көр!

– Түшүнүп турам. Кыйын эле болсо керек. Балапандарың качан чыгат?

– Отуз күндөй убакыт ичинде, – деди каз. – Кээде күн жылуу болгон кезде амалга салып, үстүн саман менен жаап туруп, бир аз сейилдеп келип атам.

Уилбур оозун ачып, эстеди да, кайра көзү илине баштады. Үргүлөп баратканда, кулагына: «Экөөбүз дос болобуз. Уктай бер. Эртең менен көрүшөбүз», – деген үн кайрадан жаңырды.

Таң атканга бир сааттай убакыт калганда Уилбур ойгонуп, сырт жакты тыңшады. Кепенин ичи дале караңгы болчу. Койлор жымжырт болуп, дабышы да угулган жок. Каз да бир ордунан козголбой жатты. Үстү жактагы уйлар менен аттардын да дабышы чыккан жок. Темплтон да кемирип аткан үкөктү таштап, башка жакка чуркап кетсе керек. Жалгыз гана чатырдагы желекченин бирде оң, бирде сол тарапка айланып, кыйчылдаганы угулуп атты.

– Буюрса таң атайын деп калды, – деди Уилбур ичинен.

Таң шооласы үлбүрөп терезеге тийип, жымыңдаган жылдыздар биринин артынан бири шамга окшоп

өчүп баратканда, Уилбурга канатына башын катып жаткан каздын, бир аздан кийин нарыраак жакта жаткан койлор менен козулардын караанды даана көрүнө баштады. Таң сүрүлүп, агара баштады.

– Чыдамсыздык менен күткөн таңыбыз да атты окшойт. Чыныгы досума жолуга турган күн келди!

Уилбур элеңдеп, эки жагын карап койду. Алгач ал кепенин ичин түрө кыдырып, баарын карап чыкты. Моюнун созуп терезенин кырын, шыпты көзү тешилгенче карады. Тилекке каршы, эч нерсе көрө алган жок. Бир маалда чыдабай, биринчи сөз баштоону чечти. Албетте, ал жымжырттыкты бузуп, таң атпай башкалардын тынчын алууну көздөгөн эмес. Бирок сырдуу, караанын көрсөтпөгөн досуна жолугуунун башка жолун таба алган жок.

– Урматтуу кечээ кечинде мага кайрылган жолдош! – деди Уилбур үнүн катуу жана ишенимдүү чыгарып. – Мага бар экениңизди билгизип, кандайдыр бир белги берип коюуңузду өтүнөм.

Торопой токтоп калды да, айланасын бир сыйра карап, тыңшап турду. Кепедеги малдын баары баштарын көтөрүп, торопойго жин тийдиби дегенсип карап калышты. Уилбур өзүн оңтойсуз сезип, кызара түштү. Бирок артка чегинбестен, белгисиз досун кандай гана жагдай болбосун табууну көздөп, сөзүн андан ары улады.

– Көңүл бургула! – деди Уилбур. – Кайра кайталайм. Кечээ кечинде мага дос болууну сунуштаган жандын ачыкка чыгуусун өтүнөм!



Койлор кыжыры келип, бири-бирин караштты.

– Уилбур, обу жок нерсени айтпачы, – деди картаң кой. – Таң атпай жаңы досуңдун да тынчын алып жатканыңды түшүнбөй турасыңбы? Ал досуңа үрүл-бүрүлдөн акидей асылып, таттуу уйкусун буза берсең, сенден баш тартууга мажбур болушу мүмкүн. Досуң эрте турарына көзүң жетеби?

– Кечирип койгулачы, суранам, – деп Уилбур шыбырай баштады. – Мен эч кимдин тынчын алып, жолтоо болоюн деген эмесмин.

Шагы сынган торопой чөптүн үстүнө кулады да, эшикти тиктеп жатты. Бирок картаң койдун сөзүндө калет жок эле. Досу таттуу уйкусунан ойгоно элек, жакын эле жерде турганы оюна келген жок.

Бир маалда сырттан чакасын көтөрүп, Лэрви кирди. Уилбур ордунан ыргып туруп, эки жагын карабай, шашып-бушуп жугундунун баарын ичип бүтүп, акырдын ичин тили менен жалап-жуктап чыкты. Койлор болсо, шалбааны көздөй чубап жөнөгөндө, алардын артынан каз анда-санда бир чолуп, оттоп баратты. Тамактан кийин үргүлөп бараткан Уилбурдун кулагынын түбүнөн баягы назик үн жаңырды.

– Салют, досум!

– Эмне дейсиң? – деди Уилбур уйку-соонун ортосунда түшүнө албай. – Сен кайдасың?

– «Салют» деп мен сени менен учурашып атам. «Саламатсыңбы» же «Кутмандуу таңың менен» дегендин ордуна кыска эле ушинтип учурашканды жакшы көрөм. Кызыктай сөз экенин билем. Бирок ушул сөз дайыма оозума келе берет. Каякта экеним сага кызык болуп атса, эшиктин үстүндөгү бурчту карасаң. Мен ошол жерде желе тартып атам.

Уилбур кайра-кайра карап атып, акыры жагымдуу үнү бар жанды көрдү. Эшиктин дал үстүндө чоң желе самсаалап, анда чоң, боз жөргөмүш айым башын ылдый салаңдатып алып, торопойду карап туруптур. Анын көлөмү болжол менен бир тамчы чайыр менен тең болчу. Ал сегиз бутунун бирөөнү Уилбурду карап, эски достой булгалап атты.



– Эми мени көрдүңбү? – деди жөргөмүш.

– Албетте көрдүм, – деп Уилбур кубанычтуу кыйкырып жиберди. – Жашоолоруң кандай? Кутмандуу таңың менен! Сага да салют! Сени көргөнүмө абдан кубанычтуумун! Сенин атың ким? Мага атыңды айтып коёсуңбу, кичи пейилдикке?

– Менин атым Шарлотта, – деди жөргөмүш.

– Шарлотта дейсиңби? – деди Уилбур, кубанганын жашыра албай.

– Толук атым Шарлотта А. Каватика. Бирок кыскача Шарлотта дей берсең болот.

– Сен абдан сулуу болсоң керек, – деди Уилбур.

– Айтпа, чүрөктөй сулуумун! – деди жөргөмүш, Уилбурду коштоп. – Аны эч ким тана албаса керек. Негизинен жөргөмүш аттуунун баары эле сулуу ке-

лет. Башка жөргөмүштөргө окшоп анча тоголок да эмесмин. Атаганат, сен мени көрүп тургандай, мен да сени даана көрө алсам эмне!

– Мени эмнеге көрө албай жатасың? Мен бакыйып эле маңдайыңда турбаймынбы.

– Маңдайымда турганыңды билем. Бирок мен алысты жакшы көрбөйм. Бир жагынан, жакшы болгону менен, экинчи жагынан, ар дайым көйгөй жаратат. Эми чымынды кыймылдатпай, желеге орогонумду жакшылап карап тур.

Акырга конуп турган чымын учуп барып, жөргөмүштүн жабышчаак желесине түшүп калды. Ал күчүнүн бардыгынча канатын каккылап, желеден чыгууга аракет кылып атты.

– Алгач, мен ага кол салышым керек, – деди да, Шарлотта башы менен чымынды сүзө качырып жөнөдү. Шарлотта салаңдаган сайын, артынан ичке жибек сыяктуу жип чубалып чыгып атты.

– Эми мен бул чымынды оройм, – деди да, чымынды какчыйта желеси менен ороп салды.

Уилбур оозун ачып, жөргөмүштүн бул жоругуна таң калып, карап турду. Ал көргөн көзүнө ишене албай, чымындарды жаман көрсө да, ичинен ал бечарага боору ачый түштү.

– Эми болсо бул чымынды кыйнабай, жанын биротоло жай алдырабыз, – деди да, жөргөмүш чымынды чагып алды. – Болду эми, мындан аркысын ал сезбейт. Бүгүн жолум болуп, курсагым да кампаят окшойт!

– Сен эмне, чымын жейсиңби? – деди Уилбур.

– Анан эмне деп ойлоп аттың эле! Чымынын да, коңуз, чегиртке, күбө, көпөлөк, курт-кумурска, шиш тумшук, кантала, чиркей, кара чегиртке, кырк муун, айтор кыбырап желеге түшүп калган каскак аттуунун баарын жей берем. Акыры мен да бир нерсе кылып жан сакташым керек да. Ачкадан өлмөк белем.

– Туура, – деди Уилбур. – Алардын даамы кандай?

– Албетте даамдуу. Жесең, тимеле таңдайыңа татый түшөт. Чындыгында, мен аларды бүкүлү жебейм, канын сором. Канын ичсең даамдуусун айт, – деди да, Шарлоттанын ансыз да ичке үнү ого бетер назик чыкты.

– Токтот! Мындан ары улантпай деле койсоң болот, – деди Уилбур титиреген үн менен. – Суранам, мага эч качан мындайларды айтпай жүр!

– Эмнеге? Бул чындык. Мен оюмдан чыгарып аткан жерим жок. Чымын-чиркейди өлтүрүп, жеген мага жагат деп айтпайм. Жаратылыш ушундай кылып жаратса, эмне кылайын. Жөргөмүш деле акыры бир нерсе кылып, жан багыш керек да. Табигаттан жип ийрип, желе тартып жашаганга жаралыптырмын. Тор токуп, чымын, курт-кумурска аңдып өмүр сүрүп келем. Апам да мендей эле аңчы болгон экен. Тукумубуздун баары эле ошентип тиричилик өткөрүп келиптир. Миңдеген жылдар бою жөргөмүштөр чымын-чиркей кармап жеп келишет.

– Анда силердин тукумуңарга бак айтпаптыр да, – деди Уилбур кабагын чытып. Жаңы досу кан соргуч экенин ойлоп, торопойдун ичи тызылдай түштү.

– Ооба, туура айтасың, – деди Шарлотта. – Бул менин колумдагы нерсе эмес. Илгери кайсы жөргөмүштүн оюна желе тартуу келгенин билбейм да. Ошондон баштап бардык жөргөмүштөр анын жолун улап келишет. Бир чети, ал жөргөмүш туура эле кылган деп ойлойм. Жалпы жонунан алганда, мунун жаман жагы деле жок.

– Бул зөөкүрчүлүк эмеспи? – деди Уилбур, айтканынан кайтпай.

– Болуптур. Сен кандай ойлосоң, ошондой ойлой бер! – деп Шарлоттанын ачуусу келе түштү. – Сага бардыгын даярдап, тамагыңды алдыңа куюп берет экен. Мага ким антмек эле? Мен өз акылым менен жашап, өзүмдү-өзүм багып келатам. Мээм иштебесе, эмгиче ачкадан өлүп калмакмын. Ушул убакка чейин баарын жети өлчөп, бир кесип жашап келатам. Колума тийген нерсени коё бербейм. Жалаң курт-кумурскаларды кармап жеген тагдырыма жазылган нерсе экен. Мындан тышкары, – деп ал баса белгиледи, – эгерде мен зыянкеч чымындарды кармап жебесем, алар көбөйүп, кыбыр эткен жан койбой, эчак эле жер-пери менен кошуп жеп коймок.

– Чын элеби? – деп Уилбур таң кала түштү. – Анын жүзүн ары кылсын. Анда сенин желеңдин пайдасы бар турбайбы.

Нары жакта балапан басып отурган каз Шарлотта менен Уилбурдун ортосундагы маекти угуп, өзүнчө бүтүм чыгарып койду. «Уилбур али жаш, жашоодо көп нерсени түшүнө элек экен», – деди каз ичинен.

– Ал өтө эле ишенчээк, аркы-беркини капарына албайт. Чукул арада аны кандай тагдыр күтүп турганын, Жаңы жылга чукул Закерман мырза менен Лэрви аны союуга камынып жатканы менен иши да жок. Каз ордунан козголуп, алдындагы жумурткаларды жылуулугу жакшыраак өтсүн деп, өзүнө жакыныраак тартып алды.

Шарлотта бир саамга үн катпай, маңдайындагы чымынды жегенге камынды. Уилбур түн бою толкунданып, жакшы уктабай чыкканга абдан чарчап тургандыктан, капталдап жатып, көздөрүн жумду.

Жел менен кошо беденин жыты тумшугуна кирип, сырткы дүйнөдөн кабар берип тургандай сезилди.

– Мына акыры, көптөн күткөн чыныгы достуу да болдум. Бирок достуктун ичинде нечендеген сырлар бар көрүнөт! Мисалы, Шарлотта ырайымсыз, орой, амалкөй жана кан соргуч жан болуп чыкты. Мен жек көргөн адаттардын бардыгы ага таандык экен. Ал акылдуу жана сулуу болсо да, эми кантип ага ичимди жылытам? – деди Уилбур. Бардык эле жаңы дос күткөн жандар сыяктуу эле анын ичи уйгу-туйгу болуп, ойлонуп атты.

Бактыга жараша, жакын арада Уилбурдун Шарлотта тууралуу пикири таптакыр өзгөрөт. Анткени жөргөмүш сыртынан одурайып, жагымсыз жана зөөкүр көрүнгөнү менен, жүрөгү абдан жумшак, боорукер жан болуп чыгат. Алардын достугу барган сайын ширелип, Шарлотта өмүрүнүн аягына чейин Уилбурдун кыйышпас досу болуп калат.

# VI. Жайкы күндөр

Фермада жай айынын башы эң жыргал жана берекелүү мезгил. Алгач сирень гүл ачып, айланага жыпар жыты аңкып жыттанып, тез эле гүлдөп бүтүп калат. Анын артынан алма гүлдөп, гүлдөрүнө аарылар ызылдап коно баштайт. Күн өткөн сайын аба ырайы ысып, жан эриткен сезимдерди пайда кылат.

Ал эми окуучулар жайкы эс алууга чыкканда, көбүрөөк ойноп, форель кармап, рахаттанчу мезгил болуп саналат. Эвери күн сайын жаңы эле кармаган, дароо куургудай майда форель балыктарды чөнтөгүнө толтуруп келчү. Каникулу башталгандан бери Ферн да фермага күнүгө келип, баягы эле кичинекей отургучунда малды карап, таң атпай келип, күн батканда кетип жүрдү. Короодогу малжандыктар Ферңге мурдагыдан да көбүрөөк үйүр алып, койлор бутунун түбүндө жата берчү болду.

Июль айынын башында Закерман мырза минген аттарды чөп чапкан машинеге чиркеп, талааны көздөй айдап кетти. Таң атканча машиненин дырылдаган үнү тынбай угулуп, талаадагы киши бою өсүп сеңселген чөптү чаап келди.

Эртеси күн ачык болуп, фермадагылардын бири калбай айры, тырмоолорун алып, чөп жыйнап, чөмөлө салып, арабага жүктөгөнү жөнөштү. Ферн менен Эвери жыргап, үйүлгөн чөптүн үстүндө отурушту. Жаңы чабылган бедени, кышта малга тоют болчу чөптөрдүн баарын сарайдын үстүнө үймөк кылып жыйып салышты. Көбүнчө бастырмадагы чөптүн үстүнө балдар чыгып, секирип ойноп, кээде оюп кирип, бир да жан таба албагыдай, жашынып алышчу. Чөптүн арасынан Эвери кичинекей жылан таап алып, чөнтөктөгү буюмдары менен кошо салып алды.

Жай айлары куштар үчүн да бакубат мезгил. Туш-тарапта, талаада, үйдүн тегерек четинде, кепеде, токойдо, сазда – айтор жердин баарында чымчыктардын сайраганы угулуп, жандары тынбай чыйпылдашып, жумурткадан балапан чыгара башташат. Токойдун четинде ак моюн таранчы (Бостон штатынын чок ортосунан ооп келсе керек):

– Пи-пи-пи-ба-ди! – деп сайраса, алма бакта ыргалып, куйругун булаңдатып отурган ызгыт куш:

– Ыз-ыз-ыз-ыз-гыт! – деп үн салат.

Нары жактан аларды коштоп, жашоо кандай керемет жана кыска дегенсип:

– Со-со-со-со-нун! – деп чыйырчык обон созот.

Ал эми кепе жактагы чабалекейлер уясынан суурулуп чыгып алышып, бири-бири менен:

– Ары жок, ары жок! – деп урушуп жаткандай сезилет.

Жайында эшиктен кирбей ойногон чыт курсак балдар, эмнени гана жешпейт! Каакымдын сүтүнөн баштап, беденин гүлүнүн учундагы ширеге чейин шимиришип, аягын муздаткычтагы шыргалаң суусундук менен бүтүрүшөт. Жер-суунун баары жанданып, ал тургай отоо чөптүн башы томпоюп, жабышчаак болуп турганда, жарып ийсең ичинен жашыл личинка чыгат. Ал эми картөшкөнүн жалбырагына кызгылт-сары түстөгү коңуздун балдары жайылып кетет.

Ошондой аптаптуу жай күндөрүнүн биринде каздын жумурткасынан балапандар чегилип чыкты. Кепенин алдынкы кабатындагылар үчүн бул орчундуу окуяга айланды. Ошол күнү Ферн адаттагыдай эле фермага келип, отургучта отурган.

Бул кубанычтуу кабарды каздан кийин эле үстү жактан карап турган Шарлотта билди. Ал эми каз айым болсо, бир күн мурун эле жумуртканын ичинен жандары тынбай чыйпылдап, тыбырап аткан балапандарынын үнүн угуп, чыгарына аз калганын баамдап койгон. Балапандардын жандары тынбай, сыртка чыкканга эки көзү төрт болуп жаткандай, жумуртканын ичине урунганда, тырсылдаган дабыш чыгып аткан. Каз болсо, балапандарынын үнүн тыңшап, ордунан козголбой, кепке да аралашпай, өз арбайын согуп атты.

Биринчи балапандын башы каздын канатынын алдынан көрүнөрү менен, Шарлотта баарына сүйүнчүлөдү:



– Төрт ай бою талыкпай эмгек кылып, күйпөлөктөп жумурткаларынын жанынан карыш жылбай отурган биздин сүйүктүү каз досубуздун акыбети кайтты десек болот. Анын кубанычын ушул жердегилердин баары эле тең бөлүшүүгө даяр экенинен күмөнүм жок. Ошондуктан урматтуу каз айымды аман-эсен көз жарышы менен чын жүрөктөн куттуктап коюуга уруксат этиңиздер!

– Ра-ра-рахмат! – деп каз айым башын ийкеп, баарына таазим кылып, ыраазычылыгын билдирип атты.

– Чоң рахмат! – деди каз мырза.

– Куттуктайм! – деди Уилбур. – Канча балапандуу болдуңар? Мен бирөөнү да көрө албай жатам.

– Жети балапан, – деди каз.

– Кандай сонун! – деди Шарлотта кубанып. – «Жетинин бири кыдыр» деген сөз бар эмеспи. Жети – өзү ак жолтой сан, ийгилик алып келет деп айтып жүрүшөт.

– Кептин баары бул сандын ийгилигинде эмес, талыкпас эмгек менен маңдай терде, – деди каз айым.

Бир маалда акырдын алдынан Темплтондун тумшугу көрүндү. Ал көзүнүн кыйыгы менен Ферндиге карады да, дубалдын түбү менен казды көздөй акырын басып келди. Кепедегилердин баары келемиштен көзүн албай, карап турушту. Себеби алардын көпчүлүгү келемишти жактырчу да, ишене алышчу да эмес.

– Угуп турчу, – деди келемиш орой, ачуу үн менен, – жети балапан чыкты деп жатасыңбы? Негизи сегиз жумуртка басып жатпадың беле? Сегизинчиси кана? Андан эмнеге балапан чыккан жок?

– Сасыткы окшойт, – деп каз божомолдоду.

– Ал жумуртканы эмне кылайын деп атасың? – деп Темплтон каздан топчудай көздөрүн албай, тиктеп турду.

– Кааласаң, алып кетип, өзүңдүн акыр-чикирлериңе кошуп ал. (Темплтондун көзүнө көрүнгөн, колуна тийген майда-бараттын баарын жыйнап, уясына ташый бермей адаты бар болчу).

– Көзүмө көрүнбөй, алып кеткин дагы, бала-бала-бала-балапандарымдын жанына басып келчү болбо. Жоло-жоло-жолосоң, таарынба, көзүңдү оюп, канатым менен жалпайта чабам! – деди да, каз канаттарын катуу каккылап, келемишке күчүн көрсөтүп коюуну чечти.

Казда күч-кайрат болгону менен, чынын айтканда, Темплтондун келиши каз айымды гана эмес, каз мырзанын да ичин уйгу-туйгу кылып, чочутуп турду. Алардын келемиштен шек санаганынын жөнү бар болчу. Тилекке каршы, келемиште абийир, уят-сыйыт, ырайым, аёо же достук сезими, дегеле ыйык сезим жокко эсе болчу. Ыгы келсе, келемиш балапандарга кол салып, өлтүрүп койгондон да кайра тартпай, кийин суудан кургак кутулуп чыгып кетмей жайы бар эле. Аны жаныбарлардын баары эле беш колдой билишчү.

Айтчусун айтып, каз айым тумшугу менен сасыткы жумуртканы уясынан сыртка түртүп чыгарары менен, келемиш аны шаша-буша тоголотуп жөнөдү. Келемиштин бул жоругуна күбө болгондордун баары ирээнжип, жаман көздөрү менен карап турушту. Ал тургай тамакты тандабай жеген Уилбурга да Темплтондун кылыгы жийиркеничтүү сезилип, көңүлү айный түштү. Элестетип көргүлөчү, каздын сасыткы жумурткасын жеп атканыңарды!

– Келемиштин кылары ошол да. Андан башка эмне күтсө болот? – деп Шарлотта коңгуроодой

тунук, ичке үн менен шыңкылдап күлдү. – Бирок эсиңерде болсун, достор, кокустан ал жумуртка жарылчу болсо, кепедегилер жытынан дем ала албай калат.

– Кандайча? – деди Уилбур.

– Кыйытпай түз айта турган болсом, сасыган жумуртка, бомба сыяктуу жердин баарын каптап, жытына бир да жан чыдай албай калат.

– Мен аны жарганы жаткан жерим жок, – деп Темплтон күңкүлдөдү. – Мындай жумуртканы биринчи жолу тоголотуп баратыптырмынбы. Жарылбасына толук көзүм жетет.

Ал акырдын алдында казылган ийинине жумуртканы тоголотуп кирди да, өзү жылт коюп жок болду.

Күндүз шамал басаңдап, короонун ичине күн тийип, жылыган кезде каз балапандарын ээрчитип, айлана-чөйрө менен тааныштыруу үчүн сыртка алып чыкты. Закерман мырза Уилбурдун тамагын көтөрүп баратып, балапандардын чегилип чыкканын көрө коюп:

– Салам, кичинекейлер! – деп жылмайды. – Канакей, санап көрөлүчү: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети. Жети балапан турбайбы! Эң сонун!

# VII. Суук кабар

Күн өткөн сайын Уилбур Шарлоттаны жакындан таанып, мүнөзүн баалап, жактыра баштады. Жөргөмүш курт-кумурскаларды жегенде зыянынан пайдасы көбүрөөк болорун да жакшы түшүндү. Анткени фермадагылардын баары чымындарды жек көрүшчү. Чымындар кыбыраган жандын баарын жадатып, уйлардын чымындарды көрөйүн деген көзү жок калса, аттар тажап, койлордун болсо көкөйлөрүнө көк таштай тийип бүтүшкөн. Ал тургай Закерман айым менен Закерман мырза дагы чымындардан тажап, терезелерине тор тагууга мажбур болушкан.

Шарлотта чымынды дароо жебей, уктатып, эч нерсе сезбей калганда гана жегени Уилбурга ого бетер жагып, Шарлоттаны баалай баштады.

– Сен абдан сезимтал жана көрөгөчсүң, – деди Уилбур жөргөмүшкө.

– Ооба, – деди Шарлотта, – мен чымындардын жанын кыйнабай, жээрден мурун оорусун сезбегидей кылып коём.

Ошентип, күндөр учкан кыштай зуулдап өтүп, аңгыча Уилбур да эттенип, чоңоюп калды. Эми ал тамакты мурдагыдан эки эсе көп жей баштагандыктан,

кожоюндар ага күнүнө үч маал тамак бере башташты. Семирген сайын тамактан кийин оonалактап, бир топко магдырап жатканды адатка айлантып алды. Барган сайын эттенип, салмагы арта баштады.

Бир күнү Ферн адаттагыдай эле Уилбурдун жанында отургучта отурса, кепеге картаң кой кирди.

– Кандай, Уилбур! – деди картаң кой. – Байкашымча, акыркы күндөрү өтө эле семирип кеттиң.

– Семирсе семиргендирмин, – деди Уилбур. – Менин курагымда салмагымды жакшылап көбөйтүүгө аракет кылыш керек эмеспи.

– Чынын айтсам, менин сага ичим күйбөй эле, тескерисинче, боорум ачып турат, – деди кой. – Сени эмнеге бордоп семиртип жатканын түшүнгөн жоксуңбу?

– Жок, – деди Уилбур.

– Суук кабар угузууну каалаган эмес элем, – деди кой. – Сени семиртип туруп, сойгону жатышат. Болгону ошол.

– Эмне дейсиз?! Сойгону жатышабы? – деп Уилбур чаңырып ийди. Ферн болсо отурган бойдон бир орунда катып калды.

– Сенин этиңди ыштап, сүрсүтүп койгону камынып атышат, – деп кой кошумчалады. – Фермерлердин баары эле күн сууктай баштаганда, торопойлорду союп алышат. Сени Исанын туулган күнү майрамына соёт экен деген имиштер бар. Алардын ичинде Лэрви, Закерман мырза, ал тургай Жон Арабл мырза да бар.

– Арабл мырза дагыбы? – деди Уилбур бышактап ыйлап атып, – Ферндин атасыбы?



– Албетте, ал дагы катышат. Чочко сойгондо, баары жардамга келген салтка айланган нерсе. Мен жашоомдо көптү көрдүм. Жыл сайын мындай нерсе кайталанып, эмне болорун жатка билип калдым. Арабл мырза көбүнчө мылтыгын көтөрүп келип, чочколорду атып…

– Жетишет! Андан ары улантпай койсоңуз деле болот, – деп Уилбур чаңырып ийди. – Мен өлгүм келбейт! Жан соога! Мени ким куткара алат!

Ары жактан үн чыкканда, Ферн эси чыгып, селт эте түштү.

– Капа болбо, Уилбур! Бардыгы жайында болот, – деди баарын үстүнөн угуп турган Шарлотта.

– Кантип капа болбойм, – деди Уилбур жанын коёрго жер таппай, ары-бери чуркап. – Мени союп салы-

шын каалабайм. Мен өлгүм келбейт. Шарлотта, айтчы, картаң койдун айткандары чынбы? Күн суукташы менен менин түбүмө жеткени турушабы?

– Негизи, – деди жөргөмүш ойлуу, – картаң кой фермада көп жылдан бери жашайт. Ал жазгы торопойлордун туулганын да, жок болгонун да көп эле көргөн. Анын айткан кебинде калет жок. Ишенбеске арган да жок. Албетте, бул зөөкүрчүлүк. Адамдар эмнелерди гана кылбайт!

Уилбур ичине бугу толуп, боздоп ыйлап атты.

– Мен өлгүм келбейт, – деп ал онтоду. – Мен дайыма ушул кепеде, үйүлгөн кыктын үстүндө жылуу-жумшак, досторумдун арасында жүргүм келет. Кере-кере дем алып, күнөстөп жаткым келет.

– Анан албетте, чаңырып, жашоого шаң кошууну да кааласаң керек, – деди нары жактан картаң кой.

– Мен жашоо менен кош айтышууну каалабайм! – деп Уилбур кыйкырып, жерге кулап түштү.

– Коркпой эле гой! Сен өлбөйсүң! – деди бир маалда Шарлотта.

– Чын элеби? Мени ким куткарат? – деп Уилбур көзүн жалдыратты.

– Мен куткарам, – деди Шарлотта.

– Кантип?

– Убагы келгенде, көрөсүң. Мен сени куткарам дедимби, болду. Эми өзүңдү кармап, жаш балача ыйлаганыңды тезинен токтот! Ыйлаганды жаман көрөм!

# VIII. Үйдөгү кеп

Жекшемби күнү эртең менен Ферн ата-энеси менен үстөлдө тамак ичип отурушкан. Эвери шам-шум этип алып, үстүнкү кабатка рогаткасын алганы кеткенде, Ферн сөз баштады:

– Гомер таякемдин казы балапан чыгарганын уктуңуз беле? – деди ал.

– Канчоо экен? – деди атасы.

– Жетөө, – деди Ферн. – Негизи каз сегиз жумуртка басып жаткан. Бирок бирөө сасыткы болуп калып, аны каз Темплтонго берип салды.

– Каз эмне кылды дейсиң? – деди апасы кызынын сөзүнө таң калып. Бир четинен кызынын бул кебине тынчсыздана түштү.

– Каз Темплтонго ал жумуртканын кереги жок экенин айтты, – деп Ферн кайталады.

– Темплтон деген ким? – деди апасы.

– Албы? Темплтон – ал келемиш мырза. Аны биздикилердин бири да жактырбайт.

– «Биздикилер» дегениң ким? – деди апасы түшүнө албай.

– Кепенин алдынкы кабатында жашагандардын баары. Уилбур баш болуп, койлор, козулар, каздар, балапандар, ал тургай Шарлотта, анан мен дагы.

– Шарлотта дейсиңби? – деп апасынын оозу андан бетер ачылып калды. – Шарлотта дегениң ким эле?

– Уилбурдун жакын досу, акылдуу бир жан!

– Ал өзү кандай неме?

– Эми кандай десем? – деп Ферн ойлонуп калды. – Анын бардык эле жөргөмүштөрдүкүндөй сегиз буту бар го дейм.

– Шарлотта дегениң жөргөмүшпү? – деди апасы.

Ферн башын ийкеп койду.

– Чоң, боз, ургаачы жөргөмүш. Ал Уилбурдун эшигинин үстүнө желе тартып, желеге түшкөн чымындардын канын сорот. Уилбур досун жанындай көрөт.

– Чын элеби? – деп апасы Ферңди элейип карады. Ферңден көпкө көзүн албай, сөздөрүнө ого бетер тынчсыздана түштү.

– Албетте, Уилбур Шарлоттаны жогору баалайт, – деп Ферн сөзүн бекемдеп койду. – Каздын балапандары чегилип чыкканда, Шарлотта эмне деди дебейсизби?

– Эмне деди? Кана, айтып берчи.

– Биринчи балапандын башы каздын алдынан кылтыйып көрүнгөн кезде, мен бурчтагы отургучта отургам. Шарлотта болсо желеси менен алек болуп аткан. Анан ал ушундай сөз сүйлөдү дейсиз: «Менимче, төрт ай бою талыкпай эмгек кылып, күйпөлөктөп жумурткаларынын жанынан карыш жылбай отурган биздин сүйүктүү каз досубуздун акыбети кайтты». Укмуш сүйлөйт бекен? Ага анан кантип баа бербейсиң?

– Мыкты сүйлөптүр, – деди апасы. – Эми, Ферн, бар да, жекшембидеги сабактарыңа даярдан. Эверини да шаштыр. Түштөн кийин Гомер таякеңдин фермасындагы калган жаңылыктарды айтып бересиң. Сен ал жерге Кудайдын куттуу күнү барат эмессиңби?

– Мага ал жер абдан жагат, – деди да, Ферн оозун аарчып, үстүнкү кабатты көздөй чуркады.

Ал кетери менен Арабл айым акырын жубайын карап:

– Ферндин сөздөрүнөн бир аз чочулап турам. Ал ар нерсени балдырап, малды да сүйлөтүп салганын байкадыңбы?

Арабл мырза жылмайып:

– Кайдан билесиң, балким, малдын деле өз тили бардыр. Кээде мага деле жаныбарлар сүйлөшүп жаткандай сезилип кетет. Ферндин сөзүнө тынчсызданбай эле гой. Баланын ой чабыты, кыялы күчтүү болот эмеспи. Анан дагы өтө эле сезимтал келишет.

– Баары бир тынчсызданып турам. Дарыгер Дориандан да сурап көрөйүнчү. Ал Ферндн өз кызындай эле көрөт эмеспи. Торопой пайда болуп, бул жерге келгенден бери анын жүрүш-турушу өзгөргөнүн дарыгер деле байкаган чыгар. Менимче, баары жайында деп айтуу кыйын. Жаныбарлар сүйлөбөсүн өзүң деле жакшы билесиң да.

– Кыязы, биздин Ферндин угуу сезими өтө жакшы өнүккөн, – деп атасы жубайын карап жылмайып койду.

# IX. Уилбурдун мактанычы

Жөргөмүштүн желеси биз ойлогондон алда канча бекем келет. Ал үлбүрөп, ичке көрүнгөнү менен аны дароо үзүп жиберүү мүмкүн эмес. Желеге түшкөн курт-кумурскалар жан далбастап, ары-бери урунуп жатып, анын ар кайсы жерин жыртып салышат. Жөргөмүштөр ал тешиктерди кайра бүтөп, убараланышат.

Ферн күн сайын отургучуна отуруп алып, кеч курун желесин токуй баштаган Шарлоттаны караганды жакшы көрчү.

Бир күнү кечинде ал кызыктуу бир аңгемени өз кулагы менен угуп, акылга сыйбас бир окуяга күбө болду.

– Буттарың өтө эле түктүү ээ, Шарлотта, – деди Уилбур желеси менен алышып жаткан жөргөмүштү сөзгө тартууга аракет кылып.

– Муну да Кудай бекеринен түктүү кылып берген эмес, – деди Шарлотта. – Менин буттарым кокса, трохантер, фемур, пателла, тибия, метатарсус, анан тарсус деген жети бөлүктөн турат.



Уилбурдун оозу ачылып отуруп калды.

– Тамашалап атасыңбы? – деди ал таң калганын жашырбай.

– Жок, тамашалабай эле.

– Кайра айтсаң. Биринчи айтканда эстей албай калдым.

– Кокса, трохантер, фемур, пателла, тибия, метатарсус жана тарсус.

– Кудай сакта! – деди Уилбур өзүнүн мыртыйган туяктарын карап. – Буттарымды бөлүккө бөлүп санаган оюма да келбейт болчу. Буттарым жети бөлүктөн турарынан күмөнүм бар.

– Биздин жашоо үчүн күрөшүү жолубуз эки башка да, – деди Шарлотта. – Желе токуу үчүн күчтүн баары бутта болушу керек. Ал эми сага желе токуунун эмне кажети бар?

– Кааласам, мен деле желе токуп коём, – деп Уилбур мактана сүйлөдү. – Ушул маалга чейин ыңгайлуу учуру келбей жүрөт.



– Кана анда, кыйын экениңди көрөлү, – деди Шарлотта. Ферн болсо, торопойду карап алып чыдабай кыткылыктап, ичи элжиреп турду.

– Болуптур, – деди Уилбур. – Мага көрсөтүп берсең, мен бир желе токуй калайын. Абдан кызыктуу болсо керек. Кана, эмнеден баштайын?

– Алгач терең дем ал, – деп Шарлотта жылмайды.

Уилбур Шарлоттанын айтканы менен болуп, терең дем алды.

– Эми кепенин эң бийик жерине чык. Мисалы, тээтиги жерге, – деп Шарлотта эшиктин өйдө жагын көзү менен көрсөттү. Уилбур болсо үйүлгөн кыктын үстүнө чыкты.

– Азаматсың, – деди Шарлотта. – Эми колуңдан келишинче өйдө секир. Жерге түшкөнчө аркаңдан жип чууруп чыккандай болсун.

Уилбур селейип, бир саам демин ичине алып турду да, өйдө секирди. Ал эки жагын элеңдеп, артынан жип чубалып жатабы же чубалган жокпу деп карап атты. Анан бир маалда жерге талп этип кулап түштү.

– О-о-о-х! – деди Уилбур, этинин ооруганына чыдабай.

Шарлотта желенин баарын солкулдатып, боору эзилгенче күлдү.

Уилбур эсине келип:

– Мен эмнени туура эмес кылдым? – деди.

– Баарын эле туура кылдың! Дымагың деле күчтүү болчу! – деди Шарлотта.

– Дагы бир жолу байкап көрбөймүнбү? – деди Уилбур шыпылдап. – Мени кармап тургудай жип керек окшойт.

Торопой короого чыкты.

– Темплтон, кайдасың? – деп Уилбур чакырары менен, акыр жактан келемиш мырзанын тумшугу көрүндү.

– Жип болсо, берип турчу, – деди торопой. – Желе тартканга керек болуп атат.

– Сенден жип айлансын! Азыр алып чыгып берем! – деди Темплтон.

Ал ийнине кирип, каздын жумурткасын четке жылдырды да, кирдеген бир жипти сүйрөп чыкты. Уилбур жипти айланта карап:

– Жарайт! Дал өзү! – деди. – Эми бул жиптин бир учун менин куйругума байла.

Уилбур буралган куйругун келемишти каратып, ылдый отурду. Темплтон жип менен торопойдун куйругун чырмап койду. Шарлотта андан ары эмне кылар экен деп, күлкүсү келип турду. Жөргөмүш да Ферн сыяктуу эле Уилбурга ичи эзиле түштү. Кепенин жытына жана акырдагы ачыган тамакка келген чымындар да Шарлоттанын желесине түшүп, анын кардын ач калтырчу эмес. Бир жагынан, торопойдун көңүлү калып, иренжибей, тескерисинче, өжөрлөнүп, кайрадан аракет кылганы Шарлоттаны кубандырып турду.

Ичи үмүткө, чексиз энергияга толуп турган Уилбур кайрадан кыктын үстүнө чыгып баратканда келемиш, жүргөмүш, Ферн карап турушту.

– Эми мени карагыла! – деген бойдон Уилбур болгон күчү менен башын ылдый каратып секирди эле, экинчи учун байлаганды унутуп калгандыктан, жип самсаалап, чубалып торопой менен кошо учуп келатты. Уилбур кайрадан талп этип, жерге кулап түшүп, эти катуу ооруксунуп калды. Темплтон торопойду шылдыңдап, мыйыгынан күлүп турду. Шарлотта болсо бир ордунан козголбой, ойлонуп отуруп калды да, анан мындай деди:

– Уилбур, желе тарткан сенин колуңдан келе турган иш эмес. Бул ойдон кайтканың дурус. Желени токуганга эки нерсе керек, – деди ал.

– Кандай нерсе? – деди Уилбур маанайы суз.

– Сенин жип чыйрата турган нерсең жок. Сен аны кантип ийирмек элең? Бул жерде капа боло турган эч нерсе жок. Сага желе токуунун эмне кажети бар? Закерман мырза үч маал ансыз деле сенин курсагыңа кам көрүп атпайбы. Менчилеп, курсагымды тойгузам деп убара болбойсуң.

– Шарлотта, сен мага караганда кыйла акылдуураак, кыраакысың. Мен эдиреңдеп, мактанып элге көрүнгүм келген. Мага чала болот! – деп Уилбур үшкүрүндү.

Ошентип, Темплтон жипти ийинине алып кирип кетти. Шарлотта болсо кайрадан адаттагы ишине киришти.

– Сен көп капа боло бербе, Уилбур, – деди Шарлотта. – Желе тартуу жөргөмүштөн башкасынын колунан келе бербейт. Албетте, адамдардын колунан бардыгы келери талашсыз. Бирок кээде алардыкы деле кооздук жагынан жөргөмүштөрдүкүнө жетпей калышы мүмкүн. Квинсбург көпүрөсү тууралуу уктуң беле?

Уилбур башын чайкап койду.

– Ал көпүрө жөргөмүштүн желесине окшоштурулуп салынды беле? – деди торопой.

– Бир аз окшоп кетет, – деди Шарлотта. – Адамдар аны куруу үчүн канча убакыт сарптаган билесиңби? Туура сегиз жылда куруп бүтүшкөн. О-о, Жаратқан! Мен анча убакыт күтсөм, эчак эле ачкадан өлүп калмакмын. Мисалы, мен желени бир түндө эле токуп бүтөм.

– Адамдар Квинсбург көпүрөсүндө эмнелерди кармашат? Коңуздардыбы? – деди Уилбур.

– Жок, – деди Шарлотта. – Адамдар ал жерде эч нерсе кармашпайт. Жөн эле ары-бери басышып, аркы өйүзгө караганда берки өйүз жакшыраак экен деп ойлонушса керек. Эгерде баштарын ылдый салаңдатып, күтүп турушса, балким, натыйжа чыгат беле. Антпей эле алар ары жак, бери жакка буту үзүлгөнчө чуркай беришет, чуркай беришет. Жандары такыр тынбайт. Дагы Кудайга шүгүр, мен бир орундан жылбаган курт-кумурскалардын тобуна кирип калганыма.

– «Бир орундан жылбаган» дегенди кандай түшүнсө болот? – деди торопой.

– Эртеден кечке бир жерден чыкпайм, жердин баарын кыдырып жүрө бербейм. Сапаттуу жасалган нерсеге дароо көзүм жетет. Торумду да мыкты токуйм. Ордуман жылбай, баарына үстүнөн көз салып, ой жүгүртөм.

– Анда мен деле «бир орундан жылбагандардын» катарына кирем го дейм, – деп торопой үшкүрүнүп койду. – Каалаймынбы, каалабаймынбы, ушул жерден камалып чыга албайм. Чындыгында, бүгүн кечинде каякта болууну каалар элем, айтайынбы?

– Каякта?

– Токойдо. Ал жакта бук жаңгагын, козу карындарды, таттуу тамырларды издеп, жалбырактарды челип, жер жыттап жүргөн болмокмун. Бах! Алардын жыпар жытын айтпай эле коёюн!

– Сенин жытыңды айтпай эле коёлу! – деп козу сырттан кирип келди. – Бир чакырым жерден эле жыттана баштайсың. Ушул жердегилердин эң сасыгы сенсиң!

Уилбурдун башы шылкыйып, көзүнө жаш тегерене түштү. Шарлотта торопойдун шагы сына түшкөнүн көрүп, козуну уяткарып, уруша баштады.

– Уилбурга тийишпей, жайына кой! – деди Шарлотта. – Сени ушундай жерге камап койсо, жыттанбаганыңды көрөт элем. Өзүңдү жыпар жыттанып тургандай сезип атасыңбы? Мындан ары бирөөнүн сөзүн бөлчү болбо! Муну оң кулак, сол

кулагың менен угуп, эсиңе бекем түйүп ал. Уилбур, бул адепсиз, сөзүбүздү кайсы жерден бөлдү эле?

– Эсимде жок, – деди Уилбур. – Эмне айырмасы бар? Шарлотта, андан көрө бир аз эс алып алайынчы. Сен желеңди токуй бер. Мен болсо сени карап, жата турайын. Бүгүнкү кеч кандай керемет! – деди да, Уилбур капталдап жатты.

Күүгүм кирип, Закермандын кепесинин ичи караңгылай баштады. Ферн кечки тамак ичүү убактысы болгонун билсе да, кеткиси келбей кылчактап турду. Чабалекейлер кепеге кирип-чыгып, балапандарына сырттан тамак ташып атышты. Наркы өйүздө чегирткечи куш: «Чик-чик-чирик», – деп сайрап атты. Ал эми алма бактын түбүндө Лэрви ойго батып, мүштөк менен тамеки тартып отурду.

Малга тааныш тамекинин жыты соккон жел менен кошо келип атты. Уилбур болсо бакалардын чардаганын, каалгалардын тарсылдап жабылганын угуп, эч нерседен капарсыз, өзүн бактылуу сезип, бейкапар жатты. Торопой жашоону абдан сүйгөндүктөн, жайдын жадырган кечтеринде өзүн бул керемет дүйнөнүн кичинекей бир бөлүкчөсү катары сезип, рахаттанып атты. Бирок көздөрүн жумары менен баягы картаң койдун айткандары эсине түшүп, бул дүйнө менен кош айтышкандан коркуп, дене бою дүркүрөй түштү.

– Шарлотта,– деди ал акырын.

– Угуп атам, Уилбур.

– Мен өлгүм келбейт.

– Сен ансыз деле өлбөйсүң, – деди Шарлотта торопойду жооткотуп.

– Мага өзүмдүн кепем абдан жагат. Андагылардын баарын жакшы көрөм.

– Албетте, – деди Шарлотта Уилбурду коштоп. – Бул жер баарыбыздын эле жүрөгүбүздөн түнөк тапкан.

Бир маалда сырттан жети балапанын ээрчитип, каз кирди. Алар моюндарын созуп, бардыгы тегиз кичинекей сурнайчылар оркестрине окшоп, бир обонго салып, ышкырып келатышты. Уилбур алардын каркылдаганын тыңшап, жүрөгү толкуп турду.

– Шарлотта? – деди торопой кайра.

– Кулак сенде, Уилбур, – деди жөргөмүш мээримдүү.

– Чын эле мени куткарууга болгон аракетиңди жумшайсыңбы?

– Ооба, Уилбур. Сени сойгонго эч качан жол бербейм.

– Мени кантип куткарганы жатасың? – деп Уилбур кызыгып сурады.

– Эми, – деди Шарлотта эмне дээрин билбей, – азырынча билбейм, бирок куткаруу планын түзүп атам.

– Абдан сонун! – деди Уилбур кубанычтуу. – Анан пландар кандай? Ишке аша турганбы? Кыйынчылыктар жокпу? – деди да, денесин кайрадан калтырак басты. Ал эми Шарлотта бир калыпта, сыр билгизбей:

– Бардыгы жайында, – деди. – Азырынча план-

дарды жаңы эле түзө баштадым. Али бардыгын ойлонуп бүтө элекмин, ошол боюнча иштеп атам.

– Ал пландар боюнча кайсы маалда иштеп атасың? – деп Уилбур жалооруп карады.

– Башымды ылдый салаңдатып, тордо асылып турганда. Ошол маалда башыма кан тээп, ойлонгонго жакшы шарт түзүлөт.

– Менин жардамым да тийсе жакшы болор эле!

– Эч нерсе эмес, өзүм деле жетишем, – деди Шарлотта. – Эч ким тоскоол кылбай, жалгыз отуруп, ойлонгон жакшы.

– Мейли анда, кичинекей жардам керек болсо, тартынбай айта бер.

– Макул, – деди Шарлотта. – Анда даяр болуп, уятка калбагыдай бол. Жакшы уктап, жай тур. Тамакты жакшылап жеп, курсагыңды кампайт. Бирок Темплтонго да түбүнө калтырып коюну унутпа. Сак саламатта чоңоё бер, аның мага жардам, өзүңө кубат болот. Түшүндүңбү? Бардыгы түшүнүктүүбү?

– Түшүнүктүү! – деди Уилбур шаттанып.

– Эмесе түнүң бейпил болсун! – деди Шарлотта. – Калган ишти эртең мененкиге калтыралы.

Уилбур кепенин эң караңгы бурчуна басып барып, жерге жатып калды.

– Шарлотта? – деди ал.

– Угуп атам, Уилбур.

– Акырда тамак калбаптырбы карап келейинби? Кичине эзилген картөшкө калган болуш керек, – деди Уилбур.

– Мейли, карап кел, – деди Шарлотта. – Анан дароо ордуңа барып жат.

Уилбур короого чуркап чыкты.

– Шашкалактабай, акырын бар, – деп Шарлотта торопойго эскертти. – Шашкан шайтандын иши.

Уилбур өзүн кармап, акырдын жанына акырын басып барды да, түбүнөн бир аз картөшкө таап алып, шашпай жеди, анан ордуна барып жатты. Ал көзүн жумуп, бир мүнөтчө унчукпай жатты да, кайрадан:

– Шарлотта, – деп шыбырады.

– Эмне болду?

– Кичине сүт ичип алайынбы? Акырдын түбүндө кичине сүт калса керек, – деди торопой.

– Жок, акырдын түбү купкургак экен. Болду эми, укта. Калганын эртең сүйлөшөбүз. Көзүңдү жумуп, уктаганга аракет кыл!

Уилбур Шарлоттанын айтканы менен көзүн бекем жумду. Ферн болсо ордунан туруп, үйүн көздөй жөнөдү. Жолдо келатып, кепенин ичинен уккан-көргөндөрүнүн баарын талдап, ойго чөмүлдү.

– Түнүң бейпил болсун, Шарлотта! – деди Уилбур.

– Жакшы жат, Уилбур!

Бир саамга кепенин ичинде жымжырттык өкүм сүрө түштү. Анан кайрадан Уилбур:

– Жакшы жат, Шарлотта! – деди.

– Түнүң бейпил болсун, Уилбур!

– Жакшы түш көр, Шарлотта!

– Жакшы укта!

# X. Жарылуу

Күн сайын жөргөмүш башын ылдый-ылдый салаңдатып, желеге асылып алып, башына жакшы ой келишин күтүп жүрдү. Кээде бир нече саат ордунан козголбой, ойго батып отура берчү адат тапты.

Уилбурду дегеле сактап калууга сөз берип койгондуктан, эми аны аткарууга бел байлап турду.

Шарлотта жеринен абдан сабырдуу болчу. Күтө турса, эртеби-кечпи торго чымын өзү эле келип



түшкөн сыяктуу, Уилбурдун көйгөйүн чече турган ой өзү эле келет деп ишенип жүрдү. Анткени сабырдын түбү сары алтын дешет эмеспи.

Акыры июль айынын орто ченинде таңга маал Шарлоттанын башына мыкты ой өзүнөн-өзү эле келди. Ал ичинен: «Уилбурду куткарган оңой эле турбайбы. Торопойду куткаруу үчүн Закерманды тамашага салууга туура келет. Коңузду амалданып, колго түшүргөн колуман келгенден кийин, адамга деле алым жетсе керек? Кээ бир адамдардын акылы коңуздукундай да эмес» деп ойлонду.

Дал ошол маалда Уилбур короого чыкты.

– Шарлотта, эмнени эле ойлонуп атасың? – деди ал.

– Менин оюмча, адамдардын көпчүлүгү аңкоо келет, – деди Шарлотта.

– «Аңкоо» деген эмне? – деди торопой.

– Аларды оңой эле алдап койсо болот.

– Жашоо керемет, – деди да, Уилбур короонун көлөкөсүнө жатып, көшүлүп уйкуга кетти.

Жөргөмүш болсо уктагандын ордуна көзү илинип бараткан торопойду карап, ичи ысып, анын келечеги тууралуу ойлонуп атты. Жай ортолоп калгандыктан, Шарлотта убактысы аз экенин жакшы түшүнүп турду.

Ошол күнү эртең менен, Уилбур уктап жаткан маалда, Закермандын короосуна Эвери менен Ферн ээрчишип келишти. Эвери колуна тирүү бака, ал эми Ферн башына жылдызча гүлдөн коомдоп түйүлгөн ал-

как кийип алыптыр. Балдар чуркаган бойдон Закермандардын ашканасын көздөй кетишти.

– Черника пирогу бышкан кезде келгениңер жакшы болбодубу! – деп Закерман айым сүйүнүп кетти.

– Менин бакамды караңызчы! – деп Эвери колундагы баканы үстөлдүн үстүнө коюп, колун пирогго сунду.

– Муну көзүмө көрсөтпөй, тезирээк алып салчы! – деп Закерман айым кыйкырып жиберди.

– Бака ысып кетти, – деди Ферн. – Карачы, өлгөнү калыптыр.

– Жок, – деди Эвери. – Эки көзүнүн ортосун тырмап берсем, отурганын карабайсыңбы.

Ошол маалда бака секирип барып, идиш жууган табактагы самын сууга чулп этип кирип кетти.

– Эми жердин баарын пирог кыласың, – деди Ферн. – Эдит тайжеңе, тоокканага барып, жумуртка карап келсем болобу?

– Экөөңөр тең бара бергиле! Бирок тоокторду чочутпагыла!

– Караңызчы, ал башынан ылдый булганыптыр, – деди Ферн, Эверини карап. – Чекесине чейин пирог болуптур!

– Жүрөгой, бака! – деди Эвери. Ал баканы кайрадан алаканына салып алды. Бака ары-бери качып атып, пирогдун баарына самын суу чачыратты.

– Эми башка көйгөй чыгардың окшойт! – деди Ферн.

– Жүрү, селкинчекке кеттик! – деди Эвери. Балдар чуркаган бойдон сарайга барышты.

Закерман мырзанын селкинчеги дүйнөдө жок селкинчек болчу. Ал калың аркандан жасалып, бир учу эшиктин үстүндөгү устуңга бекитилип, экинчи учу отурганга ылайыкташтырылып түйүлгөн эле. Селкинчекти бирөө күүлөнтүштүн кажети жок болчу. Ал үчүн бастырмадагы чөптүн үстүнө шаты менен чыгып, кырына туруп, арканды кармап, ылдый караганда, жүрөгүң дүкүлдөп, башың айланып кетчү. Анан арканды эки бут менен кыпчып, түйүлгөн жерине отуруп, демиңди ичиңе алып туруп, күүлөнүшүң керек болчу. Бир саамга ылдый учуп барып, кепенин тактайына кулап түшчүдөй сезилип, селкинчек кайра аткан октой сыртка чейин чыкчу. Шамал көз, кулактын баарына кирип, чачтарды туш-тарапка учуруп, уйпалап салчу.

Анан селкинчек асманга чейин көтөрүлүп барып, буралып калганда, отурган киши селкинчек менен кошо тегерене баштачу. Кайра асмандан ылдыйлап түшүп, кепенин ичиндеги чөпкө, ал жактан каалгып кайра чыгып, ылдыйлап, ары-бери күүлөнө берчү. Чарчаганда селкинчектен жерге секирип түшсөң, ордуңа дароо даярданып турган бирөө отура калчу.

Закермандардын селкинчегинен балдары учуп кетет деп, аймактагы апалардын баары чочулай берчү. Бирок бир да бала ал селкинчектен кулап кеткен учур болгон эмес. Себеби ата-энелер ойло-

гондой эмес, балдар арканга чап жармашып, катуу кармап тебишчү.

Ошентип, Эвери баканы чөнтөгүнө салды да, жыйылган чөптүн үстүнө чыкты.

– Өткөндө аз жерден чабалекейди сүзүп ала жаздагам! – деди Эвери.

– Чөнтөгүңдөгү баканы алып чыгып кой! – деп ылдый жактан Ферн кыйкырып атты.

Эвери Ферндин сөзүнө кулак какпастан, чөнтөгүнө баканы салган бойдон күүлөнүп, бирде асманга, кайра кепеге кирип тээп атты.

– Мага тилиң кызарып калгандай көрүнүп атат, – деди Ферн.

– Мага да сеники ошондой көрүнгөн, – деди Эвери күүлөнүп келатып.

– Көйнөгүмдүн ичине чөп кирип кетти. Кытыгымды келтирип атат!

– Тырмабайсыңбы! – деп Эвери селкинчектен кыйкырып койду.

– Азыр менин кезегим. Түш!

– Ферн деген кыздын эти кычышып, тырмангысы келип атыптыр, – деп Эвери обонго салып, кыңылдап ырдап келатып, селкинчектен секирип, карындашына орун бошотту. Ферн болсо көзүн катуу жумуп туруп, селкинчекке отурду. Селкинчек ары-бери ыргалган сайын башы айланып, бир маалда көзүн ачса, асманга чыгып, кайра кепеге кирип баратыптыр.



Ошентип, бир саат тажабай, кезектешип селкинчек тебишти. Анан чарчаганда талаага чуркап барышып, тилдери кызарганча, жапайы малина терип жешти. Ферн байкабай курту бар малина да жеп алганга жетишти. Эвери болсо эртеден бери ушаланып, ал тургай селкинчек да тээп эси оогон бакасын момпосуйдун бошогон кутусуна салып алды. Ошен-

тип, балдар бут тартканга алдары келбей, кепени көздөй жөнөштү.

– Кел, бактын башына үй жасайбыз! – деди Эвери. – Бака экөөбүз бакта жашасак жакшы болмок.

– Андан көрө мен Уилбурга барып келейинчи, – деди Ферн.

Балдар тосмодон ашып түшүп, чочкокананы көздөй басышты. Дабышты уккан Уилбур, дароо ордунан ыргып турду.

Эверинин көзү эшиктин үстүндөгү желеге урунду да, айланта карап атып, анда жармашып турган Шарлоттаны көрдү.

– Ай-ий! Карасаң, чоң жөргөмүш экен! – деп Эвери кыйкырып жиберди.

– Жөргөмүшкө тийбе! Аны өз жайына кой! Сага бака аздык кылып атабы? – деди Ферн.

– Мага бул жөргөмүш абдан жагып турат. Мен аны азыр кармайм, – деди да, Эвери колундагы кутунун капкагын ачып, жерден таяк алды. – Азыр бул жөргөмүштү кутуга чаап түшүрөм!

Муну көргөн Уилбурдун жүрөгү оозуна тыгылып, селейип туруп калды. Анткени бул тентек Шарлоттаны кармады дегенче, анын ишинин бүткөнү эле.

– Жөргөмүшкө жолобо, Эвери! – деп Ферн бакырды.

Эвери чочконанын тосмосунун кырына чыгып, Шарлоттаны колундагы таяк менен чабайын дегенде, тең салмагын кармай албай калчылдап, тоголо-

нуп барып, Уилбурдун акырынын кырына урунуп, кулап түштү. Акыр көңтөрүлүп барып, келемиштин ийининдеги жумуртканын үстүнө кулады. Бир маалда Кудай бетин салбасын, жан чыдагыс сасык жыт каптай баштады.



Ары жакта Ферн эмне кыларын билбей турду. Эвери болсо, асманга чейин көтөрүлгөн сасык абанын жытына чыдай албай, ордунан таптак турду.

Ошол маалда ийининде эс алып жаткан келемиш шуулдап кепеге жетип келди.

– Мына сага! – деди Эвери. – Сасыгы кантет! Жүрү качтык бул жерден!

Ферн эмне кыларын билбей, ыйлап жиберди. Мурдун баскан бойдон, үйүн көздөй чуркады. Анын артынан Эвери келатты.

Жаңы эле бычактын мизине кептелип, аз жерден өлүп кала жаздаган Шарлотта дагы эле эсине келе албай шалдырап отурду.

Ошол күнү эртең менен жайыттан кайтып келаткан койлор, козулар, каздар, жети балапаны сасыктынын жытына чыдай албай, бышкырынып атышты. Ал эми Уилбур болсо тентек бала Шарлоттаны кармап ала жаздаганын, бактыга жараша дал ошол учурда сасыкты жарылып калып, жөргөмүштүн өмүрүн сактап калганга себеп болгонун, ыр эмес, жомок эмес, жүз ирет кайталап, жаны калбай айтып берип атты.

– Ошентип, сасыкты Шарлоттанын өмүрүн сактап калды, – деди Уилбур сөзүнүн аягында.

Каз болсо бул окуяга түздөн-түз тийиштиги бар жан катары сыймыктанып:

– Бир чети, ал жумуртка сасыкты болуп калганы деле жакшы болуптур, – деп каркылдап койду.

Темплтон болсо жоготууга ичи күйүп турганын билгизбей, көөдөнүн көтөрүп мактана баштады.

– Көрдүңөрбү, сарамжалдуулуктун пайдасы тиет десем ишенбейсиңер, – деди келемиш кекирейип. – Кайсы буюм керек болуп каларын алдын ала билбейсиң да. Мисалы, мен өмүрүмдө эч нерсе ыргытып көргөн эмесмин.

– Болуптур, – деди козу. – Шарлоттага сасыктынын пайдасы тийиптир. Бизчи, биз? Сасыгына жан

чыдай ала турган эмес. Мындай сасыган кепеде жашаганды ким эле каалайт дейсиң?

– Эч нерсе эмес. Көнүп калаСыңар, – деп келемиш аны соorotту.

Темплтон бир аз эки жакты карап, мурутун сылап отурду да, бир заматта таштанды тарапка зуу койду.

Түшкө маал Лэрви чака көтөрүп келатып, кепеге жетпей түрүн бузуп, мурдун чүйрүп, токтоп калды.

– Өф-ий! Тим эле каңылжарды жарат го! Бул жыт каяктан келип атат? – деп Лэрви кобуранып, чакасын жерге койду да, Эвериден калган таякты жерден алып, көңтөрүлүп калган акырды түздөдү. – Келемиштер! Шайтан алгырлар десе! Бул жерге да жетишкен тура! Зыянкечтер!

Лэрви Уилбурду акырын ары жакка сүйрөп жылдырды да, келемиштин уясынын үстүн жумуртканы кошуп көмүп салды. Курсагы ачканына чыдабай, акырга түшүп алган Уилбурдун үстүнө Лэрви жугундуну куйганда, торопойдун башынан ылдый жугунду агып жатты. Уилбур коркулдап, шашып-бушуп, оозуна тийгендин баарын чала чайнап, жутуп атты. Жугундунун ичине бары-жоктун баары кошулгандыктан, Уилбур үчүн өтө даамдуу сезилди. Анын ичинде тартылган сүт, буудайдын кебеги, тиштелген пирожкилер, жарты гүлчө, жемиштердин кабыгы, катып калган эки тилим нан, имбирь кошулган печенье, балыктын куйругу, апельсиндин кабыгы, шорпонун камыры, какаонун түбү, ичине быштак салынып, тегереги коoздолуп жасалган кат-

кан нан, таштандынын челеги менен кошо келген, май болгон кагаз, бир кашык малина повидлосунун баары аралашкан.

Уилбур эки жагын карабастан, лапылдатып оозуна тийгендин баарын сугунуп атты. Бирок Темплтондун сарамжалдуулугу Шарлоттанын өмүрүн сактап калганын, ал эми Шарлотта жакында аны куткарарын эстеп, акырдын түбүнө шорпонун камырынан келемишке калтырып койду.

Жумуртканы көмүп салгандан кийин, сасык жыт тарап, кепенин ичи мурдагы калыбына келе түштү. Түш ооп, күүгүм кире баштады. Ошентип, ал күн да өттү. Эшик-терезеден салкын желдин илеби келип турду. Шарлотта болсо желеге түшкөн көгөндү жеп, келечек тууралуу ойлонуп отурду. Бир аздан кийин силкинип алды да, желенин чок ортосуна жармашып алып, жиптерин биринин артынан бирин кесип атты. Баары таттуу уйкуда жатканда, жөргөмүш акырын, ал тургай казга да билгизбей иштеп жатты. Уилбур болсо быш-быш этип, эч нерсе сезбей уктап атты. Бурчтагы каздын балапандары уктаганда бешик ырын ырдашып, ышкырып аткандай сезилди.

Шарлотта болсо тырмалап, торунун ортосундагы жиптердин баарын кесип чыкты да, ал жерге кайра бир нерсе токуй баштады.

Түн жарымында, Темплтон таштандыдан келген маалда, Шарлотта дагы эле кыбырап иштеп аткан болчу.

# XI. Керемет

Эртеси айлананы туман каптап, күңүрт ферманын ичи ным тартып турду. Чөптөр өңүнө чыгып, сеңселип, чөнөктөгү спаржалар күмүш токойго окшоп, жалтырап калды.

Шарлоттанын чебердик менен токулган жаңы торуна эч нерсе теңдеш келе ала турган эмес эле. Ал айымдын ажайып бет чүмбөтүнө окшоп, көздүн жоосун алып турду! Ал тургай кооз нерселерге анча маани бербеген Лэрви да жугунду куйганы жатып, желенин жанынан өтө алган жок. Экинчи жолу кылчайып караганында, көргөн көзүнө ишене албай, желенин ортосуна саймаланган, «ӨЗГӨЧӨ ТОРОПОЙ» деген жазууну көрүп, колундагы чакасын түшүрүп ийе жаздады.

Лэрвинин бүткөн бою дүркүрөп, тизеси калтырай түштү. Ал көзүн ушалап туруп, желени кайра жакшылап карады да:

– Кудай, өзүң колдой көр! Көзүмө көрүнчү көрүнүп атабы, – деп кобуранып, жерге тизелеп отура калып, шатыратып дуба айта баштады. Уилбурга жетпей, чакасын таштап, Закерманды чакырганы үйгө чуркады.



– Кожоюнум, жүрсөңүз! Чочкоконаны карасаңыз!

– Эмне болуп кетти! Деги тынччылыкпы? – деди Закерман. – Торопойго бир нерсе болдубу?

– Жок, торопой жайында эле. Андан көрө жүрсөңүз! Өз көзүңүз менен көргөнүңүз жакшы!

Алар үн катпай ээрчишип, кепенин жанына келгенде, Лэрви Закерманга жөргөмүштүн желесин көрсөттү.

– Көрдүңүзбү? – деди Лэрви.

Закерман сыйкырлап койгон немедей, желенин ортосундагы «ӨЗГӨЧӨ ТОРОПОЙ» деген жазууну окуду. Экөөнүн тең төбө чачтары тик туруп, денелеринин калтырак басты. Ары жакта түнү менен иштеп, жаңы эле көзүн ушалап, ойгонуп аткан Шарлотта буларды көрүп, кыткылыктап күлүп атты.

Желенин маңдайында турган Уилбурду көрүп, Лэрви:

– Өзгөчө торопой дечи, – деп күбүрөнүп койду.

– Өзгөчө торопой, – деп Закерман мырза Лэрвинин артынан кайталады да, экөө тең Уилбурдан көздөрүн албай телмирип тиктеп турушту. Бир маалда экөө тең баштарын өйдө көтөрүп, желедеги Шарлоттаны карай башташты.

– Сенин оюңча жөргөмүш… – деп сөз баштап, Закерман теңселип, үйдү карай жөнөдү. – Эдит, – деди ал калтыраган үн менен, – кел, отурсаң. Биз бир шумдук нерсе көрдүк!

Закерман айым түшүнө албай, отургучка отурганда, өңү тамдай бозоруп кетти.

– Эдит, биздин торопоюбуз табышмактуу экен…

Закерман айым жубайынын кебинин төркүнүнө түшүнө албай, өңү андан бетер өзгөрө түштү.

– Гомер, – деди Закерман айым, – сен өзүңдү жакшы эле сезип турасыңбы? Сага эмне болду?

– Мен чын эле айтып атам, Эдит, – деди Закерман. – Биздин торопоюбуз башкалардан өзгөчө экен.

– Эмнеси өзгөчө экен? – деп Закерман айым өзүнө келе түштү.

– Кудайдан бизге бир сырдуу белги болду, – деди Закерман. – Кепенин кире беришиндеги чоң желени көрдүң беле? Бүгүн эртең менен Лэрви кирип баратып, туман болуп, кепенин ичи күңүрт тартып тургандыктан, желе дароо көзүнө урунуптур. Желенин

ортосундагы даана саймаланып токулган «ӨЗГӨЧӨ ТОРОПОЙ» деген жазууну көрүп, чочуп кетиптир. Мен да барып, өз көзүм менен көрдүм. Чындап эле, биздин торопой элдикинен башкача болгондуктан, Жараткан бизге бир белги жиберген көрүнөт.

– Ошондой дечи, – деди Закерман айым. – Бүгүн сол бутуң менен тургансың го. Таң атпай сага эмне болду? Менимче, бул жерде торопойдун тиешеси жок. Биздин жөргөмүшүбүз өзгөчө десең болот.

– Жок, сен андай дебе, – деп Закерман шыбырады. – Торопоюбуз өзгөчө экени талашсыз. Ошентип жазылып турбайбы.

– Балким, өзгөчөдүр, – деп Закерман айым кошулумуш болду. – Бирок мен жөргөмүштү өзүм барып көрөйүнчү.

– Кадимкидей эле боз жөргөмүш, – деди Закерман.

Закермандар ээрчишип, чочкокананын жанына келишти.

– Көрдүңбү, Эдит. Кадимкидей эле жөргөмүш экенби? – деди Закерман.

Бир сааттан ашык убакыт бою Лэрви, кожоюн аялы менен келишип, желедеги жазууну кайталап окуп, кайра Уилбурду карап, түшүнө албай турушту. Минтип туш-тараптан көңүл бурулганы Уилбурга майдай жагып турду. Шарлотта болсо өзүнүн амалына куштарланып, сыртынан байкап атты. Ал тыптынч бир ордунан жылбай, кожоюндардын ар

бир сөзүнө кулак түрүп отурганда, желенин ортосундагы «ТОРОПОЙ» деген жазуунун дал өзүнө кичинекей чымын келип урунуп, чыга албай калды. Шарлотта желе менен ылдый түшүп, чымынды жипке ороп, четке чыгарды.

Бир аздан кийин туман тарап, желедеги жазуу кургап, күнгө чагылышып, көрүнбөй калды. Кожоюндар үйлөрүнө кайтып баратып, Закерман артына кылчайып, торопойду карап койду.

– Лэрви, – деди Закерман. – Биздин торопой мыктылардын мыктысы, чоңойгондо сонун каман болот деп мен дайыма айтчу эмес белем. Далысын байкадыңбы?

– Мыкты торопой болот деп, мен эчак эле айткам, – деди Лэрви. – Мен да сонун каман болорун байкагам.

Үйгө кирип, Закерман жумушка кийген кийимдерин чечип, эң жакшы костюмун кийип, машинесине отурду да, чиркөөгө жөнөдү. Фермада болгон укмуштуу окуяны айтып берип, бир саат дегенде араң кайтып келди.

– Азырынча бул керемет тууралуу төрт киши гана билет. Алар мен, аялым Эдит, Лэрви, анан сиз, – деди Закерман попко.

– Башка эч кимге ооз ачпаңыз, – деди поп. – Биз азырынча бул сырдын түйүнүн түшүнө элекпиз. Кийинки жекшембиге чейин ойлонуп көрөйүн. Бирок торопоюңуз чындап эле элде жок, өзгөчө



экен. Диний чогулушта биздин аймакта пайда болгон укмуштуу жаныбар тууралуу сөз козгойм. Торопоюңуздун аты барбы?

– Бар. Жээним ага Уилбур деген ат койгон. Өтө кыялкеч, кызык кыз. Ал дайыма оюнан бир нерселерди чыгарып айта берет. Бул торопойду ошол жээним бөтөлкө менен сүт берип жүрүп, мал кылган. Бир ай болгондо, аны мен сатып алгам, – деп сөзүн бүтүрдү да, поп менен кош айтышып, сыртка чыкты.

Бирок мындай жаңылык жерге жатпайт эмеспи. Экинчи жагынан, сырды эч кимге айтпай ичте катып жүрүү кыйын болгондуктан, жекшембиге жетпей эле бул кабар бүтүн аймакка желдей тарады. Эки кишинин бири эле Закермандын үйүндө желедеги жазуу сымал белги болуп, короосунда табышмактуу торопой пайда болгону тууралуу кеп кылып жатышты. Бир топ чакырым алыс жерден, эрин-

бей торопойду көрүп, желедеги жазууну окуп кетүү үчүн элдер чууруп келе баштады. Закермандардын фермасына кеткен жолдо эртеден кечке ар түрдүү машинелер тынбай өтүп турчу болду. «Форд» маркасындагы машинеден тартып, шевроле, бьюик, пикап, плимут, студебеккер, гироматикалык өткөргүчү бар десото жана ракетанын кыймылдаткычы салынган олдсмобиль машинесине чейин көрүүгө мүмкүн эле.

Укмуштуу торопой тууралуу кабар өзөн-адырларга чейин угулуп, ал жактагы фермерлер арабалар менен келишип, бир нече саат күткөндөрүнө кайыл болуп, көрүү үчүн кезек күтүп турушчу болду. Элдер бир ооздон мындай торопойду өмүрү көрбөгөндүгүн, ал чындап эле кереметтүү экенин айтып жатышты.

Ферн болсо баягы Эверинин жөргөмүштү аз жерден таяк менен чаап түшүрүп, өлтүрүп коё жаздаганын айтканда, апасынын ачуусу келип, жаза иретинде кечки тамак бербей, ачка койду.

Закерман мырза болсо келген эл менен алек болуп атып, фермадагы иштерге колу тийбей, малы каралбай калды. Ал керели кечке таза костюмун чечпей, элди тосуп ары-бери басып, күн өткөрчү болду. Закерман айым болсо Уилбурга өзгөчө тамактарды жасап убараланып атты. Лэрви болсо чачын тегиздетип, сакал-мурутун алып, таза кийинип алып, элдин көзүнчө тамак бергенди негизги жумуш кылып алды. Эми Закерман мырза торопойго

күнүнө үч жолу эмес, төрт жолу тамак берүүнү буйрук кылды. Кожоюндар ферманын иштеринин баарын калтырып, ал тургай Закерман айым саландап бышып турган черникадан кыям жасоону унутуп койду. Жүгөрүнүн түбүн жумшартканга Лэрвинин колу тийбей жатты.

Жекшемби күнү чогулган элге чиркөө кызматкери бул укмуштуу окуяны чечмелеп берүүгө камынды. Анын айтымы боюнча, желеге жазылган сөздөр адамдарга Жараткан сырдуу нерселердин бар экенинен кабар берип, дайыма алардан үмүт кылып жашоого чакыра турганын эскертти.

Кыскасы, Закермандардын чочкоканасы элдин көңүл чордонуна айланды. Ферн болсо ичинен Шарлоттанын жоругуна кымындап кубанып, Уилбурдун өмүрүнө коркунуч келбей, куткарылгандыгына сүйүнүп, төбөсү көккө жетип турду.

Бир жаман жери, эми кепеде отурарга орун калбай, дайыма топтошкон эл кирип алгандыктан, Ферн убактысын төрт аяктуу досторуна арнай албай калды.

# XII. Чогулуш

Бир күнү кечке жуук, жазуу пайда болгондон бир нече күндөн кийин Шарлотта кепенин алдындагы малга чогулуш өткөрүүнү чечти.

– Алгач баарын тизме менен толуктап алалы, – деди Шарлотта. – Уилбур?

– Мен, – деп торопой шайдоот жооп берди.

– Каз мырза?

– Мен-мен-мен! – деди каз мырза.

– Сиз үч каздын ордуна жооп берип жатасыз, – деди Шарлотта. – Бир эле жолу «мен» дегениңиз жетиштүү. Кайра-кайра кайталап айтуунун кажети жок.

– Кудай-кудай-кудай ушинтип жаратып койсо, айла жок экен да, – деди каз мырза.

– Каз айым? – деди Шарлотта.

– Мен-мен-мен! – деп каз айым жооп бергенде, Шарлотта ага тигиле карады.

– Кана эми, балапандар, бирден жетиге чейин катары менен санагыла!

– Га-га-га! Га-га-га! Га-га-га! Га-га-га! Га-га-га! Га-га-га! Га-га-га! – дешти балапандар чурулдап.

– Жыйналыш деп ушуну айт! – деди Шарлотта.

– Чогулушка үч каз мырза, үч каз айым, жыйырма бир балапан катышты деп элестете берели. Койлор барбы?

– Ма-а-а-а!

– Козуларчы?

– Ма-а-а-а!

– Темплтон?

Жымжырт, эч ким үн каткан жок.

– Болуптур, келемиштен башкасынын баары чогулушка келди, – деди Шарлотта. – Менин оюмча, чогулушту келемишсиз өткөрө берели. Акыркы күндөрү бул жерде эмне болуп аткандардын баарынан кабарыңар бар го деп ойлойм? Желеге тартылган мактоо сөздөр эл тарабынан мен каалагандай кабыл алынды. Закермандар жана башка элдердин баары менин бул амалыма алданып калышты. Кожоюн эми торопойду өзгөчө экен деп ойлоп, мындан ары союу тууралуу ойдон кайтат. Бул амалдын жардамы менен Уилбурдун өмүрүн сактап калдым го деген ишеничтемин.

– Ура! – дешти короодогу бардык мал бир ооздон колдоп.

– Баарыңыздарга терең ыраазычылыгымды билдирем! – деди Шарлотта. – Бул жыйналышты уюштурганымдын себеби – сиздерден жаңы ой, акыл кошууңуздарды күтөм. Адамдар «ӨЗГӨЧӨ ТОРОПОЙ» деген жазууну кайра-кайра окуй бергенден тажап баратышат. Эгерде бирөөңөрдүн кандай



дыр бир сунушуңар болсо, чын дилимден кабыл алып, аны желеге саймалап, жазып чыгууга даярмын.

– «СОНУН ТОРОПОЙ» деп жазсаң кандай болот? – деди козу.

– Жарабайт. Ресторандагы экинчи тамактын атындай угулуп калат экен.

– «КУДУ-КУДУРЕТ-КУДУРЕТТҮҮ ТОРОПОЙ» десекчи! – деди каз.

– Закермандын купулуна толушу керек, – деди Шарлотта.

– Шарлотта, бери карачы, – деди Уилбур. – Мени «кудуреттүү» деп айтууга болобу? Боюм деле анча чоң эмес, болгону орто бойлуумун.

– Айырмасы жок! – деди Шарлотта. – Боюңдун бул жерге эч кандай тиешеси жок! Адамдар басма тамга менен жазылгандардын баарына ишене беришет. «Кудуреттүү» деген сөздүн туура жазылышын ким билет?

– Менимче, бул сөзгө эки «к», эки «у», эки «д» жана башка тамгалардын баары экиден жазылса керек, – деди каз.

– Сен мени акробат деп элестетип атасыңбы? Мен ал сөздү токурдан мурун, Ыйык Виттин бийин үйрөнүшүм керек го дейм, – деди Шарлотта.

– Өкү-өкү-өкү-өкүнүчтүү, – деди каз мырза.

Анда сөздү картаң кой алып:

– Мен Уилбурдун өмүрүн сактап калуу үчүн желедеги жазууну жаңыртуу керек экендигине толук кошулам. Шарлотта ылайыктуу сөз таба албаса, биздин улуу урматтуу Темплтонго кайрылып көрсөк болот. Ал ар кандай гезит-журналдар ыргытылган таштандыга көп барат эмеспи. Ошол жерден жарнактардын бирин айрып, үлгү катары Шарлоттага алып келип берсе болот да, – деди.

– Жакшы пикир экен, – деди Шарлотта. – Бирок кептин баары Темплтондо. Ал бизге жардам берүүнү каалайбы же каалабайбы? Силер анын өзүмчүл, өзүнөн башкага эч нерсе ыраа көрбөгөн кара мүртөз экенин жакшы билесиңер.

– Мен аны көндүрүүгө аракет кылып көрөйүн, – деди картаң кой. – Мен анын тамырын тартып, тубаса инстинктине басым келтирип көрөм. Мына өзү да келип калды. Аны менен мен өзүм сүйлөшөм, кийлигишпегиле.

Темплтон адаттагысындай эле кепеге дубал бойлоп, култ этип кирип келди.

– Тынчтыкпы? – деди келемиш, чогулган жаныбарларды көрүп.

– Жетекчилердин жыйналышын өткөрүп атабыз, – деди картаң кой.

– Анда чогулушуңарды тезирээк бүтүргүлө. Күнүгө эл жыйнала берип, көкөйүмө көк таштай тийип бүтүштү, – деп дубалдын боорунда илинип турган жипке асылып, чыга баштады.

– Темплтон, мени уксаң, – деп кой сөз баштады. – Таштандыга дагы барганыңда журналдардын кесиндилеринен ала келчи, сураныч. Уилбурду аман алып калуу үчүн Шарлотта желеге жаңы жазуу ойлоп таап, жазышы керек болуп атат.

– Торопойду сойсо, соё беришсин! Мага эмне! Андан өтө деле чоң жоготууга учурабайбыз! – деди келемиш мырза, тишин ырсыйтып.

– Дал сен үчүн чоң жоготуу болот, Темплтон. Сен аны ушул кышта эле, январдан баштап чочкоканага эч ким чакалап сүт алып келбей калганда эле сезе баштайсың. Негизинен сен Уилбурдан калган тамактын калдыктары менен жан сактап келесиң да, туурабы? Сен аны абдан жакшы түшүнөсүң. Уилбурдун курсагы кампайып турса, сен да ачка калбайсың. Демек, Уилбур менен сенин тагдырыңды бөлүп кароого мүмкүн эмес. Уилбурду союп салды дегенче, анын орду ээнсиреп, сен ачкадан кеберсип, ичиң калбырдай кабышып калат.

Муну уккан Темплтондун муруттары дирилдей түштү.

– Сенин айткан кебиңде калет жок, – деп келемиш күңкүлдөдү. – Эртең ансыз деле таштанды төккөн жерге барганы жаткам. Журналдардын кесиндилериндеги ылайыктуу жарнамаларды көрсөм, ала келейин.

– Чоң рахмат! – деди Шарлотта. – Анда жыйналышты башка күнгө жылдыралы. Кечинде ишим чачтан көп. Желенин ортосуна кайра «Кудуреттүү» деген сөздү жазып чыгышым керек.

– Мени «кудуреттүү» деп айтууга болбойт да, Шарлотта. Мен жөнөкөй эле торопоймун, – деп Уилбур оңтойсузданып, уялганынан кызарып кетти.

– Мен үчүн сен «кудуреттүү» элесиң, – деди Шарлотта мээримдүү. – Эң негизги нерсе ошол. Сен менин эң жакын, жан досумсуң. Ошондуктан мен сени эч нерсеге теңебейм. Сен мен үчүн кереметсиң. Эми болсо мени менен талашпай, ордуңа жатып укта.

# XIII. Зор ийгиликтер

Түн жарымына чейин, баары таттуу уйкуда жаткан кезде, Шарлотта торун коздоп, түйүп атты. Алгач ал желенин ортосундагы тегерете кеткен жиптерин чыгарып, туурасынан кеткендерин тирөөч кылып калтырып койду. Желени түйгөндө анын сегиз бутунун гана эмес, тиштеринин да жардамы тийип атты. Шарлоттаны өз кесибин сүйгөн, мыкты уз десек жаңылышпайбыз. Жумушун аяктап, ашып калган, чубалган жиптерди алып салгандан кийин, ортодо бадырайган жазуу даана көрүнүп турду. Эми желенин түйүлүш жолун жакшылап, айтып берели.



Негизинен жөргөмүш желе тартканга ар түрдүү жиптерди колдонот. Чок ортосуна кургак, бышык жиптер колдонулат. Ал эми чымын-чиркейлерди кармаш үчүн жабышчаак жиптер кошулуп түйүлөт. Шарлотта болсо тамгаларды жазууга кургак жиптерди колдонууну туура көрдү. Себеби «кудуреттүү» деген сөздү жыбышчаак жип менен түйүп койсо, ага чымын-чиркей жабышып, көргөндөрдү ирээнжитпесин деп ойлонду. Ошентип, ал биринчи «К» тамгасынан баштап, эң үстүнө чыгып, жипти жармаштырды да, өйдө чыгып, кайра ылдый түшүп, сөздөрдү токуй баштады. Ал ылдый түшүп келатканда, артынан жип чубалып чыгып жатты. Ал жазуу жакшыраак көрүнсүн деп, бул саам эки кат жип менен токууну чечти. Тамгаларды биринин артынан бирин токуп, сегиз буту тең тынбай иштеп атты. Өзүнчө кобуранып, өзүн шыктандырып, дем-күч берип аткандай сезилди. Эгер ошол күнү кепенин ичинде тынч отуруп алып, тыңшасаңыз:

– Эми «У» тамгасына жеттик! Кичине ортороок! Ылдый түшөбүз! Бекитебиз! Жакшы! Эми өйдө чыгабыз! Азаматсың! Кийинки тамгага өтөбүз! Түздө! Учун карма! Жипти эки катта! Жакшы! – деп жөргөмүш өзүнө-өзү буйрук берип, талыкпастан оор ишти аткарып жатканын көрмөксүз. Ишти аяктап калганда, ичи куруддап, карды абдан ачып кеткенин сезди да, калган чымындын жарымын жеп алып, эс алууну чечти.



Эртеси эртең менен Уилбур таңкы салкын абадан кере дем алып, ордунан туруп, желенин жанына басып келди. Шүүдүрүм күнгө чагылышып, желе да дапдаана көрүнүп турду. Лэрви чакасын көтөрүп келе жатып, маңдайында турган семиз торопойду жана үстүрөөк жакта желеде жаңыдан жазылып калган «КУДУРЕТТҮҮ» деген жазууну көрдү.

– Бул акылга сыйбай турган нерсе! Кандай керемет күч, – деген ой келди.

Лэрви кайрадан Закерманга, Закерман мырза болсо Эдитке, Эдит болсо тууган-туушкандарынын баарына айтуу үчүн телефонго чуркады. Короонун жанына мурдагыдан да көп эл чогулуп, желеден көздөрүн албай, андагы жазылган сөздү талыкпай, жүзүнчү ирет кайталап окуп атышты. Көңүл чордонунда болуп калган Уилбур өзүн чындап эле кудуреттүү жандай сезип, көкүрөгүн керип, ары-бери термелип, кебелбей турду.

– Кудуреттүү! – деди Закерман кубанычы коюнуна батпай, демигип. – Эдит, «Жума жаңылыктарынын» кабарчысына чалып, биздеги окуяны тезинен билдир. Сүрөтчүсүн да ала келсин. Штаттарды түрө кыдырса да, биздикиндей өзгөчө, кудуреттүү торопой таппайт.

Жаңы кабар кайрадан эл арасына тарап, мурда торопой «өзгөчө» кезинде келип көрүп кеткендер, эми «кудуреттүү» болуп калгандагысын көрүүгө ашыгышты.

Ошол күнү Закерман мырза уйларды тушап, сааганы жатып, ага элде жок, укмуштуу торопой туш келгенин ойлоп алып, кудуңдады.

– Лэрви! – деди Закерман. – Чочконанадагы кыкты чыгарып, ордуна саман төшө. Аны күн сайын алмаштырып туруш керек. Менин кудуреттүү торопоюмдун алды таза болуш керек. Түшүнүктүүбү?

– Жарайт, – деди Лэрви.

– Анан дагы, – деп Закерман мырза сөзүн улады, – Уилбур баткандай жыгачтан кичинекей куту жаса. Мен аны алтынчы сентябрь күнү боло турган жарманкеге алып барам. Ичи кененирээк болсун. Сыртын жашыл боёк менен боёп кой. Ал эми тамгалары алтын түстүү болсун!

– Эмне деп жазыш керек? – деди Лэрви.

– «ЗАКЕРМАНДЫН АТАКТУУ ТОРОПОЮ» деп жазып кой.

Лэрви айрыны алып, саманга кетти. Ичинен мындай белгилүү торопойдун түйшүгү азайбай эле, күндөн-күнгө көбөйөрүн түшүнүп турду.

Чыйыр жол бүткөн жердеги алма бактын түбүнө Закермандан үйүнөн чыккан акыр-чикирлердин баарын алып барып төгүшчү. Токойдун жанындагы аянтчада, кайыңдын жана жапайы малиналардын ары жагында тоодой болуп бош бөтөлкөлөр, калай банкалар, эски чүпүрөк-чапырак, темир-тезек, сынган айнек, жараксыз аккумулятор, эски журналдар, чака-чайнек, капкак жана башка керектен чыккан нерселердин баары тоо болуп үйүлүп жатчу.

Темплтон бул таштандынын ичинде эмнелер бар экенин өзүнүн төрт колундай, мыкты билчү. Ал жерде келемиш жашына турган тешиктер, калай банканын түбүндө калган тамактар толтура болчу. Темплтон ары-бери чуркап, жортуп жүрүп, бырышып-тырышкан журналдын бетиндеги бир жарнакты таап алды да, тиштеген бойдон чочкоканаыны көздөй бет алды.




– Жарайбы? – деди ал Шарлоттага жарнаманы көрсөтүп. – Ал жерде «Кытырак» деп жазылып турат. Желеге ошентип жазып койсоң болобу?

– Эмне деп тантып атасың? – деп Шарлоттанын ачуусу келе түштү. – Мындан өткөн наадан сунуш көргөн эмесмин! Сенин оюңа койсо, Закерманга Уилбурду кайра «кытыраган», даамдуу кылып көрсөтүп, табитин ойготкону жатасыңбы? Ал дароо

майга чатырата, кыпкызыл кылып, куурулган чочконун этин элестетип, бир кездеги оюн ишке ашырууга ашыгып жүрбөсүн... Биздин максат – Уилбурдун даамына эмес, жакшы сапаттарына басым келтирүү. Темплтон, кайра барып, башка сөз карап кел!

Темплтон мурдун чүйүргөн бойдон, таштандыны көздөй кайра кетти. Бир аздан кийин алакандай болгон чүпүрөк тиштеп келди.

– Муну карап көрчү! Бул көйнөктүн ичиндеги жазуу.

Шарлотта караса, анда «Бырышат» деп жазылып туруптур.

– Өкүнүчтүү, Темплтон, – деди Шарлотта. – Бул таптакыр эле жарабайт. Муну окугандар Уилбур жөнүндө эмне деп ойлойт? Дагы бир жолу барып, жакшылап карап келчи.

– Мен сага эмне жалдап алган чабандесиң белем? – деп келемиш күңкүлдөдү. – Убактымдын баарын сенин жарнамаңа коротуп, таштандынын арасында жүрө берет экенмин да.

– Суранам, дагы бир жолу барып келчи, – деди Шарлотта.

– Андан көрө мен азыр чатырда жаткан кир жууган порошоктун бошогон кутусун алып келип берейин. Ошондо да түрдүү жазуулар бар болчу. Азыр тез эле алып келе коём, – деди Темплтон.

Ал дубалдын боорундагы жип менен чатырга чыгып барып, шыптагы тешикке кирип жок болуп кетти да, кайра бир үзүм кагаз тиштеп чыкты.

– Ме! – деди ал жайдары. – Эми жарайбы?

Шарлотта анда жазылган: «Кайрадан жалтырайт» деген жазууну окуду.

– Бул эмне дегенди билдирет болду экен? – деди Шарлотта түшүнө албай. Анткени ал кир жууган порошокту өмүрүндө көргөн эмес болчу.

– Мен кайдан билем? – деп келемиш ийнин куушурду. – Жазуусу бар кагаз алып келип бер дедиң, аныңды аткардым. Эми дагы сөздүк алып кел дегени турасыңбы?

Шарлотта жазууну, жалпы талкууга ортого салды. «Кайрадан жалтырайт» деп Шарлотта күбүрөнүп, кайра-кайра кайталап коюп атты.

– Уилбур, – деди бир маалда Шарлотта.



Самандын үстүндө жаткан торопой ыргып турду.

– Ары-бери чуркап көрчү! – деп Шарлотта буюрду. – Кыймылдаганда жалтырайт бекенсиң, көрөйүн.

Уилбур короонун башына чейин чуркап барды.

– Эми тезирээк артты көздөй чурка!

Уилбур татырандаган бойдон чуркап келатканда, жүнү жалтырап, куйругу буралып турду.

– Эми секирип көрчү! – деди Шарлотта.

Уилбур болгон күчү менен секирди.

– Тизеңди бүкпөй, кулактарыңды жерге тийгиз!

Торопой Шарлоттанын ал буйругун да аткарды.

– Эми күүлөнүп туруп, артка чимирилип барып, секирсең! – деди Шарлотта.

Уилбур секирейин дегенде, талп этип жерге кулап түштү.

– Жетишет, – деди Шарлотта. – Мейли, эми ордуңа барып, уктай бер, Уилбур. Темплтон, менимче, кир жууган порошоктун жарнамасын жаратса болот. Уилбур көз уялта жалтырабаса да, элдин көңүлүн бурдуруу үчүн колдонобуз.

– Чын эле, – деди ары жакта жаткан Уилбур, – мен өзүмдү жалтырап тургандай сезе баштадым.

– Дегеле кой муну, – деди Шарлотта тамашалап. – Сен татынакай торопойсуң. Анан дагы карап тур, жакында сени жалтыратабыз. Мен бул ишке кириштимби, эми аягына чыгарам.

Ары-бери чуркай берип, эси ооган торопой самандын үстүнө кулады. Саман мурунку уйдун кыгына окшоп, жылуу-жумшак эмес, торопойду

жүдөтүп денесин сайгылай берчү. Ошондуктан торопой саманды ары көздөй шилеп салып, астында калган кыкка узунунан түшүп, рахаттанып жатып алды. «Кудуреттүү» торопой болгон биринчи эле күн ал үчүн абдан оор күн болуп, чарчагандыктан үшкүрүп койду.



Түштөн кийин аны көргөнү он чакты киши келгенде, алардын ар бирине «кудуреттүү» болуп көрүнүүгө аракет кылып, улам тура берип, өтө чарчады. Анан Ферн келип, бурчтагы тактайда аны карап отуруп, анан кетти.

– Шарлотта, мага башыңдан өткөн окуяны айтып берчи, – деди Уилбур. – Жомок деле жарай берет.

Шарлотта да чарчап турганына карабай, досунун сөзүн эки кылган жок.

– Илгери, – деди Шарлотта, – менин аталаш эжекем бар болчу. Ал желесин кичинекей өзөндүн

үстүнө тартып алыптыр. Бир жолу бир чабак суудан секирип чыгып, анын торуна түшүп калыптыр. Эжекем албетте ага таң калат. Чабак балык жан далбастап, ары-бери уруна баштайт. Бирок чыга албайт. Эжекем да анын жанына жакын келгенден чочулайт. Бир маалда батынып келип, балыкты жип менен катуу чырмап, аны жеңүүгө аракет кылат.

– Анан жеңиптирби?

– Экөө укмуштай салгылашат! Балыктын бир гана сүзгүч канаты торго чалынып, куйругу менен ургулап, күн нуруна чагылышып, туйлап жатыптыр. Балыктын салмагына чыдабай, желе уламдан-улам ылдыйлай бериптир.

– Чабактын салмагы канча экен? – деди Уилбур.

– Билбейм. Эжекем жан далбастап чуркап, буйтап, секирип, тор жайып, бирде балыктын куйругунан башына сокку жеп, болушунча салгылашка турушту берүүгө аракет кылыптыр. Алгач ал байкап туруп, балыктын куйругун жип менен чырмап салайын дегенде, балык куйругун бултактатып кутулуп кетиптир. Анан желени ортосуна ыргытууга аракет кылганда, балык кайра чыгып кетиптир. Эжекем ары жак, бери жагына чыгып, торго орогончо желе андан бетер ылдыйлап кетиптир.

– Анан эмне болуптур? – деди Уилбур.

– Анан эч нерсе болбоптур, – деди Шарлотта. – Эжекем ал балыкты торунда бир топко кармап, сүрсүтүп, жеп алыптыр.

– Дагы башка окуя айтып берчи, – деди Уилбур.

Шарлотта дагы бир учкуч эжекеси тууралуу башка бир окуяны айтып берүүнү чечти.

– «Учкуч» деген эмне? – деди Уилбур.

– Ал учуучу шар менен учат, – деди Шарлотта. – Ал башын жерге каратып туруп, артынан көп жип чыгарып, андан шар жасап алчу. Шамал болгондо, ал эжекемди учуруп, жылуу аба менен көтөрүп жөнөчү.

– Чын элеби? – деди Уилбур. – Сен чын айтып атасыңбы же оюңдан чыгарып койдуңбу?

– Бул чындык, – деди Шарлотта. – Биздин тукумдан ушундай чыгаан эжекелер чыккан. Эми, Уилбур, көзүңдү жумуп, укта.

– Мага ырдап берчи, – деди Уилбур көзү илинип баратып.

Кара чегирткенин чырылдаганына кошулуп, Шарлотта Уилбурга бешик ырын ырдай баштады:

*Укта, бөпөм, мээрим менен жылуулукка бөлөнүп,*
*Караңгы сарайда мамык турат төшөлүп.*
*Укта, жаным, коркуу сезим болбосун,*
*Жаныңдагы досторуң сени коргосун.*
*Чабалекейлер уясынан учушуп,*
*Чегирткелер тыным албай чырылдап.*
*Саз тараптан түнкү ырлар жаңырып,*
*Бакалардын чардаганы угулат.*
*Укта, бөпөм, мээрим менен жылуулукка бөлөнүп,*
*Караңгы сарайда мамык турат төшөлүп.*

Шарлотта ырдап жатканда, Уилбур таттуу уйкуга кетти. Ферн болсо үйүн көздөй жөнөдү.

# XIV. Дарыгер Дориан

Эртеси ишемби күн болчу. Ферн апасы жууган идиштерди кургатып атты. Арабл айым ойго чөмүлүп, унчукпай идиш-аяктарды бирден чайкап берип атты. Апасы Ферн эртеден-кечке балдар менен ойнобой, Закермандардын мал кепесинде камалып отурганына кабатырланып жүрдү.

– Апаке, билесиңби, Шарлотта укмуштай жомокчу да. Андайды мен өмүрүмдө көрө элекмин! – деди Ферн мискейдин ичин майлык менен кургатып атып.

– Ферн, – деди апасы, – ар нерсени оюңдан чыгарып, айта бербечи. Өзүң деле жөргөмүш жомок айтпасын жакшы билесиң да. Жөргөмүштөр сүйлөй алышпайт.

– Шарлотта болсо сүйлөй алат, – деди Ферн апасын ишендирүүгө аракет кылып. – Абдан акырын, бирок сүйлөйт.

– Анан кандай окуяларды айтып берет?

– Бир жолу анын эжекесинин торуна түшүп калган балык жөнүндө айтып берди. Абдан кызыктуу экен!

– Ферн, алтыным! Жөргөмүштүн торуна кантип балык түшсүн? – деди апасы. – Андай болу-

шу мүмкүн эмес экенин билесиң да. Сен баарын оюңдан чыгарып жатат окшойсуң.

– Ал чын эле болгон окуя экен! Шарлотта калп айткан жок. Анын аталаш эжекеси өзөндүн үстүнө тор салыптыр. Бир жолу ал отурса, бир чабак балык суудан секирип чыгып, торго түшүп калыптыр. Ал бир сүзгүч канаты менен торго илинип, куйругу менен чапкылап, күнгө чагылышып туруптур. Элестетип көрсөңүз, балыктын салмагын көтөрө албай, тор уламдан-улам ылдыйлай бериптир. Шарлоттанын эжекеси болсо балыктын аяк-биягына чыгып, башына сокку жеп, буйтап, секирип...

– Ферн, – деп апасы кызын жекирди. – Жетишет! Мындан ары мындай болбогон нерселерди айтпай жүр!

– Мен оюмдан чыгарган жокмун. Кандай болсо, ошону айтып атам.

– Анан аягында эмне болуптур? – деп апасы кызыгып сурады.

– Шарлоттанын эжеси аягында жеңиптир. Ал балыкты жип менен чырмап, жакшылап сүрсүтүп туруп анан жептир. Жөргөмүштөр деле биз сыяктуу тамаксыз жашай алышпайт да.

– Ооба, жешсе керек, – деп апасы ойлонуп, туруп калды.

– Шарлоттанын дагы бир эжекеси учуучу шар менен учат экен. Ал жерге башы менен турса, артынан жиптер чубалып, үймөлөктөшүп, шар болуп

калат имиш. Анан шамал болгондо, аны өйдө карай учуруп кетет. Апаке, сен да ошентип учканды каалайт белең?

– Ойлонуп көрөйүнчү, – деди Арабл айым. – Жаным кызым, суранам, бүгүн таза абада эле ойночу. Гомер таякеңдин фермасына барбай эле койчу. Досторуңду ээрчитип келип, үйдүн короосунда ойносоң болот. Эртеден-кечке ошол кепеде, жалгыз камалып отурган жакшы болбойт.

– Жалгыз дейсизби? – деп Ферн таң кала түштү. – Мен жалгыз отурган жокмун. Эң жакын досторумдун баары ошол сарайдын алдынкы кабатында жашашат. Алар дайыма бири-бири менен сүйлөшүшөт. Мен ал жерде жалгыз отурган жерим жок.

Бир маалда Ферн сыртка чыкты да, Закермандардын фермасына кеткен жолго түшүп, карааны көрүнбөй калды. Үйлөрүн шыпырып жатып, апасынын оюнан Ферндин айткандары кетпей койду. Ал эми чындап тынчсызданып, кичинекей кыздын жаныбарларга ушунчалык кызыкканы жөн жерден эмес деген ой башынан кетпей койду.

Акыры Арабл айым дарыгер Дорианга барууну чечти. Ал машинеге отуруп, коңшу айылдагы дарыгерге жолугууга жөнөдү.

Дориан мырза сакалы коюу киши болчу. Ал Арабл айымды жылуу тосуп алып, отургучка отургузуп, көйгөйүн угууга даярданды.

– Мен Ферн тууралуу сүйлөшөйүн деп келдим, – деди Арабл айым. – Ал убактысынын баарын Закер-

мандардын малканасында өткөрчү болду. Мен ошого абдан тынчсызданып жүрөм. Ферн күнүгө чочкокананын жанында, бурчка отургуч коюп алып, малды карап отура берет. Эртеден-кечке тажабай, жөн эле тыңшап отурат.

Дарыгер артты көздөй чалкалап, көзүн жумду.

– Абдан жакшы! – деди дарыгер Дориан. – Ал жер тынч, кызыктуу болсо керек. Гомердин койлору бар экенин билем.

– Бардыгы Ферн өзү бөтөлкөдөн сүт берип баккан торопойдон башталды. Анын атын кызым өзү Уилбур деп койгон. Анан бир айдан кийин Гомер аны бизден сатып алган. Эми Ферн алардын фермасына дал ошол торопой үчүн барганды адат кылып алды.

– Ооба, ал торопой жөнүндө азын-оолак билем, – деди дарыгер көзүн ачып. – Элдин айтымында, өзгөчө торопой дешет го.

– Железе жазылып калган сөздөр жөнүндө айтып атасызбы? – деди Арабл айым тынчы кетип.

– Ооба, – деди дарыгер.

– Сизге баары түшүнүктүү элеби?

– Эмнени айтып жатасыз?

– Желеге өзүнөн-өзү эле сөз жазылып калганы?

– Албетте, түшүнүксүз, – деди дарыгер. – Мен үчүн жөргөмүш кантип желе тартары да түшүнүксүз. Железе сөз жазылгандан бери элдин баары уу-дуу түшүп, сырдуу нерсе сыяктуу кабыл алып жатышат. Желенин өзүнө көңүл бөлгөн адам жок.

– Желенин эмнеси башкача экен? – деп Арабл айым таңыркады. – Эмнеге аны керемет деп жатканыңызды түшүнгөн жокмун, Кадимки эле желе го?

– Сиз ошондой тор токуп көрдүңүз беле? – деди Дориан мырза.



– Жок, – деп Арабл айым оңтойсуздана түштү, – бирок бет аарчы, байпак түйүп жүрөм.

– Албетте, аны айымдардын баары эле түйсө керек, – деди дарыгер. – Сизге сөзсүз токуганды бирөө үйрөттү да, туурабы?

– Апам үйрөткөн.

– Жөргөмүшкө ким үйрөттү дейсиз? Жөргөмүштүн баласы өз алдынча, эч кимдин же-

тегисиз эле желе тарта баштайт. Бул керемет эмей эмне?

– Мүмкүн, – деди Арабл айым. – Ал тууралуу оюма да келбептир. Бирок желеге саймаланган тамгалардын кантип пайда болгонуна дагы эле акылым жетпей турат. Түшүнбөгөн нерсемди жактырбаган адатым бар.



– Туура, – деди дарыгер үшкүрүп, – Догдур болсом эле, элдер мен баарын билишим керектей кабыл алышат. Мен деле көп нерсени түшүнбөйм. Түшүнбөгөн нерсемди сурап, менин тынчымды алгандарды жаман көрөм.

Арабл айым оңтойсуздана түштү.

– Ферндин айтымында, жаныбарлар бири-бири менен сүйлөшөт имиш. Сиз ошого ишенет белеңиз?

– Буга чейин жаныбарлар сүйлөшүп жатканда, үстүнөн чыккан эмесмин. Балким, бир жаныбар өтүп кетүүнү суранганда, укпай калып же маани бербей койгон чыгармын. Балдар чоңдорго караганда алда канча сезимтал келишет эмеспи. Ферн Закермандын малканасындагы жаныбарлар өз ара сүйлөшөт деп ишендирип айтып атса, ага толук ынанып турам. Эгер адамдар азыраак сүйлөсө, тескерисинче, жаныбарлар көп сүйлөмөк болуш керек. Кээде адамдар мааниси жок, ашыкча нерселерди көп сүйлөшөт эмеспи. Туурабы?

– Мен Ферндис ойлоп алып тынчсызданып атам. Сиздин оюңузча, өсүшүндө кемчилик жокпу? Баары жайындабы?

– Сыртынан эч кандай оорунун белгилери байкалбайбы?

– Ден соолугу чындай эле көрүнөт.

– Тамакты кандай ичет?

– Жакшы. Тамакты жакшы жейт.

– Түндө кандай уктайт?

– Эч нерсе сезбей уктайт.

– Анда кабатырланчу эч нерсе жок, – деди догдур.

– Болуптур, сиздин оюңузча, кийин Ферндис торопой, кой, каз, жөргөмүштөн башка нерсеге кызыктырышы мүмкүнбү?

– Азыр канчада?

– Сегиз жашта.

– Менимче, анын жаныбарларга болгон сүйүүсү

ушул бойдон калат. Бирок таякесинин малканасында чоңойгондо деле отура береринен күмөнүм бар. Эркек балдар менен сүйлөшөбү? Достору барбы?

– Ооба, Генри Фасси деген досу бар, – деп Арабл айым жылмайды.

Дарыгер Дориан кайра көздөрүн жумуп, ойлоно баштады.

– Демек, Генри Фасси деңизчи, – деп догдур күбүрөдү. – Аныңыз жакшы экен. Менимче, бул жерде тынчсыздана турган эч нерсе жок. Андай болсо, Ферн таякесинин малканасына досторун ээрчитип барып ойносун. Менимче, Ферн үчүн жөргөмүш, торопой, Генри Фасси болобу, айтор баары кызык кез. Бирок учуру келгенде, дал ошол Генри Фасси кызыңыздын көңүлүн кантип бурдуруп алганын байкабай каласыз. Балдар тез чоңоюп, жылда өзгөргөнү мыйзам ченемдүү нерсе.

– Эвери кандай? – деди догдур чочуган немедей.

– Эвериби? – деп Арабл айым күлүп ийди. – Баары эле жакшы. Ал бир туруп, уулуу чырмоокту кармап алат, аары, чаян чагып кетет. Бир туруп, үйгө бака, жылан көтөрүп келет. Колуна эмне тийсе сындырып-бүлдүрөт. Бирок ага Ферңге тынчсыздангандай тынчсызданган жокмун!

– Андай болсо, жакшы, – деди догдур.

Арабл айым дарыгер Дориан менен коштошуп, ыраазычылыгын билдирип, сыртка чыкты. Көңүлү бир колотту өрдөп, үйүн көздөй жайдары бет алды.

# XV. Кара чегирткелер

Чөптүн арасынан кара чегирткелердин чырылдаган үндөрү угулуп атты. Алар жай мезгили менен коштошуп, муңдуу жана узун обон созуп жаткансып сезилди.

«Жай бүттү, жай бүттү, жай бүтүп баратат», – деп тынбай чырылдап жатышты.

Жылдын эң сонун мезгили болгон жайдын аягы, күздүн башында кара чегирткелердин чырылдаганы суз маанай жаратып, өзгөрүүгө даярдап койчу.

Чегирткелердин добушу туш тарапта жаңырып турду. Бул добуш чаң баскан жол менен бараткан Эвери менен Ферндин эсине мектепти салса, балапандар чоңоюп калганын, Шарлотта үчүн суук түшөрүнө аз калганын, Уилбур үчүн жыгачтан куту жасап аткан Лэрви үчүн картөшкө каза турган мезгил келгенин билдирди. Ашканада тамак жасап аткан Закерман айым чегирткелердин үнүн угуп: «Дагы бир жай зымырап өтүп кетти», – деп үшкүрүп койду.

«Жай бүттү, жай бүттү, – деп чегирткелер кайталап атышты. – Суук түшөрүнө канча убакыт калды? Көрүшкөнчө жай мезгили, саламатта бол...»

Чегирткелердин чырылдаганын уккан койлор ичтери уйгу-туйгу болуп, тынчсызданып, тосмонун жыгачын түртүп чыгып, чыйыр жол менен талааны

көздөй жөнөштү. Алардын артынан каз балапандарын ээрчитип чыкты да, бакчадагы жерге түшкөн алмаларды чокулап жей баштады. Саз жакта өскөн зараң багы чегирткелердин үнүн угуп, чочуп кеткенден, жалбырактары сары-кызыл түскө айлангансыды.

Фермада болсо Уилбур көңүл чордонун ээлеп, элдин баары тегеректеп, аны карап жатышты. Үч маал тамактын, туура режимдин натыйжасында Уилбур келбеттүү, фермерлер көз арткан каманга айланды. Айрым учурда аны көргөнү келген адамдардын саны жүзгө чейин жетип атты. Шарлотта болсо желеге «ЖАЛТЫРАГАН» деген жаңы сөз токуду. Уилбурдун териси күнгө чагылышып, жалтырап, атына заты жарашып турду. Торопой ар дайым жөргөмүш досунун ишеничин актоого далалат кылчу. Шарлотта желеге «Өзгөчө торопой» деп жазса, Уилбур башкалардан айырмаланууга, «Кудуреттүү» деп жазса, ошого ылайык түр көрсөтүүгө, эми «Жалтыраган» деген сөздү жазгандан кийин, болушунча терисин күнгө чагылыштырып, жалтырап көрүнүүгө болгон аракетин жумшап жатты.

Чындыгында, жалтырап көрүнүү оңой-олтоң нерсе эмес болчу. Уилбур ал үчүн башын кыйгач буруп, кирпиктерин кайкалатып, көздөрүн жалтыратып карап калчу. Эл жадап баратканын байкаса, дароо демин ичине алып, күүлөнүп туруп, артты көздөй чимирилип, секирип, турган элди таң калтырчу.

– Чындыгында эле жөнөкөй торопой эмес экен-

би? – деп Закерман элди карап компоюп туруп калчу. – Мындай жалтыраган торопой элде жок!

Ошентип, күндөр зуулдап өтүп атты. Уилбурдун достору ал ар дайым көңүл чордонунда болгонго көнүп, атак-даңкка жеткенден кийин кекирейип, бой көтөрүп калат деп чочулап жүрүштү. Бирок Уилбур мурдагысындай эле, бир калыптан жазган жок. Дагы эле келечегинен тынчсызданып, кичинекей жөргөмүш анын өмүрүн сактап каларынан күмөн санап жүрдү. Кээде уктап жатып, түшүнөн чочуп ойгончу болду. Бир жолу түшүндө адамдар бычак, мылтык алып келип, аны сойгону жатышыптыр. Чочуп ойгонсо, кудай жалгап, жөн гана түш экен.

Күндүз Уилбур эч нерседен капарсыз, жакын достору менен күн өткөрүп, өзүн андан өткөн бактылуу жан жоктой сезип жүрдү. Анткени Уилбур үчүн достук дүйнөдө теңдеши жок, жараткандын тартуусу болчу. Кара чегирткелердин добушу башкаларды убайымга салган болсо, Уилбурга эч кандай таасирин тийгизген жок. Балким, торопой алдыдагы жарманкеге камданып, толкунданып жаткандыктан ага анча көңүл бурбаса керек. Эгер Уилбур жарманкеде сыйлык алса, Закерман аны соймок тургай көзүнүн карегиндей сактай турганы анык болчу.

Акыркы күндөрү Шарлотта өзүнчө эле түйшүк тартып, досунан бир нерсени жашырып жүргөндөй туюлду. Күндөрдүн биринде Уилбур таң атпай

Шарлоттага келип, жарманке тууралуу кеп козгоду.

– Шарлотта, мени менен жарманкеге барасыңбы?

– Билбейм, – деди жөргөмүш. – Жарманкеге азыр барганга шарт жок. Ушул тапта мен үйдөн жарым карыш да чыга албайм.

– Эмнеге? – деди Уилбур.

– Кандай десем? Ишим өтө көп, азырынча желемден да чыга албайм.

– Суранам, мени менен барып келчи! – деп Уилбур жалдырады. – Мага сенин жардамың керек. Сенсиз кантем?

– Капа болбо! Бара албайм. Зарыл бир ишим бар. Үйдө калышым керек.

– Кандай иш? – деди Уилбур.

– Жумуртка чыгарганы турам. Ал жумурткаларды сала турган баштыкча дайындашым керек.

– Жумуртка дейсиңби? Мен билген эмесмин! – деди Уилбур.

– Таң калбай эле гой. Мен жумуртка да таштайм. Кыскасы, ар тараптуу жанмын, – деди жөргөмүш.

– «Ар тараптуу» дегенди кандай түшүнсө болот? – деди Уилбур. – Ичиңде толтура жумуртка бар дегенди билдиреби?

– Жок, колунан баары келгендерди «ар тараптуу» деп коюшат. Желе тартып, чымын-чиркей кармагандан башка да бир топ өнөрүм бар.

– Жарманкеге барып, жумурткаларыңды ошол жерден чыгарсаң кандай болот? Сонун болор эле! – деп Уилбур жөргөмүштү көндүрүүгө далалат кылды.

Шарлотта болсо желени чоюп туруп коё берди да, анын термелгенин ойлуу карап туруп:

– Жок, бара албайт окшойм, – деди. – Жумуртка таштаган кандай болорун сен билбейсиң да. Үй-бүлөлүк милдеттеримди жарманкеге алмаштыра албайм. Жарманке болобу, башкасы болобу, жетилген кезде жумуртка таштаганга даяр турушум керек. Сен көп ойлонбо, болбосо жарманкеге чейин арыктап кетесиң. Кыскасы, мындай деп сүйлөшөлү. Ага чейин өзүмдү жакшы сезсем, жарманкеге барам.

– Жарайт, – деди Уилбур. – Мени жалгыз таштабай, дайыма жардамга келериңди жакшы билем.

Ошол күнү кечке Уилбур самандын үстүндө ооналактап, кепеден чыккан жок. Шарлотта да чегиртке жеп, эс алып отурду. Жакында анын Уилбурга пайдасы тийбей каларына көзү жетип турду. Ошентип, Шарлотта башка иштеринин баарын жыйыштырып, жумуртканын баштыкчасын токууга киришкени турду.

# XVI. Жарманке

Жарманкеге барардан мурунку күнү баары күндөгүдөн эрте жатышты. Ферн менен Эвери саат сегизде жатып, Эверинин түшүнө каруселге түшүп баратканда, эң үстүнө жетип токтоп калганы, ал эми Ферндин түшүнө селкинчек тээп, башы айланганы кирди.

Лэрви саат сегиз жарымдарда жатып, түшүндө бейсбол тобун мышык оюнчукка тийгизип, «Наваxо» жуурканын утуп алганын көрдү.

Закермандар саат тогузда жатышып, кожойке түшүндө чоң муздаткыч сатып алып, ал эми Закерман мырза түнү бою Уилбурдун туурасы бир метр



сексен сантиметрге, узуну жыйырма сегиз метрге жетип, жарманкедеги сыйлыктардын бирин калтырбай алып, куйругуна чейин тасма байлап, майрамдап жатышканын көрүп чыкты.

Кепедегилер Шарлоттадан башкасынын баары эрте жатышты. Себеби эртең менен эрте Уилбурду жарманкеге узатышмак.

Таң шооласы жаңыдан агарып келатканда эле бардыгы ойгоно башташты. Үрүл-бүрүлдөн күн абдан ысып, үп болуп турду.

Ферн сырттан бир чака жылуу суу алып келип, жуунуп-тазаланып, эң кооз көйнөгүн кийди. Себеби жарманкеге өзү курактуу балдар да бararын билчү. Арабл айым болсо Эверинин башы-көзүн жууп, чачын кыйгачынан бөлүп, төбөсүндө сороюп чыгып калган алты тал чачы болбосо, тысырайта тарап берди. Эвери таза көйнөгү менен көк жынсы шымын кийди. Арабл мырза кийинип, тамагын ичти да, машинесин жууганы кетти. Арабл мырзанын убадасы менен, жарманкеге Уилбурдан тышкары бардык үй-бүлө мүчөлөрү барганы турушту.

Лэрви болсо эрте туруп, Уилбурду сала турган жыгач кутунун ичине саман төшөп, чочкокананын оозуна койду. Ал жыгач кутунун сырты жашыл менен сырдалып, капталына алтын түстөгү тамгалар менен:

«ЗАКЕРМАНДЫН АТАКТУУ ТОРОПОЮ» деп жазылган болчу.

Шарлотта болсо Уилбурдун кутусу илип кетпесин деп, желесин ары тартып койгон. Уилбур жарманкеде жалтырап көрүнүү үчүн, кулагынын артына тийгизбей, тамагын кыбаптап, чайнап жеп атты.

Бир маалда ашканадан Закерман айымдын үнү чыкты.

– Гомер, мен торопойду кечээги тартылган сүткө жуунтуп койсом, кандай болот?

– Эмне менен? – деп Закерман мырза кайталап сурады.

– Тартылган сүт менен деп атам. Мурда чоң апам кир болгон торопойлорду сүткө жуунтканы эсимде.

– Биздин Уилбур кир деле эмес, – деди Закерман мырза.

– *Лэрви* жугундуну куйган сайын, кулагынын артына чачырай берип, катып калыптыр. Капталы кык болуп жүрөт.

– Самандын үстүндө жатпайбы, – деди Закерман.

– Ой, баары бир жуунтуш керек.

Закерман мырза гүлчө жеп, көңүлсүз отурду. Жубайы болсо отунканадан суу өтүк, эски плащ, бир чака тартылган сүт, анан жыгач күрөк көтөрүп келди.

– Эдит, сенин акылың ордундабы? – деп Закерман күңкүлдөдү.

Закерман менен акыйлашып, убакыт коротпостон, Эдит Уилбурду сыртка жетелеп чыгып, жыгач күрөктү чакадагы сүткө малып, башынан ылдый

жууй баштады. Каздар, койлор, козулардын баары кепеден моюндарын созуп, торопойду кызыгып карап турушту. Ал тургай Темплтон да Уилбурдун сүт ваннага түшүп жатканын көрүү үчүн тешиктен акы-



рын шыкаалап карады. Ал эми Шарлотта желедеги жиби менен ылдый түшүп, карады. Уилбурдун эки капталынан сүт агып, көзүн жумуп, магдырап турду. Бир маалда ооз жагынан агып бараткан сүттөн даамдап калганга жетишти. Закерман айым жуунтуп бүткөндө, Уилбурдун жүнү ого бетер жалтырап, өңүнө чыгып, таза, татынакай торопойго айланды. Кулагынын арты менен тумшугунан башка жеринин баары аппак жибек жиптей жалтырап турду.

Закермандар жасанып, сый кийимдерин кийип, Лэрви сакал-мурутун алып, чакмак көйнөгү менен

кара кочкул галстугун тагынып, короодо калган малдын баарын сыртынан бекитип, даяр турушту.

Жети балапан каздын артынан калбай, тегеренип:

– Би-би-биз дагы жарманкеге барсак болобу? – деп бир балапан баштаса, артынан баары чыйпылдап, апасын жадатып атышты. – Су-су-су-суранабыз, – деп жетөө жети жактан кыйкырып, кулактын кужурун алып жиберишти.

– Балапандарым! – деди каз. – Тынчтангыла! Жарманкеге Уилбурдан башка эч ким барбайт.

Сөзгө ары жакта турган Шарлотта аралашып:

– Мен да баруунү чечтим, – деди акырын. – Уилбурга менин жардамым керек. Жарманкеде эмнелер болуп кетерин эч ким билбейт. Ал жакка жазганды билген бирөө, анан ары жак, бери жакка жумшаганга Темплтон да барса жакшы болмок.

– Мага эмне бар? – деп келемиш бурк этти. – Жарманкеге барып алып эмне кылмак элем?

– Жарманкеге барып көрбөгөн үчүн ушинтип атасың, – деп картаң кой сөзгө аралашты. – Жарманке келемиштер үчүн чыныгы майрам. Ал жакта күндүз да, түндө да жарылганча тамак жейсиң. Атканада жорго менен күлүктөргө бере турган сулу жерде эле төгүлүп жатат. Жолдун четиндеги чөптүн үстүндө тиштелген нан, тоголок бышкан жумуртка, быштак салынган баштык, жүгөрүнүн дүмбүлү, пирожныйдын калдыгы, бадам, балмуздактын сырты, короз момпосуй – айтор, эмне гана жок! Жердин баарында, чатырда, дүкөндө, чөпкананын ичинде

тамактан баш айланат. Жарманкеден кийин бир короо келемиш тойгудай таштанды чыгат.

Темплтондун көздөрү жалтылдай түштү.

– Чын элеби? – деди ал. – Же мага оюңдан чыгарып, жомок айтып атасыңбы? Мен төгүл-чачыл жерди жакшы көрөрүмдү билип, жөн эле азгырып жаткан жоксуңбу?

– Чын айтам, – деди кой. – Ойлонбой эле бара бер, өкүнбөйсүң. Ал жактан асмандан тилегениң жерден табылат. Камкаймактын идиштери, балыктын калай банкалары, май болгон кагаздар, бүксүп кеткен...

– Болду, токтот! – деди Темплтон. – Андан ары улабай деле койсоң болот. Жарманкеге бара турган болдум!

– Жакшы! – деп Шарлотта койго көз кысып койду. – Эми убакытты текке кетирбей, Уилбурдун жыгач кутусунун бир жерине көрүнбөй түшүп алалы. Бир аздан кийин Уилбурду жүктөшөт.

Темплтон чуркап барып, алдындагы жыгачтардын ортосуна кыпчылып, самандын арасына кирип кетти.

– Эми менин кезегим, – деди Шарлотта.

Ал жел менен кошо учуп барып, жибине жармашып, түштү да, жыгач кутунун боору менен чыгып, кутунун үстүнкү тактайынын бир тешигине кирип алды.

– Жүк болбосоң коё кал, – деди картаң кой башын чайкап. – Кутунун бооруна андан көрө «Закермандын атактуу торопою менен билетсиз эки жүргүнчү» деп жазып койсо туура болмок.

– Киши-киши-кишилер келатат! – деп каз кыйкыра баштады. – Акырын-акырын-акырынгыла!

Бир маалда Арабл мырза жүк ташуучу машинени короого арты менен айдап, Лэрви менен Закерман жанында басып келатышты. Эвери менен Ферн болсо машиненин үстүндө, капталына арта салынып, карап турушту.

– Уилбур, мени жакшылап угуп тур, – деди картаң кой. – Алар кутунун оозун ачып, сени айдай баштаганда, дароо эле кирип кетпе. Адатта, чочколор жүктөөрдө, артка кетенчиктеп, кирбей, ээсинин айласын кетиришет.

– Антсем, кайра кирдеп калбаймынбы? – деди Уилбур.

– Эч нерсе болбойт! Менин айтканымды кыл! Бир аз кыр көрсөтүп койбосоң, Закерман мырза шектенип, жарманкеге алып барбай коюшу мүмкүн.

Самандын алдынан Темплтон башын чыгарып:

– Койдун айтканын аткарсаң аткар, бирок мени тебелеп-тепсеп, жалпайтып, таш-талканымды чыгарып, көзүмдү көгөртүп, былчыйтып салба. Кыскасы, урматтуу Жалтырак мырза, түшүп жатканда абайлай көр!

– Темплтон, акырын, – деди кой. – Келатышат, башыңды соройтпой кат. Уилбур, шек алдырба! Шарлотта, сен да жашын! Каздар, силер болсо алаксытып, каркылдап тургула.

Машине арты менен келип, акырын токтоду. Арабл мырза машинеден түшүп, эки жагын карап

чыкты да, арткы бортун ачты. Каздар жандары калбай каркылдап атышты. Арабл айым машинеден түшөрү менен Ферн менен Эвери да үстүнөн секирип түшүштү. Закерман айым болсо үйүнөн чыгып, баары каз катар тизилип, Уилбурду суктанып карап турушту. Бирок кутуда Уилбурдан башка дагы экөө баратканын билишкен да жок.

– Өзгөчө торопой! – деди Арабл айым.

– Кубаттуу! – деди Лэрви.

– Жүнү жалтырап турганын карагылачы! – деди Ферн. Анын эсине торопойдун жаңы туулган кези түштү.

– Ооба, – деди Закерман айым, – сүткө жуунтканым жакшы болду. Кадимкидей кири кетип, жалтырай түштү.

– Торопойдун алды болду, – деди Арабл мырза. – Жаңы туулгандагысы эсиңердеби? Минтип чоңоёт деп ким ойлоптур. Гомер союп алса, сонун эт болот!

Уилбур уккан кулагына ишенбей, көзү караңгылап, жер астын-үстүн боло түштү.

– Көңүлүм айнып баратат, – деп Уилбур жанында турган койго шыбырады.

– Башыңды ылдый кылып, тизелеп отура кал. Кан башыңа тепсин.

Уилбур өң-алаттан кетип, көзүн жумуп, тизелеп отуруп калды.

– Карагылачы, – деп Ферн кыйкырып ийди. – Уилбур өлүп баратат окшойт.

– Мени карагылачы! – деди Эвери. Ал төрт аяк-

тап Уилбурдун кутусуна кирип баратты. – Мен торопоймун! Мен торопоймун!

Бир маалда Эверинин буту самандын алдында үңүп жаткан Темплтонго тийип кетти.

– Тебелеп-тепсеген бойдон бул бала каяка баратат? Адепсиз десе! Кайдан да булардын ишине аралашып калдым эле? – деп келемиш ичинен бушайман болуп атты.

Жыгач кутуга кирип бараткан Эверини көргөн каздар мурдагыдан да катуу каркылдай баштаашты.

– Эвери, алдагы жактан чык деп атам! – деп апасынын ачуусу келди. – Сага деги качан эс кирет! Чоңойгондо кандай адам болор экенсиң?

– Чочко болом! – деп Эвери саманды асманга сапыра баштады. – Корк, корк, корк!

– Машине жүрүп кетти! – деди Ферн кишиси жок өзү эле дөңдөн ылдый түшүп бараткан машинени көрсөтүп.

Арабл мырза шашкалактап чуркап барып, тормозду басканга жетишип калды. Машине токтосо деле, каздар токтоно албай каркылдап атышты. Шарлотта машине менен кошо күү менен тоголонуп барып токтогондо, кайра тешикке кирип кетти. Бактыга жараша, Эвери жөргөмүштү байкабай калды.

– Мен сага чык дебедимби! – деп Арабл айым кыйкырды.

Эвери төрт аяктап кутудан чыгып, бырышып-тырышып, кебетесин бузуп, Уилбурду карары менен, торопой эстен танып жыгылып калды.



– Торопой жыгылып калды, – деп Закерман айым бакырды. – Суу алып келгиле!
– Суудан көрө тартылган сүт чачып көрбөйлүбү, – деди Эвери.

Каздар ызы-чуу түшүп атышты.

Лэрви чаканы алып, сууга чуркады. Ферн болсо Уилбурдун жанына келип, тизелеп отурду.

– Башына күн өтүп кетти го дейм, – деди Закерман. – Бүгүн күн катуу ысыды.

– Өлүп калган жокпу? – деди Эвери.

– Чык деп атам! – деди апасы.

Эвери кутунун артына секирип өтүп, Уилбурду карап турду.

Лэрви бир чака суу алып келип, Уилбурга жаба чачканын көрүп, Эвери:

– Мага да чачып койгулачы! Аябай ысып кеттим!– деди.

– Сүйлөбөй тура турчу! Акырын! – деди Ферн көзү жашылданып.

Суу чачкандан кийин Уилбур эсине келип, теңселип ордунан турду.

– Курсагым ачып кетти, – деди Эвери. – Мага бышкан алма бергилечи!

– Уилбур жакшы болуп калды. Жолго чыга берелиби? Каруселге түшкүм келип атат, – деди Ферн.

Закерман, Арабл жана Лэрви торопойду желкесинен кармап, кутунун ичине түртүп кийире баштшты. Уилбур кетенчиктеп, артка кетип, туйлап кирбей атканын көрүп, машинеден Эвери да түшүп, түртүшө баштады.

– Торопой жакшынакай эле турат. Баары жайында! – деп Закерман санаасы тынчып, сүйүнө түштү. – Кана, жигиттер, бир-эки, кеттик! – деди, тизеси менен торопойду түртүп.

Торопойду кутуга түртүп кийиргенче, каздар каркылдай берип, үндөрү бүтүп калды.

Лэрви торопой чыгып кетпесин деп, жыгач кутунун оозуна туурасынан тактай кагып салды. Анан дагы бир жолу чымырканып, оор кутуну машиненин үстүнө салып жатканда деле, кутуда жалгыз эле Уилбур эмес экенин билишкен жок.

– Кана, эмесе, баарыңар машинеге отургула! – деди Арабл мырза. Кабинага айымдар, үстүнө Закерман, Ферн жана Эвери чыгып отурушту. Аларды узатып аткансып, каздар тынбай каркылдаган бойдон калышты.

Ошентип, баары жарманкеге жол тартышты.

# XVII. Таяке

Жарманкеге жеткени калганда, алыстан эле жаңырган музыка угулуп, асман тиреген карусель көрүндү. Аттардын жарыш жолуна жаңы эле суу чачып кеткендиктен, чаң менен гамбургердин жыты аралашып турду. Асман толо шар учурулуп, короодо койлордун маараганы угулду. Радио түйүндөн:

– Көңүл бургула! Н-2439 номерлүү, «Понтиак» маркасындагы автоунаанын ээсин өрт өчүрүү станциясынын аянтчасынан алып коюуну суранабыз, – деп кайталаганы угулуп турду.

– Бир аз акча бериңизчи! – деди Ферн.

– Мага дагы! – деди Эвери.

– Ойлогон саныма токтоп калса, куурчак утуп алышым мүмкүн, – деди Ферн.

– Мен болсо реактивдүү учак менен башка учакты сүзүп түшүрөм, – деди Эвери.

– Мага шар сатып бериңизчи! – деди Ферн.

– Атаке, мага короз момпосуй, үстүнө сыр коюлган нан, анан малина кошулган суу алып бериңизчи! – деди Эвери.

– Торопойду түшүргөнчө коё тургулачы, – деди апасы.

– Жөн кой, балдар сейилдеп келе берсин, – деди атасы. – Жарманке бир жылда бир эле жолу болот.

Атасы Фернге эки жыйырма беш, эки он тыйын, Эвериге болсо беш он тыйындык, төрт беш тыйындык берди.

– Бара бергиле, – деди атасы. – Бул акчаны кечке чейин жеткиргиле. Дароо эле коротуп салбагыла. Түшкө жуук машиненин жанына келгиле, чогуу тамактанабыз. Колуңарга тийген нерсени жей бербегиле, ичиңер оорубасын.

– Селкинчекке барсаңар, бекем кармагыла, – деди апасы. – Катуу кармагыла, уктуңарбы?

– Адашып кетпегиле!

– Кийимиңерди булгабагыла!

– Күн өтүп кетпесин!

– Акчаңарды уурдатып ийбегиле!

– Чуркап келаткан аттын алдынан чыкпагыла!

Балдар кол кармашып, секирген бойдон селкинчекти көздөй жөнөштү. Музыка жаңырып, алар укмуштуу окуя издеп, ата-энесинин жетеги, жемеси жок, ээн-эркин, каалаганын жасап, көңүл ачарын ойлогондо, кубанычтары коюнуна батпай турду. Арабл айым алар узап кеткенче карап турду да, көзүнө жаш алып:

– Балдарды минтип жалгыз коё бергенге эрте эмеспи? – деди ал.

– Балдар өз алдынча болгонго көнүш керек, – деди Арабл мырза. – Жарманке ал үчүн коопсуз жер.


SKY
BLANKETS

Уилбурду машинеден түшүрүп, башка кепеге киргизгени жатканда, элдер чогулуп, тегеректеп калышты. Баарынын көңүлүн «ЗАКЕРМАНДЫН АТАКТУУ ТОРОПОЮ» деген жазуу бурдурду. Уилбур элге өзгөчө, жылтырап көрүнүүгө аракет кылып атты. Жарманкедеги кепенин үстү күндөн калкаланып, ичинде чөп өсүп калыптыр.

Эл алаксып жатканда, Шарлотта устун менен шыпка чыгып кетти.

Күндүз тобокелге салып, элдин көзүнө урунгусу келбеген Темплтон күүгүм киргенче чыдап, самандын алдында жата турууну чечти.

Закерман акырга тартылган сүт куюп, кепенин ичине саман ыргытып коюп, баары асыл тукум уйларды көрүп, жарманкени кыдырып келгени кетишти. Закерман улам бир тракторго кызыкса, жубайы муздаткычтарды карап жүрдү. Лэрви элдин арасынан жоро-жолдошторун карап атты.

– Бир четинен, мага көрүнгөн нерсени сен көрө албаганың деле жакшы болду, – деди Шарлотта.

– Эмнелерди көрүп атасың?

– Коңшу малканада чоң каман жатат. Баамымда, ал сенден бир топ эле көлөмдүү окшойт.

– Балким, жашы улуудур. Мен дагы чоңоём да, туурабы? – деди Уилбур каргылданган үн менен.

– Барып, жанынан карап келейинчи, – деди да, Шарлотта устун менен коңшу кепеге өтүп, желеси менен түшүп, камандын тумшугунун так үстүндө асылып турду.

– Сенин атың ким? – деди жөргөмүш сыпайы.

Каман Шарлоттаны карап калды.

– Менин атым жок, – деп каман коркулдады. – Таяке деп кайрыла берсең болот.

– Жарайт, таяке, – деди Шарлотта. – Качан туулдуң эле? Жазындабы?

– Албетте, жазгы торопоймун, – деп таяке күңк этти. – Мени жазгы жөжө экен деп аттың беле? Хо-хо! Жок, жаңылышасың, карындаш!

– Буга чейин деникиндей тамашанын далайын уккам, – деди Шарлотта. – Таанышканыма кубанычтуумун! Жакшы кал!

Шарлотта акырын желе менен кайра чыгып, Уилбурдун кепесине келди.

– Коңшу каман жазгы торопоймун деп атат, – деди Шарлотта. – Калп айтпаса керек. Бирок ал орой, адепсиз экен. Жанына барсам коркулдап, жөнү жок тамашалай баштады. Сендей таза, сүйкүмдүү да эмес экен. Жамандын кылыгы бир эле кирип-чыкканда байкалат эмеспи. Мага өтө жагымсыз таасир калтырды. Бирок көлөмү менен салмагы жагынан ага тең келе албайсың. Бир амалын табыш керек. Сен көп камтама болбо. Баары жайында болот.

– Желени качан тарта баштайсың? – деди Уилбур.

– Абалым жакшы болсо, кечкурун. Кичине кыймылдап койсом эле, чарчап калып атам. Шайым жок. Айла жок, жыл өткөн сайын...

Уилбур досунун шишип, кыйналып турганын байкады.



– Шарлотта, табың болбой турат окшойт. Сени көрүп алып, сарсанаа боло баштадым, – деди торопой. – Балким, желе тартып, бир-эки чымын кармап жесең, оңолор белең?

– Мүмкүн, – деди Шарлотта. – Алым кетип, чарчап турам.

Сөзүнүн аягына чыкпай, жөргөмүш башын ылдый салаңдаткан бойдон, үлдүрөп көзү жабыша баштады. Уилбурду досунун абалы абдан тынчсыздандырып турду.

Эртең менен Уилбурдун кепесине келген кишинин аягы суюлган жок. Он чакты бейтааныш адам Уилбурдун аппак, жалтыраган жүнүнө, буралган куйругуна суктанып, карап туруштү. Анан кийинки кепедеги камандын көлөмүн сөз кыла баштаганда,

Уилбурдун ичи уйгу-туйгу боло баштады.

– Минтип, Шарлоттанын да ооруп калганын карасаң, – деди торопой ичинен.

Темплтон болсо күндүз күн абдан ысыгандыктан, самандын алдынан чыкпай уктап жатты. Түшкө жуук кожоюндар кепеге келишкенде, артынан эле тердеп-кургап, кийимдери кир болгон Ферн менен Эвери антаңдап кирип келишти. Ферн бир колуна оюнчук маймыл, экинчи колуна таттуу жүгөрү кармап алган. Эвери болсо кулагына шар байлап, шекерге чыланган алманы кемирип атты.

– Эшик абдан ысык, ээ? – деди Закерман айым.

– Киши чыдагыс! – деди Арабл айым муздаткычтын жарнагы бар кагаз менен желпинип.

Баары биринин артынан бири машинеге түшүп, тамак салынган кутуларды ачып жатышты.

Ысыктан эч кимдин жүрөгүнө тамак барбай турду.

– Калыстар тобунун жыйынтыгы качан чыгат экен? – деди Закерман айым.

– Эртеңден эрте чыкпайт го дейм, – деди жубайы.

Бир маалда ары жактан утуп алган инди жуурканын колтуктап келаткан Лэрвинин карааны көрүндү.

– Бизге абдан керек нерсе алып келген турбайсыңбы, – деди Эвери.

– Дал өзү, – деди да, Лэрви бортко жуурканды чатырдай кылып калкалап илип койду. Балдар жыргап анын астына көлөкөлөп отурушту. Тамак ичкенден кийин узунунан түшүп жатып, уйкуга кетишти.

# XVIII. Салкын кеч

Кеч кирип, күн салкындаганда, Темплтон эки жагын элеңдеп карап, сыртка чыкты. Уилбур төшөлгөн самандын үстүндө керилип жатты. Шарлотта болсо дагы эле тынбай желе токуп атты.

Темплтон тумшугун жогору көтөрүп, ары жак, бери жактан келген сонун тамактын жыттарына тойбой турду. Тамак көзүнөн өтүп, суусугандыктан, эч кимге эч нерсе айтпастан, шимшилеп ууга жөнөдү.

– Мага дагы бир сөз таап келип берчи, – деп Шарлотта келемиштин артынан кыйкырып калды. – Бүгүн түнү акыркы сөздү токуйм.

Темплтон күңкүлдөп бир нерсе деди да, караңгы бурчка кирип кеткен бойдон, көрүнбөй калды. Аны ар ким жумшай беришин каалабай турду.

Күндүзгү ысыктан элдин баары жүдөп, күн батары менен жыргай түшүштү. Карусель жарыкка чагылышып, күндүзгүдөн дагы тез айланып, чоңоюп кеткендей сезилди. Жолдун четиндеги жарыктар жарк-журк этип турду. Ары жакта оюн автоматтарынын тырсылдаган, селкинчектердин шуулдаган дабышы, лотонун номерин кыйкырып айтып аткан адамдын үнү жаңырып угулуп атты.

Бир аз чырм этип алып, балдар сергип калышкан. Ферн досу Генри Фассиге жолугуп калды да, Генри билет сатып берип, алар чогуу каруселге түшүштү. Жүзүнө кубаныч толгон Ферндн, уламдан-улам бийиктеп бараткан каруселди, жылдыздуу түндү тиктеп, Арабл айым:

– Карасаң! Бул убакка чейин Генри Фассини байкабаптырмын! – деди өзүнчө.



Темплтон желип-жортуп жүрүп, бирөөнүн гезитке оролгон тамагынын калдыгын, анын ичиндеги тиштелген швейцария сырын, жеп бүтүрө албай калган тоголок жумуртка, курт түшкөн алманын өзөгүн таап алды, бирок эч кимдин көзүнө илинбегенге аракет кылып жатты. Гезиттин үстүнө чыгып алып, баарын жеп бүттү да, гезиттин четиндеги бир сөздү айрып алып, тиштеген бойдон Уилбурдун кепесин көздөй жөнөдү.

Темплтон келгенче Шарлотта желени токуп бүтүп, ортосуна гана орун калтырып койгон. Кепенин жанында келемиш, жөргөмүш жана торопойдон башка эч ким калган эмес.

– Деги, ылайыктуу сөз таап келдиңби? – деди Шарлотта. – Анткени бул токуй турган акыркы сөз.

– Мына, – деди Темплтон бир үзүм гезитти сунуп.

– Эмне деп жазылыптыр? Окучу.

– Ал жерде «оор басырыктуу» деген сөз бар экен.

– «Оор басырыктуу» дейсиңби? – деп Шарлотта кайталады. – Бул сөздүн эки мааниси бар. Биринчиси, «кекирейип, бой көтөрбөгөн» дегенди билгизсе, экинчиси, «жупуну, жөнөкөй» дегенди билдирет.

– Эми ыраазысыңбы? – деп келемиш күңк этти. – Мен өмүр бою сенин айткандарыңды аткарып, чуркап жүргүдөй алым жок. Мен жарманкеге жыргап убакыт өткөрүү үчүн келдим. Сенин кагаздарыңды ташып жүрүү үчүн келген жокмун.

– Мага абдан чоң жардамың тийди, – деди Шарлотта. – Эми жарманкеге бара бер. Жыргачу убакыт али алдыда.

– Бүгүн кечинде мага жыргал болот, – деди Темплтон күлүмсүрөп. – Картаң койдун айтканы чын экен. Жарманке келемиштер үчүн чыныгы майрам турбайбы. Толгон токой тамак! Толтура суусундук! Жашына турган, аңдый турган жер да жетиштүү. Ден соолугуң чың болсун, оор басырыктуу Уилбур! Көрүшкөнчө, айлакер Шарлотта! Мен бул кечти өмүр бою унутпайм!

Ошентти да, келемиш караңгыга сүңгүп кирип, жок болду.

Түн жарымы болсо да, Шарлотта ишин улантып жатты. Алыстан жаркылдап фейерверк атылып,

шарлар асманга учуп атты. Аянттан эл кайтканча, Шарлотта торду түйүп, ортосуна «оор басырыктуу» деген сөздү коздоп, токуганга жетишти. Бирок бир жагынан, толкунданып, экинчи жагынан, чарчап турган кожоюндар караңгыда желени байкаган да жок.



Ферн менен Эвери машиненин үстүнө чыгып, инди жуурканын жамынып жатып алышты. Лэрви болсо Уилбурдун алдына бир айры саман салып койду. Арабл мырза болсо торопойдун жонунан таптап:

– Биз үйгө кеттик. Эртең көрүшкөнчө, – деди.

Чарчаган кожоюндар машинеге түшүп, от алдырышты да, арты менен жылып чыга башташты.

Шарлотта болбогондо, Уилбур таптакыр жалгызсырап, маанайы чөгүп калмак болчу. Бирок жа-

нында Шарлотта бар экенин билип, алыста дагы эле жаңырып турган музыканын дабышын угуп, Уилбур көңүлү ток, компоюп турду.

Уктап баратып, ал Шарлоттадан баягы бешик ырын ырдап берүүсүн суранды.

– Башка күнү ырдап берейинчи, – деди Шарлотта, – азыр абдан чарчап турам. Жөргөмүштүн үнү желеден эмес эле, күңгүрөп алыстан угулгандай сезилди.

– Сен каяктасың? – деди Уилбур. – Мен сени көрө албай атам. Торуңдасыңбы?

– Бүгүнчө тордо эмесмин, – деди Шарлотта.

Уилбур көзүн бекем жумду.

– Шарлотта, – деди Уилбур бир аздан кийин. – Закерман мени суук түшкөндө союп салбайбы? Кандай дейсиң? Сен чындап эле сойбосуна ишенесиңби?

– Албетте, – деди Шарлотта. – Сен азыр атактуу торопой болдуң. Бир чети, чындап эле өтө мыктысың. Эртең сыйлык алып калсаң, дүйнө жүзүнүн баары дүңгүрөйт. Закерман сендей торопой менен сыймыктанат. Сен корко турган эч нерсе жок. Оюңа эч нерсе алба, Уилбур. Балким, узак өмүр сүрөсүң. Ким билсин? Эми укта!

Бир мүнөттөй жымжырт боло түштү да, Уилбур кайра эле:

– Шарлотта, сен эмне кылып атасың? – деди.

– Бир иш жасап атам. Менин бош отурган күнүм болбосун өзүң жакшы билесиң да.

– Мага тиешелүү бир нерсе токуп атасыңбы? – деди Уилбур.

– Жок, – деди Шарлотта. – Бул жолу өзүмө жасап жатам.

– Айтсаң, ал эмне экенин? – деп Уилбур сурана баштады.

– Эртең мененкиге чейин чыдай тур, – деди Шарлотта. – Таң агарып, таранчылар асманга канаттарын сермегенде, уйлардын чынжырлары шылдырай баштаганда, короз кыйкырган кезде, жымыңдаган жылдыздар билинбей, өчө баштаганда, бирин-экин машинелердин үнү угула баштаганда, көзүңдү ачсаң, мен өзүм жасаган ишимди сага көргөзөм.

Шарлотта акыркы сөзүн айтып бүтө электе, Уилбур бышылдап, таттуу уйкуга кетти.

Жарманкеден бир топ чакырым алыстыкта, Араблдын үйүнө чогулган элдер ашкананын үстөлүнүн үстүндө кечээги күндү талкуулап, шабдаалы ширесин ичип отурушту. Эвери эчак эле үстүнкү кабатка уктаганы чыккан. Ферндт болсо Арабл айым жаңыдан жаткырып атып:

– Сага жарманке жактыбы? – деп кызын өптү.

– Ооба, бул менин өмүрүмдөгү эң сонун күн болду! – деди Ферн.

– Мен абдан кубанычтуумун! – деди апасы.

# XIX. Жумуртка баштыкчасы

Эртеси күнү таң агарып, таранчылар асманга канаттарын сермегенде, уйлардын чынжырлары шылдырай баштаганда, короз кыйкырган кезде, жымыңдаган жылдыздар билинбей, өчө баштаганда, бирин-экин машинелердин үнү угула баштаганда, Уилбур көзүн ачып, Шарлоттаны карады. Жөргөмүш кепенин арткы дубалынын үстүнкү бурчунда сегиз бутун салаңдатып, үн катпай отурганын көрдү. Уилбурдун көзүнө Шарлотта бир түндө кичирейип кеткендей көрүндү. Анан торопой шыптагы баштык же пилла сымал бир нерсенин жабышып турганын байкады. Анын түсү шабдаалыныкындай, сыртын таттуу кебез менен каптап койгондой эле.

– Шарлотта, уктап атасыңбы? – деди Уилбур акырын.

– Ооба, уктап атам, – деди жөргөмүш.

– Сенин төбөңдөгү табышмактуу нерсе эмне болду экен? Сен аны өзүң жасадыңбы?

– Албетте, – деди Шарлотта үлдүрөп.

– Ал эмне, оюнчукпу?

– Оюнчук деп айтууга болбойт. Ал менин жумурткаларым салынган баштык. Мен жараткан шедевр десек болот.

– «Шедевр» деген эмне?

– «Шедевр» деген сөз латын тилинен алынган. «Өздүк чыгармачылык» дегенди билдирет. Жумуртка баштыгын токуу менин өмүрүмдө негизги орунду ээлейт. Ал менин сыймыгым.

– Анын ичинде эмне бар? – деди Уилбур таң калганын жашырбай. – Жумурткабы?



– Беш жүз он төрт жумуртка бар, – деди Шарлотта.

– Беш жүз он төрт? Койсоң тамашаңды!

– Мен бирден санап чыктым. Санап баштап алгандан кийин, аягына чейин чыгарууга туура келди.

– Баштыгың кандай кооз! – деп Уилбур кубанычы коюнуна батпай, аны өзү токугансып, сүйүнүп турду.

– Чын эле, жакшы экенби? – деп жөргөмүш баштыкты алдынкы буттары менен сылап койду. – Анан абдан бышык. Анткени аны эң бышык жиптен токудум. Ичине суу өтпөйт, жумурткалар жылуу, жумшак жата беришет.

– Шарлотта, – деди Уилбур ойлуу. – Сенин чындап эле беш жүз он төрт балаң болобу?

– Кийинки жазга чейин жумурткалар эч нерсе болбой, аман-эсен чыгып алышса, – деди Шарлотта.

Бирок Шарлотта муну айтып атып, капа боло түшкөнүн Уилбур байкап калды.

– Сенин маанайың эмнеге чөгүңкү? Тескерисинче, өзүңдү бактылуу сезишиң керек эмеспи? – деди Уилбур.

– Уилбур, мага көңүл бурбай эле кой, – деди жөргөмүш. – Жөн гана алсырап тургандыктан, ошондой көрүнүп атам. Анан дагы балдарымды экинчи эч качан көрө албайм деп капаланып турам.

– Антпечи, Шарлотта! Сен сөзсүз балдарыңды көрөсүң! Баарыбыз көрөбүз. Көрөсүң, келерки жылы жаз айында быжырап беш жүз он төрт кичинекей жөргөмүш шып менен чуркаса, кепе шаңга толот! Каздын балапандары да ошо маалда жумурткадан чегилип чыгышат. Койлор да төлдөгөн мезгил болот.

– Мүмкүн, – деп Шарлотта акырын сүйлөдү. – Бирок бүгүнкү күндүн акыбети кайтпасын жүрөгүм сезип тургандай. Мен алсырап, өзүмдү жаман сезип турам.

Уилбур «алсырап» деген сөздүн маанисин жакшы түшүнбөй калды. Бирок тынчын албайын деп, жөргөмүштөн кайталап сурабоону чечти. Бир аздан кийин чыдабай кетип:

– «Алсырап» дегендин мааниси кандай? – деди.

– Ал картайып, алы кетип калды дегенди билдирет. Уилбур, мен бир топ жашка келип калдым. Сен көп кам санаба. Бүгүн сен үчүн улуу күн. Желени карасаң, таңкы шүүдүрүмдө дапдаана көрүнүп турат!

Шарлоттанын тору мурдагыдан да өзгөчө, кооз көрүндү. Анын ар бир жибинде таңкы шүүдүрүмдүн тамчылары мончоктой жабышып турду. Күн нуруна желедеги ар бир оймо-чийме чагылышканда, көркөм өнөрдүн туу чокусуна тең келип турду. Бир сааттан кийин элдер чууруп келип, бул ажайып кереметти карап, аң-таң калышары шексиз болчу.



Уилбур желени суктанып карап турганда, бурчтан сербейген эки мурут менен учтуу тумшук көрүндү. Темплтон дубалдын түбү менен чуркап келди да:

– Мына мен да келип калдым, – деди. – Кеч деп ушуну айт!

Келемиштин курсагы торсоюп, кыям салган челектей болуп калыптыр. Уилбурдун көзүнө мурдагыдан семирип кеткендей көрүндү.

– Шумдук кеч болду! – деди келемиш кырылдаган үн менен. – Той шаңга бөлөндү! Каалашымча жеп-ичип, тойгонуман жарылайын деп калдым. Отуз тамактын түбүн жедим. Адатта, адамдардан анча тамак артчу эмес. Күн ысыктан тамактын баары сонун болуп, ачып-кычып, бузулуп кетиптир. Достор, мен мындай рахатты сөз менен жеткире албайм.

– Уялбайсыңбы, минтип айткандан, – деп Шарлотта келемишти жийиркеничтүү карады. – Бүгүн ичиң бурап ооруса, өзүңдүн ач көздүгүңдөн көр.

– Менин карыныма кабатыр болбой эле кой, – деп Темплтон күңкүлдөдү. – Менин карыным керек болсо темирди да эритет. Баса, сага айта турган суук кабарым бар. Коңшу кепедеги камандын жанынан өтүп баратсам, көк желекче илинип туруптур. Ал биринчиликти алган көрүнөт. Сага сыйлыктын четин да көрсөтпөй, сүрүп коюша керек. Закермандын ою бузуларына аз калды окшойт. Ал этсиреп, ышталган колбаса жегиси келген күнү бычагын курчутуп алып келеринен күмөнүм жок.

– Токтот! – деп Шарлотта ачуусу келе түштү. – Курсагың тоё түшсө эле, эмне айтып жатканыңды билбей, көзүңдү май басып калабы? Уилбур, мунун тантыган сөздөрүнө көңүл бурбай эле кой.

Уилбур башкага алаксып, сөздү башкага бурганга аракет кылды.

– Темплтон, – деди Уилбур. – Эгер сен акмак болбосоң, Шарлоттанын жумуртка салынган баштыкчасын эчак байкамаксың. Ал беш жүз он төрт жумурткага ылайыкташтырылып токулган. Жакында биздин Шарлотта эне болгону турат!

– Чын элеби? – деп Темплтон баштыкчаны көзүнүн кыры менен шектүү карады.

– Ооба, чын эле, – деп Шарлотта үшкүрүнүп алды.

– Куттуктайм! Кеч деп ушуну айт! – деп келемиш күбүрөдү да, чырм эткени самандын астына култ этип кирип кетти. Уилбур менен Шарлотта бир саатка болсо да, андан кутулушканына сүйүнүп турушту.

Саат тогузда Араблдын машинеси Уилбурдун кепесинин жанына токтору менен:

– Карагылачы! – деди Ферн. – Шарлоттанын торун карасаңар! Анда эмне деп жазылганын көрдүңөрбү?

Чоңдор менен балдар жабылып, желедеги жазууну карап атышты.

– «ООР БАСЫРЫКТУУ», – деп Закерман мырза жазууну сыртынан окуду. – Уилбурдун мүнөзүнө анча ылайык эместей сезилип атат!

Керемет кайрадан кайталанып, желедеги жазуу өзгөрүп калганына баары сүйүнүп, Уилбурду карап турушту. Торопой болсо аларга ыраазы болуп, ичинен сүйүнгөнү менен, өзүн өтө оор басырыктуу алып жүрүүнүн аракетин көрүп, убара болуп атты.

Ферн эч ким карабай турганда, Шарлоттага көз кысып койду. Лэрви болсо чакага Уилбурдун тамагын алып келип, акырга куйду да, торопой ичкенче жонунан таяк менен сылап турду.

– Эй, карагылачы, – деди Лэрви коңшу камандын кепесинин оозундагы желекчени көрсөтүп. – Биринчилик бул каманга берилген окшойт.

Чоңдордун баары түшүнө албай, көк желекчени тиктеп туруп калышты. Закерман айымдын көзүнө жаш тегеренип кетти. Эч ким үндөбөй, жымжырт болуп турган маалда Лэрви бет аарчысын алып чыгып, чимкиргенде, жарманкенин аркы башындагы аттарга чейин чочуп кетишти.

– Мага акча бериңизчи, – деди Ферн. – Чоң жолго чыгып, сейилдеп келейин.

– Эч жакка барбайсың! – деди апасы. Ферн ызалана түштү.

– Эмне эле баарыңардын ыйлагыңар келип калган? – деди Закерман мырза. – Канакей, ишке киришкиле. Эдит, тартылган сүттү алып келе кой!

Закерман айым көзүн жүз аарчысы менен шашабуша аарчып, машинеден тартылган сүт куюлган идишти көтөрүп келди.

– Жууна турган убакыт келди! – деп Закерман мырза кубанычтуу жарыялады да, Закерман айым жана Эвери болуп Уилбурдун кепесинин ичине киришти. Эвери торопойдун башынан ылдый сүт куюп, калгандары щётка менен жышып, жууп атышты.

Өткөн-кеткендердин баары аларды көрүп токтоп, бир маалда бир топ киши топтошуп, чогулуп калды. Уилбур мурункудан да аппак болуп, кулагынан күн көрүнүп, териси күнгө чагылышып, жалтырап турду.

– Коңшу кепедеги торопойго караганда кичирээк болгону менен абдан таза экен. Мага ошонусу жагып турат, – деди чогулгандардын бирөө.

– Мага дагы, – деди экинчиси.

– Оор басырыктуусун кара! – деди бейтааныш аял желедеги жазууну карап.

Уилбурдун кепесинин жанынан өткөндөрдүн баары жакшы пикирлерин айтып, алкап атышты. Баары тең желеге суктанганы менен, Шарлоттаны эч ким байкаган жок.

Бир маалда радио түйүн тараптан жарыя угулду:

– Көңүл бургула! Гомер Закерман мырзаны, атактуу торопоюн алып, калыстар тобу отурган жерге келүүсүн өтүнөбүз. Атайын сыйлык тапшыруу аземи жыйырма мүнөттөн кийин башталат.

Баарыңыздарды бул салтанатка катышууга чакырабыз! Закерман мырза, торопоюңузду жыгач кутусуна кийирип, тез арада калыстар тобунун бөлмөсүнө келип калыңыз!



Закерман менен Арабл мырза уккан кулактарына ишене албай, бир саамга ордуларынан жылбай катып турушту. Ал эми Эвери кубанычы коюнуна батпай, кыйкырып-өкүрүп, асманга сапырган бир кучак саман Ферндин башынан ылдый түшүп атты. Закерман мырза эсине келди да, чуркап барып, жубайын кучактап, өпкүлөй баштады. Арабл мырза өз жубайын кучактаса, Эвери барып, Уилбурду өптү. Лэрви баарына кол булгалап, четте турду. Анан Ферн апасын, Эвери Ферндн, Арабл айым Закерман айымды кучактап калышты.

Алардын дал төбөсүндө, шыпта көрүнбөй турган Шарлотта сүйүнгөнүнөн, баштыкчадагы жумурткаларын кучактап турду. Анын жүрөгүнүн соккону барган сайын жайлап, карылыкка алдырып, алы-күчү кетип турду. Эми ал Уилбурдун өмүрүн сактап калганына чындап ынанып, көңүлү жайланып турду.

– Убакытты коротпой, Лэрви торопойдун жыгач кутусун бери сүйрөп келгиле! – деди Закерман мырза.

– Мага акча бериңизчи! – деп Ферн кайталады.

– Күтө турчу! – деп апасы кесе сүйлөдү. – Баарынын колу бошобой атканын көрбөй турасыңбы?

– Тартылган сүттүн идишин кайра машинеге салып койгула!– деп Арабл мырза буйруганда, Эвери идишти алып, машинени көздөй чуркады.

– Чачым жакшы эле турабы? – деди Закерман айым.

– Укмуш! – деди Лэрви менен Уилбурдун жыгач кутусун сүйрөшүп бараткан Закерман мырза.

– Чачымды көрбөй туруп эле айта бересиңби, – деп Закерман айым таарына түштү.

– Чачың абдан жарашып турат, Эдит! – деп Арабл айым анын көңүлүн алды. – Эч кам санаба!

Самандын астында жаткан Темплтон ызы-чуудан ойгонуп кетти. Ал эмне болуп жатканын уйку-соонун ортосунда түшүнө албай, жыгач кутуга Уилбурду салып жатышканын көрүп, эч кимге байкатпай, шуу этип кутудагы самандын алдына кирип кетти.

– Кана, балдар! Даярсыңарбы? Кеттик! – деди Закерман мырза.

Эркектер баары чогуу кутуну көтөрүп, үстүндө отурган Ферн менен кошо машинеге жүктөштү. Чачынын арасында самандар жабышкан бойдон, Ферн абдан толкунданып, жүзүнөн нур төгүлүп турду.

Баары машинеге түшүп алып, калыстар тобу отурган жерге жөнөштү. Каруселдин жанынан өтүп бараткында, Ферн досу Генри Фасси экөө өткөргөн унутулгус көз ирмемдер эсине түштү.

# XX. Салтанаттуу көз ирмем

Атайын билдирүү! – деген үн радио түйүндөн жаңырды.

– Жарманкени уюштурган жетекчилик алдыңыздарга Гомер Л. Закерман мырзаны жана анын атактуу торопоюн чакырат. Өзгөчө торопой салынган машине жакындап келатат. Баарыңыздарды четке чыгып, жол бошотууңуздарды өтүнөбүз! Бир нече убакыттан кийин атактуу торопойду түшүрүп, калыстар тобунун алдына сыйлык тапшыруу үчүн алып келишет. Дагы бир жолу көрүүчүлөрдүн четке чыгып, машинеге жол бошотушун суранабыз! Рахмат!

Бул сөздөрдү угуп, Уилбур толкунданып, башы айлана түштү.

Арабл мырза эл топтошкон жерге бирөөнү сүзүп албайын деп, акырын айдап кире баштады. Калыстар тобунун жанына жеткенде, Эвери машинеден секирип түшүп, арткы бортун ачты.

– Мен абдан толкунданып турам, – деп Закерман айым шыбырады. – Жүздөгөн адамдар бизди карап турушат.

– Кам санаба! – деди Арабл айым. – Бул жөн эле оюн сыяктуу нерсе эмеспи.

– Торопойду түшүрүңүздөр, – деди радио түйүндөгү үн.

– Кана, жигиттер, бир, эки, үч, кеттик! – деди Закерман. Элдин арасынан бир-эки киши кошулуп, торопойдун жыгач кутусун көтөрүшкөнгө жардам берди. Алардын арасынан эң тырышчаак жардамчы Эвери болуп чыкты.

– Жеңиңди түрүп ал, Эвери! – деди Закерман айым. – Куруңду жакшылап тартпасаң, шымың шыпырылганы калыптыр.

– Колум бошобой жатканын көрбөй турасызбы? – деди Эвери кабагын бүркөп.

– Карасаңыз, тиги жакта Генри да келатат, – деди Ферн.

– Кыйкырба! Колуң менен көргөзбө! – деп апасы кызына эскертүү берип койду.

– Мага акча бериңизчи, суранам! – деди Ферн. – Генри экөөбүз каруселге түшөлү десек, анын акчасы калбай калыптыр.

Арабл айым капчыгын ачып:

– Ме, бул кырк центти ал да, тезирээк ушул жерге кайра келип кал.

Ферн топтошкон элдин арасынан суурулуп өтүп, Генрини издей баштады.

– Закермандын торопоюн азыр чыгарышты, – деген үн жаңырды. – Эми кийинки кабарды күтөбүз.

Темплтон торопойдун кутусунун түбүндө жатты.

– Жөнү жок ызы-чуунун кимге кереги бар? – деп келемиш өзүнчө күңкүлдөп атты. – Өзүнчө эле убаралана беришет!

Ал эми кепенин шыбында Шарлотта жумуртка салынган баштыкчасын алдынкы буттары менен кучактап, бейкапар, мемиреп жатты. Ал радио түйүндө айтылгандардын баарын тыңшап, төбөсү көккө жетип турду. Шарлотта үчүн бул унутулгус, салтанаттуу көз ирмем эле.

Уилбур сыртка чыкканда, чогулган эл кол чаап, коштоп турушту. Закерман мырза шапкесин чечип, элге ыраазычылык билдирип, башын ийди. Лэрви болсо толкунданганынан чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып чыгып, моюнунан чыккан муздак терин сүртө баштады. Ал эми Эвери Уилбурдун жанындагы чалчыкка тизелеп отуруп алып, аны жонунан сылап атты. Закерман айым менен Арабл айым экөө машиненин жанында демдерин ичине алып күтүп турушту.

– Урматтуу мырзалар жана айымдар! Силердин назарыңыздарга Гомер Л. Закермандын атактуу торопоюн сунуштайбыз. Бул укмуштуу жаныбар тууралуу кабар дүйнө жүзүнүн бардык булуң-бурчтарына тарап, биздин штатка көптөгөн бай туристтердин келүүсүнө шарт түздү. Сиздер ошол Закермандын малканасындагы сырдуу сөз желеге жазылып, торопойдун өзгөчө экенин дүйнө жүзүнө

белгилүү болгон эстен кеткис күндү жакшы билесиздер. Канчалаган билермандар келип, ал сырды чечмелөөгө аракет кылганы менен ал чечилбеген бойдон калды. Ошондон улам бул кереметтүү күчкө таандык экенин моюнубузга алып, ага ыраазы болуп, сыймыктануубуз керек. Алдыңыздарда, желеде жазылгандай эле, жашоодо да өзгөчө торопой турат!

Уилбур оңтойсузданып, кызара түштү. Ал болушунча оор басырыктуу карманып, өзүнүн мыкты гана сапаттарын көрсөтүүгө аракет кылып атты.

– Бул укмуштуу жаныбар, – деп радио түйүндөгү үн улантты, – чындыгында эле кереметтүү жаныбар десек жаңылышпайбыз. Урматтуу мырзалар жана айымдар, ага көңүл бурсаңыздар! Анын аппак, жылмакай терисин караңыздарчы. Бир да так, чаң жуккан эмес. Кулактары менен туяктары кызгылт тартып, анын ден соолугунун чыңдыгынан кабар берип турат!

– Тартылган сүттүн пайдасы, – деп Арабл айым Закерман айымга шыбырады.

– Анын жалтырап, күнгө чагылышып турганын карагылачы. Желеге «жаркыраган» деген сөз жазылып калган күн эсиңиздерде чыгар. Ал сырдуу сөздөрдү бизге белги катары жолдогон кандай керемет күч болду экен? Албетте, аны жөргөмүш деп айтууга болбойт. Жөргөмүштөр акылдуу келип,

желени мыкты токуганын тана албайбыз. Бирок жөргөмүш жаза аларына көзүм жетпейт.

– Жөргөмүштөр жазганды кайдан билмек эле. Алардын колунан эмне келет? – деп Шарлотта какшыктап койду.

– Урматтуу айымдар жана мырзалар! Мен силердин алтындай убактыңарды албастан, жарманкени уюштуруучулардын атынан жыйырма беш доллар өлчөмүндөгү атайын сыйлыкты Закерман мырзага, ал эми торопойго атайын ыраазычылык иретинде оюлган жазуусу бар коло медаль ыйгарууга уруксат этиңиздер. Ошондой эле бул жарманкедеги көпчүлүк адамдардын көңүлүн өзүнүн өзгөчө, кудуреттүү, жаркыраган, оор басырыктуу мүнөзү жана турпаты менен бургандыгын баса белгилеп кетебиз.

Мындай үстөккө-босток мактоону көтөрө албай, Уилбурдун башы айланып, эл дүркүрөтө кол чаап, кыйкырып сүрөй баштаганда, торопойдун буттары шалдырап, көздөрү караңгылап барып, эси ооп кулап түштү.

– Эмне болуп кетти? – деди алып баруучу. – Закерман мырза, эмне болуп жатат? Биздин торопоюбуз жайындабы?

Эвери Уилбурдун баш жагына чөгөлөп отуруп алып, сылап жатты. Ал эми Закерман мырза тегеренип чуркап, баш кийими менен желпип турду.

– Корко турган эч нерсе жок! – деди Закерман мырза. – Кээде ушундай боло берет. Ал өтө оор ба-



сыриктуу болгондуктан, ашыра мактап ийген учурда ушинтип көтөрө албай калат.

– Тилекке каршы, өлгөн торопойго биз сыйлык бере албайбыз. Мага демектен үч эсе оор басырыктуу болсун, – деди алып баруучу. – Бизде мындай учурлар болгон эмес!

– Торопой өлгөн жок! – деп Закерман мырза корс этти. – Ал жөн гана эстен танып жыгылып калды. Ал өтө сезимтал жана уялчаак. Лэрви, суу алып келчи!

Лэрви чуркаган бойдон суугa кетти.

Темплтон самандан башын кылтыйтып чыгарды да, Уилбурдун куйругунун учун көрүп, мыйыгынан күлүп:

– Эми карап тур, – деди да болгон күчү менен Уилбурдун куйругунан тиштеп алды.

Уилбурдун көзүнөн от чагылышып, ооруганына чыдабай, ордунан так секирип турду.

– О-ох! – деп торопой коркулдады.

– Ура-а-а!!! – деди турган эл сүйүнүп. – Торопой бутуна турду! Торопой эсине келди! Азамат! Закерман мырза, сенин торопоюңа чындап эле теңдеш торопой жок!

Элдин баары шаттанып, чар-тараптан кыйкырып атышты. Алардын ичинен Закерман мырза төбөсү көккө жетип, торопой эсине келгенин көрүп, терең дем алды.

Ал эми Темплтонду эч ким байкаган да жок. Келемиш мырза бул ирет ишин мыкты аткарып, чоң жакшылык кылды.

Ошентип, аянттын чок ортосуна колуна сыйлык көтөргөн калыстар тобунун мүчөсүнүн бирөө келип, Закермандын колуна эки он долларлык, бир



беш долларлык акчалай сыйлыкты ыйгарып, торопойдун моюнуна медалды илди. Ал Закермандын колун кысып жатканда, Уилбур кайрадан уялганынан кызарып кетти. Эвери да колун сунганда, жюри анын да колун кысып койду. Турган эл колдоп кыйкырып, кол чаап жатты. Ал эми сүрөтчү Уилбурду сүрөткө тартып атты.

Закерман жана Араблдардын үй-бүлөсүнө бакыт кушу конуп, калың элдин алдында сыйлык алгандарына абдан толкунданып турушту! Бул күн алардын өмүрүндөгү эң бактылуу көз ирмемдердин бири болуп калды.

Лэрви болсо шаша-буша бир чака сууну алып келип калган маалда, Уилбурду кайрадан жыгач кутусуна салып атышкан. Лэрви шашкалактап, көздөрү алачакмактап, чуркап келип, ай-буйга келбей эле чакадагы сууну чачканда, торопойго тийбей калып, Закерман мырза менен Эверинин башынан ылдый суу болуп туруп калышты.

– Шайтан алгыр! – деп кыйкырды шөмтүрөп суу болгон Закерман мырза. Карап турган эл аны көрүп, жыгылгыча күлүп жатышты. Эвери болсо ого бетер күчөнүп, маскарапозго окшоп куудулданып, элдин боорун эзип, күлдүрүп жатты. Ал душтун алдында тургандай түр кылып, кебетесин бузуп, таскактап секирип, колтук-башын самын менен жышып жаткансып, анан сүлгү менен сүртүнүп жаткансып, элди күлдүрүп жатты.

– Эвери, болду, жетишет! – деди апасы. – Калжаңдабай, токтот!

Элдер андан бетер күлүп, кол чапканына шыктанып, Эвери ого бетер күлдүрүп, күчөнүп алды. Ага көңүл чордонунда, аянттын чок ортосунда куудулданган жагып калды. Бир маалда чаканын түбүндөгү калган сууну куюнуп, кебете-кешпирин бузуп, элди карады. Чогулгандардын арасынан кичинекей балдар кубанычы коюндарына батпай, боору эзилгенче күлүштү.

Ошентип, эл бир аз тынчый түшкөндө, Уилбурду машиненин үстүнө салышып, Эверини апасы кургасын деп аны да жетелеп машинеге салды. Арабл мырза болсо шашпай, машинени кепени көздөй айдап жөнөдү. Эвери отурган жерге анын шымындагы суу сарыгып сиңе берип, чоң так калып калды.

# XXI. Акыркы күн

Баары Ферндн издеп кеткен маалда Уилбур менен Шарлотта жалгыз калышкан эле. Темплтон эчак эле уктап калган. Уилбур да күнү бою толкундана берип, чарчап калгандыктан эс алганы жаткан. Самсаалап моюнунда тагылган медалын көзүнүн кыры менен анда-санда карап коюп атты.

– Шарлотта, – деди Уилбур бир аздан кийин. – Сен эмне бүгүн сүйлөбөй калгансың?

– Мага тынч отурган жагып атат, – деди Шарлотта. – Негизи эле мен жеринен тынчтыкты сүйгөн жанмын.

– Бирок күндөгүдөй эмессиң го. Өзүңдү жакшы эле сезип турасыңбы?

– Бир аз чарчап турам. Эң негизгиси көңүлүм тынч. Себеби, сенин ийгилигиң – бул менин да жетишкендигим. Эми сенин келечегиң кең, эч нерседен кам санабай эле койсоң болот. Сага эч ким зыян келтире албайт. Күз келгенде, күндөр кыскарып, сууктай баштайт. Бактагы жалбырактар саргайып, күбүлүп түшөт. Исанын туулган күнү майрамы менен кошо кычыраган кыш да кирип келет. Сен мындан ары көп жашап, бул дүйнөнүн бардык жыргалчылыгын көрүп

жашайсың. Закерман мырза үчүн сен маанилүү орун ээлегендиктен, ал сага эч качан жамандык кылбайт. Анан кайрадан өлбөгөн жанга жаз келет дегендей, күндөр узарып, карлар эрий баштайт. Кайрадан куштардын сайраганы угулуп, бакалар чардап, сыдырым жел сого баштайт. Жаратылыштын кооздугунун баары, кубулжуган үндөр, аңкыган жыттардын баары сага тиешелүү болот. Уилбур, бул дүйнө керемет, ар бир жашаган мүнөт баа жеткис…

Шарлотта бир саамга унчукпай калганда, Уилбурдун көзүнө жаш тегерене түштү.

– Шарлотта, – деди торопой. – Мен сени менен алгач таанышканымда, сени таш боор жана канкор жан экен деп ойлогом. Уилбур ызасына муунуп, сүйлөй албай токтоп калды да кайрадан, – эмнеге сен бул жакшылыктардын баарын мага ыйгардың? Мен анте тургандай сага эч нерсе кылган жокмун го, – деди.

– Сен менин досумсуң, – деди Шарлотта, – достукка эч нерсе тең келе албайт. Сага арнап желе токуганымдын себеби – мен сени өтө жакшы көрөм. Акыры жашоо деген эмне? Биз туулабыз, кыска өмүр сүрүп, анан жашоо менен кош айтышабыз. Мага окшогон түрү суук жөргөмүштөр дүйнөдө көп эле кездешет. Маңдайыбызга жазылгандан кийин, ошентип, чымын-чиркей кармап, өмүр сүрүүгө туура келет экен. Жакшылык кылуу менен, ошол күнөөлөрүмдү бир жагынан жууганга аракет кылдым. Кудай билет, мен мүдөөмө жете алдымбы же…

– Кыскасы, мындай, – деди Уилбур. – Мен сага окшоп, сөзгө чебер эмесмин, кооз сүйлөгөндү да билбейм. Шарлотта, сен менин өмүрүмдү сактап калдың. Эми мен сен үчүн жанымды берүүгө даярмын. Чын айтам, керек болсо, өмүрүмдү да аябайм!

– Мен сага ишенем, Уилбур. Сенин тунук сезимдериңе таазим кылам.

– Шарлотта, – деди Уилбур. – Бүгүн биз үйгө кайтабыз. Жарманке бүттү. Кайрадан малкананын алдындагы койлорго, каздарды көрүүгө эки көзүм төрт болуп турат. Сен да кеткиң келип атабы?

Бир мүнөттөй жымжырт боло түштү да, Шарлоттанын үнү угулар-угулбас чыкты.

– Мен малканага кайтпай калам го, – деди жөргөмүш.

Уилбур селт эте түштү.

– Үйгө кайтпайм дегениң кандай? – деди торопой. – Шарлотта, эмнени айтып атасың?

– Менин ичер суум түгөндү, – деди Шарлотта. – Аркы дүйнөгө сапар тартууга саналуу эле күн калды. Кайрадан жыгач кутуга киргенге алым калган жок. Жерге түшкөнгө жеткидей жибим да түгөндү.

Уккан сөздөрү Уилбурдун жанын кейитип, ал солкулдап ыйлап жатты. Ызасына муунуп, үнү кырылдап чыкпай калганча ыйлады.

– Шарлотта, – деди ал онтоп. – Кагылайын, жан досум!

– Суранам, сабыр кылып, аша чаппа, – деп жөргөмүш суранды. – Кайрат кыл, Уилбур. Ыйлагандан пайда жок.

– Мен мындай кайгыны көтөрө албайм, – деди Уилбур шолоктоп. – Мен сени бул жакка кантип таштап кетем? Анда мен да сенин жанында калам.

– Жөнү жок кепти айтпачы, Уилбур, – деди Шарлотта. – Сен бул жерде кала албайсың. Азыр Закерман, Арабл жана Лэрви келишет да, сени машинеге салып, алып кетишет. Бул жерде кантип калмак элең. Жарманке бүтөрү менен бул жер ээнсиреп калат. Сага ким тамак берет?

Уилбур эмне кылар айласын таппай, кепенин ичин айланып, чуркап жүрдү. Бир маалда Уилбур шыптагы жөргөмүштүн жумурткалары салынган баштыкчасын көрүп, анын башына бир ой кылт этти. Эгер Шарлотта кеткенге мүмкүнчүлүгү болбосо, жок дегенде жумурткаларын ала кетүүнү чечти.

Уилбур кепенин оозуна келип, алдынкы туяктарын тактайга чыгарып, сыртты карады. Ал алыстан кепени көздөй келаткан Араблдар менен Закермандардын үй-бүлөсүн көрүп, тезирээк чара көрүшү керек экенин түшүндү.

– Темплтон кайда? – деди Уилбур.

– Бурчта, самандын алдында уктап атат, – деди Шарлотта.

Уилбур бурчка чуркап барып, тумшугу менен саманды челип туруп, келемишти саман менен кошо асманга көкөлөтө ыргытты.

– Темплтон, – деди торопой. – Бери карачы!

Темплтон алгач уйкусу ачыла электе таң калып, андан кийин ачуусу келе түштү.

– Бул эмне деген обу жок тамаша, – деп келемиш күңкүлдөдү. – Уктаганга да мүмкүнчүлүк беришпейт. Мени көкөлөтүп ыргытканга кандай акың бар?

– Мени жакшылап угуп турчу, – деди Уилбур. – Шарлоттанын абалы өтө оор. Анын өлөрүнө саналуу эле күн калды. Ал биз менен кайтканга шайы жок. Мен Шарлоттанын жумурткалары салынган баштыкчаны алып кетишим керек. Тилекке каршы, аны шыптан түшүрө албайм. Мага сенин жардамың керек. Азыр бир да секунд убактыбызды текке кетирүүгө болбойт. Элдер жакындап калышты. Темплтон, суранам, баштыкчаны өйдө жактан алып түшүп берчи!

Келемиш мырза оозун ачып эстеп алды да, муруттарын сылап, өйдө жактагы жумуртка салынган баштыкчаны жийиркеничтү карады.

– Ошондой дечи? – деди Темплтон. – Кайра эле баягы Темплтон тобокелге салышы керек экен да, ээ? Темплтон аны кыл, Темплтон муну кыл, Темплтон таштандыга чуркап барып келе гой, журналдын айрындысын алып кел, тор токуганга жип бере сал.

– Суранам, Темплтон, тезирээк болчу! – деп Уилбур жалбарып жатты.

– Тезирээк, Темплтон! Бол, Темплтон! Мен силерге эмнемин? Ал үчүн мага кандай сыйлык бергени жатасыңар? Ушул убакка чейин менин атыма жакшы сөз айттыңар беле? Жалаң эле урушуп, тилдеп, шылдыңдап келатасыңар. Келемишке бир жолу жакшы сөз айтып, көңүлүн алдыңар беле?



– Темплтон, – деп Уилбур айласы түгөнүп, жалынып жатты. – Эгер азыр куру сөзүңдү токтотуп, жардам кылбасаң, ишибиздин бүткөнү. Менин жүрөгүм жарылып, ушул жерден жан берем. Болчу, тезирээк алып түшчү, суранам!

Темплтон чоюлуп барып, кайра саманга кирип, алдынкы эки бутун башына коюп, арткы бутун учкаштырып жатып алды.

– Жүрөгү жарылып өлөт имиш, – деп ал какшыктап койду. – Азыр ыйлап жиберем го. Качан болсо сен мага өз жүгүңдү артып жүрөсүң. Бирок ушул жашка келип, келемиш үчүн бирөөнүн жүрөгү жарылып кеткенин көргөн эмесмин. Андай болушу мүмкүн да эмес. Карыган Темплтондун кимге кереги бар?

– Тур ордуңдан! – деп Уилбур чаңырды. – Кичинекей балага окшоп, кежирлене бергениңди токтот!

Темплтон мыйыгынан күлдү да, ордунан козголуп да койгон жок.

– Таштандыга буту үзүлгөнчө чуркап жүргөн ким? – деди келемиш. – Баягы эле картаң Темплтон, туурабы? Сасыткы менен бейбаш баланы коркутуп, Шарлоттанын өмүрүн сактап калган ким? О-о-о, Кудай, албетте, баягы эле Темплтон да! Калың элдин алдында эстен таныып жатканда, куйругуңдан тиштеп, эсиңе келтирген ким? Кайра эле Темплтон. Кичи пейилдик кылып, баарына чуркай берген менин көкөйүмө көк таштай тийди. Мен эмне, силерге малай белем?

Келемиштен жардам болоруна көзү жеткен Уилбур эл жакындаган сайын айласын таппай, чыйпыйы чыгып турду. Бир маалда Уилбур Темплтондун соргоктук жайын эстей койду да:

– Темплтон, – деди торопой. – Шарлоттанын жумуртка салган баштыкчасын алып түшсөң, мындан ары Лэрви алып келген жугундунун алдын сага берем. Сен тоё жемейин, акырдын жанына да басып барбайм деп сөз берем.

Темплтон жаткан жеринен туруп, отуруп алып уга баштады.

– Жалган айткан жоксуңбу? – деди келемиш.

– Чыпчын айтып атам. Кааласаң, жүрөгүмдү кармап, сөз берейин!

– Болуптур, сүйлөштүк, – деди Темплтон.

Ал дубалдын түбүнө келип, өйдө тырмышып чыга баштады. Түндө жеген тамагы сиңе элек болгондуктан, курсагы дагы эле чандайып турду. Онтолоп атып, баштыкчага араң жетти. Шарлотта болгон күчүн жыйнап, келемиш баштыкчаны алып алсын деп, нары жылды. Темплтон баштыкча илинип турган жипти тиштегилеп, кырча баштады. Уилбур болсо чыдамы кетип, ылдый жактан карап турду.

– Абайла! – деди торопой. – Жумурткалар сынбасын.

– Түф-түф! Оозума да кирип кетти, – деп Темплтон күңкүлдөп атты. – Момпосуйдай жабышчаак турбайбы.

Акыры келемиш баштыкчаны жибинен ажыратып, ылдый түшүрдү да, Уилбурдун алдына ыргытып койгондо гана, Уилбур терең дем алды.

– Рахмат, Темплтон, – деди Уилбур. – Бул жакшылыгыңды өмүр бою унутпайм.

– Мен дагы, – деп келемиш ызырынып койду. – Бүтүн чыгырык жеп алгансып, оозумдан даамы кетпей калды. Эми эмне, үйгө кетебизби?

Темплтон жыгач кутудагы самандын алдына кирип кетери менен, кепеге ээрчишип, Лэрви, Арабл жана Закерман, артынан жубайлары, балдары менен кирип келишти. Уилбур баштыкчаны алып кетүүнүн жолун ойлонуп койду. Аны алып кетүүнүн жалгыз жолу – оозуна абайлап салып,

тилинин учуна келтирип барыш керек болчу. Шарлотта баштыкча бышык, ага суу кирбейт деген сөзүн эстеди. Бир жагынан, Уилбурдун  тилинин учу кычышып, кытыгысы келсе, экинчи жагынан, сүйлөй албай турду. Торопойду кутусуна түртүп сала баштаганда, ал Шарлоттаны карап, көз кысып койду. Шарлотта Уилбур аны менен коштошуп жатканын, эң негизгиси балдарын коопсуз жерге алып бараткаанын түшүнүп, көңүлү тынчып турду.

– Кош бол! – деп жөргөмүш акырын шыбырады да, акыркы күчүн топтоп, алдынкы бутун булгалады.

Андан кийин Шарлотта кыймылдаган жок. Эртеси каруселди жыйнап, аттарды машинелерге жүктөп, оюн-зоок койгондор көчмө үйлөрүн машинелерге жүктөп, жүк ташыгычтарды чиркеп кете баштаган кезде, Шарлотта бул дүйнө менен кош айтышты. Жарманкедеги серелер, текчелер ээнсиреп, элдин баары тарап кетти. Ар кай жерде таштанды, бөтөлкөлөр чачылып жатты. Тилекке каршы, жарманкеге келгендердин бири да ушул кичинекей жөргөмүш кылган зор иштен кабардар болгон жок. Ал акыркы сапарга узап жатканда, жанында башын жөлөгөн бир да жан болгон жок.

# XXII. Сыдырым жел

Ошентип, Уилбур өзүнүн жылуу-жумшак, кык төшөлгөн чочкоканасына кайтып келди. Анын моюнунда медалы салаңдап, оозуна жөргөмүштүн баштыкчасын тиштеп келгени кызык көрүнүш эле. Жарманкеге барган кызыктуу болгону менен, өз кепеси өлөң төшөгүнө эч нерсе тең келбейт деген ой менен, беш жүз он төрт жумуртка салынган баштыкчаны аярлап жерге койду. Кепенин ичиндеги тааныш жытты улам искеп атты. Анын кайтып келишине коңшу койлор менен каздар да кубанып турушту.

Каздар бир ооздон:

– Зор-зор-зор ийгилик-ийгиликтериң менен куттук-куттук-куттуктайбыз! – деп каркылдап атышты.

Закерман мырза басып келип, торопойдун моюнундагы медалды чечти да, баарына жана Уилбурдун өзүнө да көрүнгөн жерге, өйдө жакка илип койду.

Ал жыргап-куунап жашачу мезгил келди. Закермандын сойбой турганына көзү жетип, Уилбур коркуу сезиминен кутулуп, барган сайын семире баштады. Шарлоттанын эски желесинен калган эшиктин оозунда салаңдаган жиптерди карап, Уилбурдун

көзүнөн жаш тегеренип кетчү. Анын досу эң назик, чыныгы, жанын берүүгө даяр дос экенин ар дайым эстеп, эч нерсеге теңечү эмес.

Күз келип, күндөр кыскара баштады. Лэрви үшүк алган ашкабактарды жулуп келип, малкананын тактайына коюп алып туурап жүрдү. Зараң жана ак кайыңдын сары түс жамынган жалбырактары, сыдырым жел жүрсө эле күбүлүп, жерге биринин артынан бири түшүп атты. Алма бактын түбүнө күбүлүп түшкөн алманы койлор, каздар жеп жыргап, түнкүсүн түлкүлөр ууруга киришчү болду.

Бир күнү Исанын туулган күнү майрамынын алдында калың кар түшүп, үйлөрдү, малкананы, талааны, токойлордун баары кар жамынып жатты. Карды мурда көрбөгөн Уилбур сүйүнүп, короого чуркап чыкты да, тумшугу менен тилке-тилке кылып, жол салып койду. Ферн менен Эвери болсо, чаналарын сүйрөп келишип, малкана жактагы дөңдөн ылдыйдагы тоңгон жасалма көлмөнү көздөй тээп жатышты.

– Баарынан мага чана тепкен жагат, – деди Эвери.

– Мага болсо каруселге Генри менен түшүп, эң чокусуна чыкканда, бардыгы алаканга салгандай көрүнүп турганы жагат, – деди Ферн.

– Сен дагы ошол каруселди унута элексиңби? – деп Эвери бышкырып койду. – Жарманке болгондон бери канча убакыт өттү.

– Мен унута элекмин, – деди Ферн кулагына кирген карды күбүп жатып.

Исанын туулган күнү майрамынан кийин кычыраган суук башталды. Талаанын баары аппак болуп, тоңуп турду. Уйлар кечке кепеден чыкпай, анда-санда гана эртең менен күндүн көзү көрүнгөндө, кожоюндар бир аз убакытка айдап чыгып коюшчу. Алар суук шамалдан далдаланып, чөпкө жөлөнүп турушчу. Койлор да алыс кетпей, малкананын дубалынын түбүндө турчу. Ал эми суусаганда, күтүрөтө кар жеп алышчу.

Каздар короодо сейилдеп жүргөндө, Закерман мырза жүгөрү же шалгам берип койгондуктан, топтошуп ашкананын оозуна келип алышчу болду.

– Рах-рах-рахмат! – деп айткансып, каркылдап бир топко турушчу.

Кыш келгенде эле Темплтон кампанын ичине кирип кеткен. Акырдын алдындагы ийининен үшүгөндүктөн, кампадагы буудай салынган үкөктөрдүн ичин уялап алган. Келемиш алдына чүпүрөк-чапырак, гезиттин айрындыларын сүйрөп келип төшөп, көргөн акыр-чикирдин баарын ал жакка ташып келе баштаган. Ал Уилбурга күнүнө үч жолу тамак ичкени келип, Уилбурдун убадасы боюнча тамак жеп, курсагын кампайтып, анан кетип жүрдү. Качан гана келемиш тойгонунан жей албай, кулгуй баштаганда гана торопой калган тамакты жечү. Бара-бара Темплтон барсайып семирип кетти. Буга чейин анын тукумундагы бир да келемиш мынча семирген эмес эле.

Анын көлөмү барган сайын чоңоюп, токой сууру менен тең болуп калды.

Бир күнү келемиштин семирип кеткенин байкаган картаң кой:

– Аз жесең – көп жашайсың, – деп келемишке эскертти. Бирок Темплтон бул сөздү кулагынын сыртынан кетирип, жактырбай бышкырык атып:



– Түбөлүк жашаган жан көрдүңөр беле? Мен табиятымдан соргокмун. Ошондуктан менин бир тойгонум – байыганым. Андан өткөн менин жашоомдо жыргал жок, – деди да Темплтон алдынкы буту менен курсагын сылап, койго мыйыгынан күлдү да, чатырга чыгып кетти.

Кыш бою Уилбур жумурткалардын баштыкчасын өз балдарындай кайтарды. Ал жумурткалар үшүбөсүн деп, кыкты оюп, аны көмүп, ал эми түндө катуу суук болгондо, кошо алып жатып, деми менен жылытып жүрдү. Уилбур үчүн баштыкчадан артык бул дүйнөдө эч нерсе жок болчу. Кыш бүткөнчө сабырдуулук менен жөргөмүштөрдүн чыкканын күтүп жүрдү. Турмушта бир нерсени күтүп, үмүт менен жашасаң, анын баркы ошончолук артат эмеспи. Уилбур үчүн да дал ошондой болду. Ошентип, кыш да аяктады.

– Бүгүн мен бакалардын чардаганын уктум, – деди кой. – Тыңшасаңар!

Уилбур кулагын түрүп, бир ордунан козголбой, бакалардын ызы-чуу болуп чардаганын тыңшап атты.

– Жаз келди, – деди кой ойлуу. – Өлбөгөн жанга дагы бир жаз келди.

Кой акырын басып, короого чыкты. Артынан бир нече саат мурун гана туулган козусу жанында секирип, оюн салып атты.

Кар эрип, арыкта суу шылдырап агып турду. Төшү жол-жол болгон таранчы бакка конуп, сайрап атты. Күн узарып, күндөн-күнгө жылый баштады. Малканада койлор төлдөп, күнүгө бир козу туулуп атты. Каз болсо бул жолкусунда он жумуртка басып жатты.

Кыш менен кошо эски желе да шамал менен бир жакка учуп, жок болду.

Бир күнү таң атпай Уилбур жугундусун ичип бүтүп, жөргөмүштүн баштыкчасын карап турган. Эч нерсени капарына албай турса, баштыкчанын ичинен бир нерсе кыймылдагандай болуп кетти. Жанына жакын келип караса, ичинен кымындай жөргөмүш чыкты. Жөргөмүштүн көлөмү бир бүртүк кумдан чоңураак, төөнөгүчтүн башынан кичирээк болчу. Анын тулку бою боз, ылдый жагында гана кара сызыктары бар эле. Буттары болсо бозомук күрөң тартып турду. Ал Шарлоттага куюп койгондой окшош эле.

Уилбур башын эңкейтери менен жөргөмүш алдынкы бутун булгалап койду. Уилбур көргөн көзүнө ишене албай, андан бетер тигилип карай баштады. Анын артынан дагы эки жөргөмүш чыгып, алар да Уилбурга буттары менен жаңсап коюшту. Жаңы дүйнө менен таанышып, жандары тынбай баштыкчаны айланып, чуркап жүрүштү. Алардын артынан экиден, үчтөн, төрттөн, ондон болуп атып, акыры Шарлоттанын балдарынын баары жарык дүйнөгө келишти.

Уилбурдун жүрөгү элеп-желеп болуп, чаңырып, кыкты чачып, чуркап жүрдү. Артты көздөй бир чимирилип алып, алдынкы буттары менен таканчыктап, Шарлоттанын балдарынын маңдайына, тикирейип туруп калды да:

– Салам, балакайлар! – деди торопой.

Жумурткадан биринчи чыккан жөргөмүш алик

алганы менен, үнү абдан ичке болгондуктан, угулар-угулбас эле бир доош келип атты.



– Мен апаңардын эски досумун, – деди Уилбур. – Силерди көргөнүмө абдан кубанычтуумун. Жашоо кандай? Баары жайындабы?

Жөргөмүштөр буттарын булгалап коюшту. Уилбурдун баамында, алар да аны менен таанышкандарына өтө кубанычтуу эле.

– Силерге эмне жардам керек? Бир нерсе керек болсо, тартынбай айта бергиле, – деп Уилбур кошумчалады.

Жөргөмүштөр жооп бербестен, буттарын булгалап коюшту да, өйдө-ылдый чуркай башташты. Уилбурду көргөн сайын буттары менен жаңсап коюп, узун жиптерди чубап, жаңы үйгө үйүр ала

башташты. Алар быжырап, өтө көп болгондуктан, санап чыгууга мүмкүн эмес болчу. Бирок Уилбур сан жеткис көп дос күткөнүнө чексиз кубанычта болуп жүрдү. Күн өткөн сайын жөргөмүштөр билинбей чоңоюп, апасы менен тең болуп калышты. Баштыкчанын жанына алар ичке желелерди катары менен токуп коюшту.

Бир күнү эртең менен эрте Закерман келип, түндүк тараптагы эшикти ачары менен, малкананын ичи ным болгон жердин, карагайдын, жазгы жылуулуктун жытына толду. Жөргөмүштөр да жылуу абаны сезишип, тосмонун эң бийик жерине чыгып, бутун асманды каратып турушуп, артынан чубалган ичке жиптерди чыгара башташты. Жибек сымал жип шардай болуп тоголоктошуп, сыдырым жел менен кошо жөргөмүштү учуруп жөнөдү. Муну карап турган Уилбурдун таң калганынан, оозу ачылып калды.

– Кайыр кош! – деп жөргөмүш чыйылдаган бойдон, эшиктен жай калкылдап, учуп чыгып баратты.

– Токтой турчу! Сен каяка жөнөдүң? – деп Уилбур кыйкырды.

Бирок жөргөмүштүн караанын бир заматта көрүнбөй калды. Анын артынан улам бири дубалдын кырына чыгып, жиптерин чубап, учуп кете башташты. Асманда майда шарлар толуп, алардын ар биринде бирден жөргөмүш жармашып баратты.

Шарлоттанын балдары биринин артынан бири ээ бербей учуп кеткенине, Уилбур селдейип, эмне кыларын билбей туруп калды.

– Артка кайткыла! Кайтып келгиле деп жатам! – деп Уилбур алардын аркасынан кыйкырып атты.

– Кош бол! Кайыр кош! – деп жөргөмүштөр жооп берип атышты.

Акырында калган жөргөмүш шар жасардан мурун токтоп, Уилбур менен сүйлөшүүнү чечти.

– Биз сыдырым жел менен асманга көтөрүлүп, учабыз. Биз учкуч жөргөмүштөрбүз. Дүйнө жүзүнүн бардык булуң-бурчтарына тарап, ал жерлерге желе тартабыз, – деди ал жөргөмүш.

– Каяка учуп кетип атасыңар? – деди Уилбур.

– Шамал каяка учурса, ошол жакта калабыз. Шамал досубуз бизди бирде өйдө, бирде ылдый учуруп, түндүк, түштүк, чыгыш, батыш тарапка алып кетет.

– Баарыңар учуп, ар кай жакка тарап кетесиңерби? – деди Уилбур. – Жок дегенде бирөөңөр менин жанымда калбайсыңарбы. Силер жок убайым чегип, өлүп калам го. Апаңардын руху деле мени менен бирөөңөрдүн калышын каалап жаткандыр.

Абада учуп жүргөн шарлардан кепенин шыбын туман каптагандай болуп турду. Шарлар он экиден асманга көтөрүлүп, айланып туруп, шамал менен сыртты көздөй учуп чыгып атышты. «Кайыр кош! Кош болгула!» деген кыйкырыктар уламдан-улам алыстап, угулбай калып атты. Уилбур мындайды аягына чейин карап тура алган жок. Кайгыдан жүрөгү эзилип, жерге кулап түштү да, көздөрүн жумду. Шарлоттанын балдары таштап кетип, Уилбурдун заманы куруп турду. Шолоктоп ыйлап атып, торопой эмне болуп уктап

кеткенин билбей калды. Турса, күүгүм кирип калыптыр. Жөргөмүштүн баштыкчасын караса, бош турат. Өйдө жакты караса, шарлар да көрүнбөйт. Маанайы чөгүп, мурда Шарлоттанын желеси турган жерге басып келди да, досу эсине түштү.

Бир маалда Шарлоттанын желеси турган жерден ичке үн чыкты.

– Салют! Мен өйдө жактамын.

– Мен дагы, – деди дагы бир үн. – Бул жерде үчөөбүз калдык. Себеби бул жер бизге абдан жакты. Анан сен да бизге жагып калдың!

Уилбур элеңдеп өйдө жакты караса, Шарлоттанын үч кызы, үч жерде ичке желе тартып атышыптыр.

– Эгер мен туура түшүнгөн болсом, – деди Уилбур расмий сүйлөп, – бул силердин акыркы чечимиңер болсо керек. Силер бул кепени өзүңөрдүн туруктуу жашай турган жериңер катары тандап алдыңар. Мындан ары мен жаңы үч дос күттүм деп эсептей берсем болобу?

– Албетте, – деп эже-сиңдилер бир ооздон жооп беришти.

– Силердин атыңар ким? – деди Уилбур сүйүнгөнүнөн калтырап.

– Менин атым Шаттык, – деди биринчи жөргөмүш.

– Апамдын атындагы экинчи тамга кайсы эле? – деди экинчи жөргөмүш.

– «А» тамгасы, – деди Уилбур.

– Анда менин атым Аранея болот.



– Анда менин атым ким болсун? – деди үчүнчү жөргөмүш. – Мага өтө узун эмес, өтө татаал эмес, тил сынбачудай, жакшы ат тандап бергилечи.

Уилбур ойлонуп калды.

– Нелли болсунбу? – деди ал.

– Сонун ат экен, – деди үчүнчү жөргөмүш. – Мага абдан жакты. Мени Нелли деп чакыра берсең болот, – деди да, жөргөмүш желенин жиптерин кылдаттык менен бири-бирине жармаштырып койду.

Уилбурдун төбөсү көккө жетип, мындай кубанычтуу окуянын урматына салтанаттуу сөз сүйлөп коюну туура көрдү.

– Кымбаттуу Шаттык, Аранея жана Нелли! – деп Уилбур сөзүн баштады. – Алгач биздин кепебизге

кош келдиңер демекчимин. Силер желе салуу үчүн тандап алган бул эшиктин үстү абдан ыйык жер. Силердин апаңар менин жүрөгүмдө олуттуу орунду ээлегендигин жашыра албайм. Мен ага өмүрүм өткөнчө таазим кылам. Апаңар абдан акылдуу, сулуу жана ишенчиликтүү жан эле. Анын элеси менин жүрөгүмдө түбөлүк сакталып калат. Шарлоттанын кыздарына түбөлүк жана чыныгы дос болууга сөз берем.

– Сөз берем! – деди Шаттык.

– Мен дагы, – деди Аранея.

– Мен да, – деди Нелли. Анын ортосунда ал чиркей кармаганга жетишип калды.

Бул күн Уилбур үчүн эң бактылуу күн эле. Анын артынан андан да бактылуу, тынч күндөр өтүп атты.

* * *

Убакыт учкан куштай өтүп, айлар жылга алмашып жатты. Уилбур жашоосун досторунун жанында, бирге өткөрдү. Ферн болсо кепеге сейрек келе баштады. Ал бой жетип, мурунку балалык адаттарынан, мисалы, эртеден кечке торопойдун жанынан жылбай отургучта отура берчү адаттарынан арыла баштады. Ал эми Шарлоттанын балдары, неберелери, чөбөрөлөрү, ал тургай кыбыралары да эшиктин үстүндө желе тартып жашоосун улантып атышты. Жыл сайын жаз айында жумурткадан жаңы жөргөмүштөр чыгып турушту. Жөргөмүштөрдүн

көпчүлүгү шар менен учуп кетип, бирок эки-үчөө сөзсүз эшиктин үстүнө желе тартып, Шарлоттанын үйүн ээнсиретпей калышчу эле.

Закерман мырза болсо өмүрүнүн аягына чейин Уилбурга кам көрүп, багып келди. Анда-санда Закерман мырзанын ошол кездеги торопойдун жеңишин, желедеги сырдуу белгини унутпаган жоро-жолдоштору, тааныштары кирип калышчу. Кепеде күн түнгө алмашып, кыштын артынан жаз келип, жайдын артынан күз келип, кээде бейпил же шаттуу, кээде суз жашоо өтүп жатты.

– Жашоо керемет, – деди Уилбур өзүнчө. – Дүйнөдө мен жашаган жылуу-жумшак, кыйкырчаак каздары бар, кыштын артынан жаз келип, күн өз нуруна бөлөп турган, чабалекей тынбай учкан, келемиш карсылдата кемирип турган, көңүлү суз койлор ээлеген, кичи пейил жөргөмүштөр уялаган, кык жыттанган, эч нерсе тең келбеген кепемден өткөн жер болбосо керек.

Ошентип, Уилбур Шарлоттаны өмүр бою унуткан жок. Ал досунун балдарын жана неберелерин абдан жакшы көргөнү менен, анын жүрөгүндөгү Шарлоттанын ордун эч ким толуктай алган жок. Анткени Шарлоттага тиешелүү ушундай даанышмандык, билгичтик жана чечендик сапаттар бардык эле чыныгы достордун арасында кездеше бербейт.

АЯГЫ



«Шарлоттанын желеси» жаш жеткинчектер үчүн тарбиялык мааниси бар, жарым фантастикалуу, гуманисттик чыгарма.

Чыгарманын баш каарманы кичинекей жөргөмүш Шарлоттанын табигый жөндөмү аркылуу башкалардын өмүрүн сактап калуу үчүн өз өмүрүн аябай, жанын үрөгөн ак ниет образды көрүүгө болот. Ошондой эле тестиер кыздын, торопойдун, келемиштин, каздардын, койлордун ж.б. образдары терең ойго салып, сезимдин тереңинен орун алат.



Китеп жеткинчектерге арналат.